Кырг
К19

Калиман Кадыбаева

# Эстен кеткис күндөр

КАЛИМАН КАДЫБАЕВА

# ЭСТЕН КЕТКИС КҮНДӨР

"Улуу Тоолор"
Бишкек – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 19

Китептин басылып чыгышына салым кошкон Кочкор УОСунун инженери Бейшеев Мундузга Жараткан узун өмүр, ден соолук, үй-бүлөлүк бакты-таалай берсин деп автор ыраазычылыгын билгизет.

**Калиман Кадыбаева**
**Эстен кеткис күндөр.** – Б.: Улуу Тоолор, 2016. – 176 б.

К 19

ISBN 978–9967-15-984-7

Автордун бул китеби болгон окуяларга негизделип жазылып, өткөндөрдү эске салуу менен, адамдык нарк-насил жана оош-кыйыш жашоодогу түрлүү тагдырлар чагылдырылган.

К 4702300100-17

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-984-7

©Кадыбаева К,. 2016

## ТАГДЫРДЫН ТААСЫН БАЯНЫ

Тагдыр тууралуу, асыресе, чиеленишкен тагдырлар тууралуу жазылган китептер аз эмес. Көп учурларда аларда ашыкча сентименталдуулук, өтө эле аянычтуу, өтө эле көңүлдү эзген окуялар басымдуулук кылып, кантсе да окурмандын боорун оорутуу аракеттери болот. Ырас, турмуш-жашоо ошонусу менен татаал. Бирок, автор каарманынын тагдырдын кыйын-кыстоо сыноосунан канчалык кайраттуулук, канчалык чыдамкайлык менен өткөнүн көрсөтө билсе — чыгарма таасирдүү да, ишенимдүү да чыгат.

Калиман Кадыбаева чыгармачылык тажрыйбага мол болбосо да, адам жан дүйнөсүнүн сырларын кандайдыр бир даражада кылдат өздөштүрүп алгандай. Каармандарын ичинен да, сыртынан да дурус билгендей таасир калтырат. Ырас, алар таптакыр эле ойдон чыгарылган кейипкерлер эмес. Өзүнүн айылдаштары, сыр билги курбу-курдаштары... Демек: аларды тааныш тургай, бейтааныш окурманы жазбай таанып алат. Анткени, бир катарынын баатырлык эмгек жолу республикага качантан айгин.

Менимче, китептеги окуялар, айрыкча, жашы улгайып калган адамдарга өткөн сонун учурларды, санжыргалуу заманды, эрдик, кужурмөн эмгек, ар-намыс, татыктуу бааланган доорду, биринчи сүйүүдөн кайтадан эске салганы менен да кымбат. Элибизде "Жакшынын жакшысын айт" деген акылман кеп бар. Бүгүнкүнүн тили менен айтканда: адамды негативдүү нерселер — чөктүрүп, позитивдүү нерселер — шердентет. Демек, К. Кадыбаеванын алган багыты туура, колдоого арзый турган жөрөлгө.

*Токтосун Самудинов, акын.*

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 19

Китептин басылып чыгышына салым кошкон Кочкор УОСунун инженери Бейшеев Мундузга Жараткан узун өмүр, ден соолук, үй-бүлөлүк бакты-таалай берсин деп автор ыраазычылыгын билгизет.

**Калиман Кадыбаева**
**Эстен кеткис күндөр.** – Б.: Улуу Тоолор, 2016. – 176 б.

К 19

ISBN 978–9967-15-984-7

Автордун бул китеби болгон окуяларга негизделип жазылып, өткөндөрдү эске салуу менен, адамдык нарк-насил жана оош-кыйыш жашоодогу түрлүү тагдырлар чагылдырылган.

К 4702300100-17

УДК 821. 51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-984-7

©Кадыбаева К,. 2016

## ТАГДЫРДЫН ТААСЫН БАЯНЫ

Тагдыр тууралуу, асыресе, чиеленишкен тагдырлар тууралуу жазылган китептер аз эмес. Көп учурларда аларда ашыкча сентименталдуулук, өтө эле аянычтуу, өтө эле көңүлдү эзген окуялар басымдуулук кылып, кантсе да окурмандын боорун оорутуу аракеттери болот. Ырас, турмуш-жашоо ошонусу менен татаал. Бирок, автор каарманынын тагдырдын кыйын-кыстоо сыноосунан канчалык кайраттуулук, канчалык чыдамкайлык менен өткөнүн көрсөтө билсе — чыгарма таасирдүү да, ишенимдүү да чыгат.

Калиман Кадыбаева чыгармачылык тажрыйбага мол болбосо да, адам жан дүйнөсүнүн сырларын кандайдыр бир даражада кылдат өздөштүрүп алгандай. Каармандарын ичинен да, сыртынан да дурус билгендей таасир калтырат. Ырас, алар таптакыр эле ойдон чыгарылган кейипкерлер эмес. Өзүнүн айылдаштары, сыр билги курбу-курдаштары... Демек: аларды тааныш тургай, бейтааныш окурманы жазбай таанып алат. Анткени, бир катарынын баатырлык эмгек жолу республикага качантан айгин.

Менимче, китептеги окуялар, айрыкча, жашы улгайып калган адамдарга өткөн сонун учурларды, санжыргалуу заманды, эрдик, күжүрмөн эмгек, ар-намыс, татыктуу бааланган доорду, биринчи сүйүүдөн кайтадан эске салганы менен да кымбат. Элибизде "Жакшынын жакшысын айт" деген акылман кеп бар. Бүгүнкүнүн тили менен айтканда: адамды негативдүү нерселер — чөктүрүп, позитивдүү нерселер — шердентет. Демек, К. Кадыбаеванын алган багыты туура, колдоого арзый турган жөрөлгө.

*Токтосун Самудинов, акын.*

## АКЫЛАЙ

Жайдын толук кези. Бишкекте күндүн аптабы мээ кайнатат. Автобекетте автобус, жеңил машинелер мындан, жүргүнчүлөр андан көп. Бекетте турган адамдардын бардыгы керектүү багытына эртерээк жол тартууга ашыгышат. Туруктуу жашоочулар көнүп калат окшобойбу. Сырттан келгендер шаарга жумуш бүткөнчө араң чыдап, кайра кеткенче шашабыз. Мен да Кочкорго жөнөөчү таксинин жанындамын. Жубайымды ооруканага жаткызып келатам. Жаш кезинен буту-колу оорулуу. Аңгыча: "Кара-Колго кетчү такси кайсы?" деп, кулакка тааныш назик үн жакын жерден угулду. Капырай, чын эле тааныш үн деп, жан-жактарыма көз чаптырдым. Ооба, жаңылбаптырмын. Арадан ушунча көп жылдар өтсө дагы, жылмайган жүзү көз алдымдан, үнү кулагымдан кетпей, балалык элеси жүрөгүмдө сакталып келе жаткан Акылай! Чын эле Акылай экен! Эмне кылаарымды билбей туруп калсам керек. Айдоочу: "Ай ата! Отура бериңиз, бир киши келе калса эле кетебиз" деп такылдады. Эсиме келип: "азыр" деген боюнча Акылай жакка кадам таштадым. Ал дагы мени тааный койду.

— Самат агай, саламатсызбы?

Жоодурай карап, басып келип, колун сунду. Колу колума тийгенде эмнегедир дене-боюм ысып чыкты.

— Саламат, Акылай! Өзүң кандай жүрөсүң, айланайын?

— Жакшымын, агай.

Жанында өзүнө окшош 12-13 жаш чамасындагы татынакай кыз ээрчип жүрөт. Таң калыштуусу — Акылайдын чачы айылда көрүп жүргөнүмдөй узун боюнча экен. Бир аз

суюлуп, ак чалып бараткан өңдүү. Жүзү баягыдай жылдыздуу, көздөрүнөн учкун чачырап, келбети татынакай, кийген көйнөгү да өзүнө жарашып турат.

Акылай апамды, айылды сурап жатты. Апамдын көзү өткөнүнө көп жыл болгондугун угуп аябай кейиди. Анан өзү жөнүндө сураганымда ал буларды айтты:

— Армиядан келген көлдүк жигит менен чогуу окуп, окууну бүткөндө баш кошконбуз. Ата-энеси жөн билги, бардар адамдардан экен. Жолдошум алты бир туугандын улуусу болгондуктан, биздин жогорку билимге ээ болушубузга шарт түзүп беришти. Экөөбүз Москвадагы жогорку окуу жайынын бирине Фрунзеден экзамен тапшырып, өтүп кеттик. Окууну бүткөндөн кийин ошол жакта иштеп калдык. Жолдошум бизнесмен, мен орто окуу жайында мугалиммин. Эки балалуу болдук. Назгүл — уулубуздун кызы. Кызыбыз да турмушта. Жолдошум иштен бошобой, неберем экөөбүз көлгө эс алганы келатабыз.

Эңкейип небересинин чекесинен сүйдүм. Аңгыча айдоочу: "Кеттик, ата!" деди.

— Кош, Акылай! Аман жүр!..

Эмне дейин, башка сөз оозума келбеди. Акылайды кылчактай карап, балачактан көңүлүмдө аздектеп келаткан бойтумарымды түшүмдө көргөн сыяктуу таксини көздөй бастым. Айдоочунун жанындагы орунтукта отуруп кетип бара жатам. Тез эле шаардын сыртындагы чоң жолго чыктык. Эки жакты караган болом. Эгин, жашылча талаасы. Арасында суу жайган сугатчылар жүргөнсүйт. Кимдер менен баратканыма кызыгып, көңүл да бөлгөн жокмун. Өзүмчө эле терең ойдун кучагындамын. Дудук адамдай үн катпайм. Мен эс тарткандан баштап, Акылай жана анын үй-бүлөсү тууралуу уккандарым, кошуна жашап ынтымактуу өткөргөн балалык таттуу күндөрүбүз шурудай тизилип, көз алдыма тартылууда...

* * *

...Согуштун басылганына жакында бир жыл болот. Жаздын алгачкы айы жаңы башталган. Ортоктун кара тоосунун күн чыгыш тарабындагы коктуларда мал багып жашашкан адамдарга Күн тоону ашса эле кеч киргенсийт. Бүгүн да кеч кирейин деп калган маал. Сыртта сары кар аз-аздан себелөөдө. Кочкор Ата мазарына жакын коктуда жашаган Курманаалынын келини кыз төрөп, эки күндөн бери тону түшпөй кыйналып жатат. Он беш чакырымдай алыстыкта турган Чолпондо Сайра аттуу догдур аял бар. Ага деле киши жиберилбеди. Болгону Бугучудагы Жамыйланын ата-энесине кыштакка бара жаткан Шамшылыктардан айттырып жиберишти.

Бир маалда аркы чоң жолдо, Шамшы тарапка бараткан аял негедир Курманаалыныкын көздөй бурулду. Аялды чакыргандай киши болгон эмес. Жашы орто жаштан өтүп калыптыр. Түз эле үйгө кирип келип, көзү караңгылап, баканга сүйөнө кыйналып жаткан жаш келинди үч жолу тегеренип, көчүккө тээп койсо тону түшүп калды. Бечара келиндин жаны жай алып: "Суу!" деди. Тигил аял: "Суу бербегиле! Сүттөгөн мелүүн чай жуткургула. Эбепке себеп деген ушул. Шамшыдагы бир тууганымдыкына бара жаткам. Кочкор Ата мазарынан өтө бергенде ушул үйгө кайрылгым келди. Көрсө, мени бул жакка Кудай айдап келген тура. Эс алып каласың, айланайын! Төрөтүң оор болгон экен. Эми басайын". Аял астындагы чайды ууртап бүтүп жолуна чыкты. Аялдын аты-жөнүн эч ким сураган жок.

...Кызынын оор абалын уккан Бугучудагы Салкындын айласы куруп кетти. Балдардын жамандыгын көп көрүп, дегеле өлүмдөн жүрөгү калган куурагыр кошунасы, бир чекеси жакын курдашы Жибекке иштин чоо-жайын түшүндүрдү. Абышкасына көз салып коюусун өтүнүп, Чолпонго жөө жөнөдү. Жибектин күйөөсү согуштан катуу жаракат алып

келип, каза болгонуна төрт жылга аяк басты. Уулу атасы согушка кеткенге чейин бир жашында тумоодон чарчап калган. Жибектин азыркы караган-карманганы төрт жаштагы жалгыз Саматы.

Салкын Чолпондон Сайра деген догдур келинди эки чакырымдай аралыктагы Кара-Булуңдагы Курманаалынын кына ээрчитип келсе, Жамыйланын тону кечээ кечинде түшүп, жаны тынчыгансып калыптыр. Бирок катуу кыйналганы байкалып турат. Өңү куп-куу. "Кан көп кетиптир, келинди жакшы тыңытыш керек", деди Сайра. Курманаалы Сайрага токулуу атын мингизип, кайнисин учкаштырып Чолпонго жөнөттү. Салкындын баамында кудагыйы Асылкандын, кудачасы Жаңылкандын да кабагы салыңкы. "Нарисtелүү болуп жатышып, бул эминеси? Булардын үйүндө бала деле жок эмеспи?!"

...Бул үй Жамыйланын кайын эжеси менен кайын жездесиники. Кайын эжесинин төркүнү маңдайкы Алтын-Булактан. Атасы оорудан каза таап, апасы Асылкан эки уулу менен бир үйдө калышкан. Турмуштары начарлап бараткан. Кызы жетиштүү жашагандыктан, күйөөсүнө макулдашып, энеси менен эки инисин көчүрүп алган. Кайын эжесинин Курманаалыга келгенине беш жыл болду. Төрөй элек. Кичүү иниси окубай калган. Жездесинин коюн кайтарат. Андан улуусу Жамыйланын күйөөсү Салмоор Нарындагы мугалимдерди даярдоо окуу жайынан окуйт. Экөө ошол жакта чогуу окушуп, сүйлөшүп жүрүп баш кошушту. Батирде жашашат. Жамыйла ай-күнүнө жакындаганда бул жакка келип, кыз төрөп жатпайбы. Ушул арада кайын эжесине Салмоордон кат келген экен. Аны Жамыйла билбейт. Көрсө, катта "Жамыйланы кандай кылсаңар да кетиргиле" деп жазылыптыр. Кайын эжеси катты догдур Сайра кеткенден кийин кудагыйы менен Жамыйлага окуп берди. Мындайды күтпөгөн жаш келинге жакын кара тоонун бир урчугу урап келип үстүнө түшүп калгандай болду. Жамыйла бир топко

ынчукпай туруп, кайратын жыйды окшойт: "Апа! Жүрү, кеттик! Баланы алыңыз. Мен кийимдеримди чогултайын" деп ордунан турду. Үйдүн ичиндеги аялдардын кыйкырышкан үнүн уккусу келбеген Курманаалы атына минип, мал жагына бастырып кетти. Жамыйла үн дебестен түйүнчөгүн көтөрүп, сыртка чыкты. Асылкан ымыркайды алып калуунун аракетинде: "Баланы калтыр" деди . Ачуусу келген Салкын: "Асылкан, кызым жаман, андан туулган кыз сүйкүмдүү болмок беле?!" деп, төшөктүн сыртынан кичинекей көрпөгө баланы ороп көтөрүп жөнөдү. Артынан Асылкан чыкты. Кочкор Ата мазарына тез эле жетип келишти. Күн чыкыроон тартып турат. Жамыйла тигилердин артынан ойлуу басууда. Ээн талаада үч аял жана наристе. Бир маалда эки кудагый наристени көк бөрү тарткан сымал талашып жатышып, колдорунан карга түшүрүп алышты. Салкын баланы жерден ыкчам ала коюп: "Кудай өмүр берсе көрөсүңөр, кандай кыз кылып чоңойторумду!" деп, кыштакты көздөй ылдамдап басып жөнөдү.

* * *

...Негедир Салкын кечигип жатат. Таң аткандан бери от жагылбай, үйдүн ичи муздап кеткен . "Дегеле кызым аман болсо экен" деп Бейшенкул кобуранып, сыртта ары-бери басып жүргөн. Аңгыча арытан бала көтөргөн Салкын менен Жамыйла үйгө жакын келип калышыптыр. Үн дебестен үйгө кирип кетишти. Бейшенкул тигилердин артынан ээрчий кирип, бурчта ыйлап отурган Жамыйланы көрдү. Абышкасынын суроосун күтпөстөн Салкын болгонун айта баштады. Карыя төрдө оролуп жаткан ымыркайдын жанына келип: "Байбиче, капаланба! Кудай экөөбүзгө улгайып баратканда эрмек тартуулаган тура!" деп, наристенин бетин ачып, мурдунан чымчып койду. Салкын мешке от жагып жиберди. Үйдүн ичин жылуулук каптап, Жамыйла капшыт-

ка салынган чакан төшөктүн үстүнө кыйшайды. Бейшенкул даарат алып келип азан чакырып, Кудайдан акылдуу кыз болуусун тиленип, наристеге Акылай деп ат койду. Сырттан Саматын жетелеп Жибек кирди. Чай ичип отурушканда баарын айттырбай түшүнгөн Жибек Салкындын көңүлүн жубатып: "Жамыйлаңдын, небереңдин өмүрүн тиле. Турмушта баары болот. "Ургаачынын чырагы кырк" дейт. Кызыңдын багы ачылаар. Андан көрө, балаң катуу кыйналып калыптыр, жакшылап тыңытып ал" деп, чыгып кетти. Жамыйла түнү бою кирпик ирмебей, ажырашуунун себебин издеп жатты: "Турмушка ушундай жеңил мамиле жасоого болобу? Салмоор экөөбүз сүйлөшүп жүрүп баш кошподук беле. Ата-энелерибиз да туура кабыл алышкан. Ал тургай, алыс кетпей сырдакана, таяке-жээн экендиктерине ыраазы болуп жүрүшчү. Кай жеримден жаздым? Эмне күнөөм үчүн?" Чынында, Жамыйла оңдуу-түстүү, сымбаттуу, айжаркын кыз болчу. Баса, Нарында турганда Салмоордун үйгө келбей калган учурлары көбөйүп бараткан. Жамыйланын "кайда жүрдүң?" деген суроосуна: "Теңтуштарымдыкына барып, кеч болуп калды" дечү. Ошондо эмнеге эч нерсени байкабадым экен? Байкаганда эмине!

...Аңгыча таң да атты. Акылайды эмизип, ороп жаткызып койду. "Апа! Мен Акылайды бир аз күн эмизип, анан эмчектен чыгарайын да, окуумду улантып бүтүп алайын". Муну уккан атасы: "Туура балам, окууңду бүтүп ал, айланайын. Акылайды уйдун сүтү менен багып алабыз", деди. Абышка демекчи, ал учурда эркектер 35-40 жашында сакал-мурут коюп алышып, улгайыңкы көрүнүшчү турбайбы. Көрсө, ошол мезгилде Бейшенкул 64-65, Салкын элүүдөн жаңы ашкан окшойт. Ошентип, Жамыйла Акылайды апасына калтырып, бир айдан кийин Нарынга окуусуна кетти.

унчукпай туруп, кайратын жыйды окшойт: "Апа! Жүрү, кеттик! Баланы алыңыз. Мен кийимдеримди чогултайын" деп ордунан турду. Үйдүн ичиндеги аялдардын кыйкырышкан үнүн уккусу келбеген Курманаалы атына минип, мал жагына бастырып кетти. Жамыйла үн дебестен түйүнчөгүн көтөрүп, сыртка чыкты. Асылкан ымыркайды алып калуунун аракетинде: "Баланы калтыр" деди . Ачуусу келген Салкын: "Асылкан, кызым жаман, андан туулган кыз сүйкүмдүү болмок беле?!" деп, төшөктүн сыртынан кичинекей көрпөгө баланы ороп көтөрүп жөнөдү. Артынан Асылкан чыкты. Кочкор Ата мазарына тез эле жетип келишти. Күн чыкыроон тартып турат. Жамыйла тигилердин артынан ойлуу басууда. Ээн талаада үч аял жана наристе. Бир маалда эки кудагый наристени көк бөрү тарткан сымал талашып жатышып, колдорунан карга түшүрүп алышты. Салкын баланы жерден ыкчам ала коюп: "Кудай өмүр берсе көрөсүңөр, кандай кыз кылып чоңойторумду!" деп, кыштакты көздөй ылдамдап басып жөнөдү.

* * *

...Негедир Салкын кечигип жатат. Таң аткандан бери от жагылбай, үйдүн ичи муздап кеткен . "Дегеле кызым аман болсо экен" деп Бейшенкул кобуранып, сыртта ары-бери басып жүргөн. Аңгыча арытан бала көтөргөн Салкын менен Жамыйла үйгө жакын келип калышыптыр. Үн дебестен үйгө кирип кетишти. Бейшенкул тигилердин артынан ээрчий кирип, бурчта ыйлап отурган Жамыйланы көрдү. Абышкасынын суроосун күтпөстөн Салкын болгонун айта баштады. Карыя төрдө оролуп жаткан ымыркайдын жанына келип: "Байбиче, капаланба! Кудай экөөбүзгө улгайып баратканда эрмек тартуулаган тура!" деп, наристенин бетин ачып, мурдунан чымчып койду. Салкын мешке от жагып жиберди. Үйдүн ичин жылуулук каптап, Жамыйла капшыт-

ка салынган чакан төшөктүн үстүнө кыйшайды. Бейшенкул даарат алып келип азан чакырып, Кудайдан акылдуу кыз болуусун тиленип, наристеге Акылай деп ат койду. Сырттан Саматын жетелеп Жибек кирди. Чай ичип отурушканда баарын айттырбай түшүнгөн Жибек Салкындын көңүлүн жубатып: "Жамыйлаңдын, небереңдин өмүрүн тиле. Турмушта баары болот. "Ургаачынын чырагы кырк" дейт. Кызыңдын багы ачылаар. Андан көрө, балаң катуу кыйналып калыптыр, жакшылап тыңытып ал" деп, чыгып кетти. Жамыйла түнү бою кирпик ирмебей, ажырашуунун себебин издеп жатты: "Турмушка ушундай жеңил мамиле жасоого болобу? Салмоор экөөбүз сүйлөшүп жүрүп баш кошподук беле. Ата-энелерибиз да туура кабыл алышкан. Ал тургай, алыс кетпей сырдакана, таяке-жээн экендиктерине ыраазы болуп жүрүшчү. Кай жеримден жаздым? Эмне күнөөм үчүн?" Чынында, Жамыйла өңдүү-түстүү, сымбаттуу, айжаркын кыз болчу. Баса, Нарында турганда Салмоордун үйгө келбей калган учурлары көбөйүп бараткан. Жамыйланын "кайда жүрдүң?" деген суроосуна: "Теңтуштарымдыкына барып, кеч болуп калды" дечү. Ошондо эмнеге эч нерсени байкабадым экен? Байкаганда эмине!

...Аңгыча таң да атты. Акылайды эмизип, ороп жаткызып койду. "Апа! Мен Акылайды бир аз күн эмизип, анан эмчектен чыгарайын да, окуумду улантып бүтүп алайын". Муну уккан атасы: "Туура балам, окууңду бүтүп ал, айланайын. Акылайды уйдун сүтү менен багып алабыз", деди. Абышка демекчи, ал учурда эркектер 35-40 жашында сакал-мурут коюп алышып, улгайыңкы көрүнүшчү турбайбы. Көрсө, ошол мезгилде Бейшенкул 64-65, Салкын элүүдөн жаңы ашкан окшойт. Ошентип, Жамыйла Акылайды апасына калтырып, бир айдан кийин Нарынга окуусуна кетти.

* * *

Жамыйла жайында окуусун бүтүп келип, мектепте мугалим болуп иштеп жүрүп, ушул айылдык жигитке баш кошту. Удаа эки кыз төрөдү. Эң кызыгы — Жамыйла Нарынга барганда, Салмоор эчак бир келинге үйлөнүп, чогуу жашап жатышыптыр. Ортодон эки жыл өткөндөн кийин ошол келин Салмоор менен ажырашып, айылдагы жылкычы жигитке турмушка чыгып, Жамыйлага кайта абысын болуп калбадыбы! Бирок, төрөгөн балдары токтобой, ар кимдин баласын асырап багып жүрүп, кечээ жакында көз жумду.

Акылай эрте басып, тили да эрте чыкты. Өзүнөн төрт жаш улуу Самат апасын ээрчип келип калганда Акылай экөө ойношот. Самат чоңураактык кылып, бир аз ойногон соң Акылайды жалгыз таштап, эркек балдар менен чүкө атышып кетип калат. Кыз эмеспи, Акылай бешке толгондо чыныларды жууп, үйдүн ичин кичинекей шыбак шыпыргысы менен шыпырганга жарап калды. Жакын жердеги бактардын арасынан термечик терип келет. Апасынын тилин алып, үйдөн чыкпаган тетик кыз болчудай. Акылай алтыга толгондо "окуйм" деп, айылдагы мугалим келинди ээрчип мектепке барса, жашың жете элек экен дешет. Эки-үч күнү удаа барып класстан ыйлап чыкпай койгондо, мугалимдер тим коюшат. Акылай тамгаларды тез эле үйрөнүп, зээндүүлүгү көрүнө баштады. Сабактан келери менен айылдан бир топ алыс токойдон эки чака сууну төкпөй-чачпай көтөрүп келет. Айтор апасынын чоң жардамчысы.

Курманаалынын кыштактагы тамы Бейшенкулдукуна жакын. Асылкан анда-санда кыштакка түшкөн сайын Акылайдын тыңдыгын көрүп күйүп кетет. Айласы түгөнөт. Салмоор болсо Чолпондо иштеп жүрүп Жумгалдык кызга үйлөнгөн. Кичүү уулу да үйлөнүп, баягыдай эле Курманаалынын коюн кайтарат.

* * *

Бир үйдө Акылай, атасы, апасы үчөө жашашат. Бейшенкул ата колунан көөрү төгүлгөн уста. Боз үйдүн жыгачын жана жыгачтан аяк, табак, чөмүч, кашык жасап бут кийим да ултарат. Бул кишинин жасаган боз үйүнүн жыгачын атайын алыстан келип алып кетишет. Акысына эмне төлөшөөрүн билген жан жок. Кардарлардан бергенин алат окшойт. Биздин үйдө ал киши жасаган аяк, табактардан бар. Бир жолу Салкын апа капаланып: "Ушинтип бекер же арзыбаган нерсе үчүн убара тартып буюмдарды жасабай эле койбойсуңбу" дегенин апамдын кулагы чалыптыр. Бирок, ага көңүл бөлбөстөн карыя ишин уланта берет.

Салкын апа да сарамжалдуу, тамашакөй, адамгерчиликтүү аял. Үйлөрү дализ, дагы бир чоңураак бөлмөдөн турган жалпак жер там. Биздин үй үч бөлмөлүү, бирок ошондой эле жер там. Кыштактан Курманаалыныкы, Усубаалыныкы асты-үстү тактай үйлөр.

Айылыбыз менен ар кимибиз өзүбүзгө тиешелүү жер тилкелерибизге картошка айдап алабыз. Жер кумдак келип, картошка жакшы чыгат. Бүгүнкү күндө деле биздин аймактын картошкасын аябай баркташат.

Курманаалы күзүндө айылдагы картошкаларды жыйнап алып, Фрунзеге машине жалдап барып сатып келет. Ал кишиден бергенин алабыз. Айрыкча эки үйүбүздүн соода жөнүндө түшүнүгүбүз жокко эсе.

Малдан Акылайлардын короосунан эки музоолуу уй, беш кой, биздикинен бир музоолуу уй, он кой чыгат. Малдар талаадан эле тоюп келишет. Көрсө, мал аз, жер кенен учур тура. Менин эч кимге тийбеген татынакай итим бар. Бейшенкул ата итти, тоокту, мышыкты жаман көрөт. Акылайга булардын бирөөсүн да бактырбай койгон.

Жамыйла эженин жалгыз бир тууганы согушка кеткен бойдон дайынсыз. Мен дагы ата мээримин, ал тургай

караанын элестетпей чоңоюп келе жатам. Ушунун баарына түбүң түшкөн согуш күнөөлүү. Айылыбыздан мен сыяктуу жетим балдар көп эле кездешет. Бечара апам жап-жаш бойдон турмушка чыкпай, мени караан тутуп өмүрүн өткөрүүдө. "Санаа саргайтат, кайгы картайтат" дегендей, апам өзү теңдүүлөрдөн улгайыңкы көрүнөт.

* * *

Акылай үчүнчү классты, мен жетинчи классты жакшы окуп бүттүк. Жайкы каникулдун акыркы айы. Быйыл эки үйүбүз тең жайлоого чыкпай кыштакта калдык.

Бир күнү Акылай апасы экөө Кочкорго туугандарыныкына тойго кетишти. Түштө Бейшенкул атаны чакырып, апам үчөөбүз чай ичкенбиз. Ал күнү машине чыкпаса керек. Акылайлар эртеси түшкө маал келишти. Бир аздан соң, Акылай биздикине чуркап кирип, ыйлап жиберди: "А-а-там, а-а-там...". Башка сөз айтпастан чыгып кетти. Апам экөөбүз шаша кирип бардык. Эшиктери ачык, үйдүн ичи чачылган. Жарык берүүчү лампочка сынган. Бейшенкул ата кире бериште ордунан тура албай жатыптыр.

Ээ Бейшеке! Эмне болду сага? Кечээ эле жакшынакай басып жүрбөдүң беле?

Апам эмне кыларын билбей, атанын жанына жүйүртө басып отура кетти. Салкын апа, Акылай экөө үй ичин ирээттеп, шыпырып жүрүшөт. Салкын апа жумшак болсун деп, кийиздин астына чийден оруп келип салып койчу. Анын баары сапырылган. Бир маалда Бейшенкул ата: "Мени төшөккө..." деп үнүн чыгарды. Кечтен бери алы да кетип калса керек. Тилге келгенин көрүп сүйүнүп кеттик. Салкын апа төшөктү ырастады. Төртөөлөп сүйрөп, атаны төшөккө жаткыздык. Салкын апа мешке тезектен жагып, чай кайната салды. Бир чыны чайды суутуп, атанын башын көтөрүп, жуткурдук. Жүзүнө кызыл жүгүрүп жан киргенсиди. Үшүп

калган тура. Эсин жыйган соң Бейшенкул ата: "Түн ичинде сыртка чыгып келип үйгө кирсем, үйдүн ичинде чоң сары ала уй жүрүптүр. Уйду таяк менен айдап чыгарам деп жатып, лампочканы чаап алдым. Жарык өчүп, үйдүн ичи караңгы болуп калды. "Өш!" десем уй чыгып бара жатып, оң бутумдун үстүн катуу басып кетти. Таяк колумдан ыргып, өзүм жыгылып калдым" деди. Карасак чын эле оң бутунун үстү көгөрүп, туяктын балтайган изи туруп калыптыр. Өтө таң калыштуусу Бейшенкул ата сүрөттөгөн уй эшиктен баттмак эмес. Анын үстүнө, айылыбызда андай чоң сары ала уй жок болчу. Карыя ошол бойдон сүйлөгөн жок. Тамак да ичпей, башын чайкайт. Отурса-турса "оорутуп кор кылбай ала көр" деп, Кудайга жалына берет деген сөзүн апамдан көп эле угуп, бирок маани берчү эмесмин. Кайран киши! Төшөккө эки гана күн жатып, жалган дүйнө менен коштошту. Жалгыз уулунан топурак буюрбай арманда өттү. Кыз-күйөөсү, кошуна-колоң болуп атаны түбөлүк жайына узаттык. Жакшы адам эле. Көрүстөнгө эс тартканы биринчи барышым. Аябай сүрдүү экен. Баса, сөөктү алып чыкканда Акылайдын "атакелеп", жер тепкилеп чыркырап ыйлаганы элдин баарын жашытты. Акылай таята, таенесин ата, апа деп айтчу. Ошол учурдагы ичим ачышып ыйлаганым элестеп, көзүмөн жаш куюлуп жатыптыр. Айдоочуга байкатпай, акырын тетири карап кол жоолугум менен сүртүп койдум. Эки жакты карасам, Рыбачьеден өтүп калыптырбыз.

* * *

...Колхозубузга жүк ташуучу үч машине келгени, биздин айылдагы эки арабанын жумуштары азайгансып калды. Кийинки жылдары эки үйүбүз элден калбай Сарала-Сазга жайлоого чыгып жүрөбүз. Арабакечтер менен сүйлөшүп, бүгүн арабаларга боз үйлөрдү жана башка эмеректерибизди жүктөп жөнөдүк. Малдарыбызды таң заардан айылдагы

мал айдагандарга кошуп жибергенбиз. Кара-Жылганын түндүк-батыш тарабы, Чоң-Конуштун түзөң жана кенен жерине барып отурдук. Чөбү калың чыгыптыр. Сууну жылдагыдай эле жогору жактагы секиченин түбүнөн агып түшкөн Таш-Башаттын тунук булагынан ичебиз. Булактын жээктерине козукулак, жөргөмүш жыш чыгат. Тоонун беттерине, төрлөргө көбүргөн өсүп, эрте баш алат. Ал эми, асканын түбүндө карагат менен кожогат жайнайт. Тоолорубуздун асман тиреген ак мөңгүлүү, айбаттуу чокулары калыбынан жазбай, кыргыз журтуна бийиктен көз салып тургансыйт.

Ошол учурдагы өткөргөн жайдын күнү да, түнү да керемет эмес беле. Күндүз кыз-келиндер тезек теришет. Кырдын ары жагындагы чоң сайдагы шаркырап аккан Бузулган-Суунун суусуна кир жуушуп, ташка жайып кургатышып, өзүлөрү да жуунуп алышат. Бузулган-Суу демекчи, карылардын айтымында Бузулган-Суунун башы "Ак-Бел" аталган шиш чокулуу бийик тоодо. Ак-Белдин чокусу Кочкордун күн батышындагы айылдарга көрүнүп турат. Бул суу ошол шиш чокунун түбүндөгү үйдөй таштын астынан агып чыгат имиш. Илгери кайсы бир кылымда таш көтөрүлүп, суу чоң сайга батпай ташып агып, азыркы Кум-Дөбө кыштагынын ордундагы эски шаар суу астында калган делинет. Чынында эле ошол туура окшойт. Бүгүнкү күндө тарыхчылар тарабынан изилдөө иштери оңдуу колго алынбай келет. Шаарчанын ордунун айланасындагы кырк чоронун күмбөздөрү жыл өткөн сайын жер менен жер болуп түзөлүп баратат. Ортодогу бош жер элге үлүшкө бөлүнүп берилген. Жазында жерди айдап жатканда трактордун бир капталы көңдөйчөгө түшүп кетип, трактор чыккандан кийин чуңкурдан суу жүргүзгөн түтүкчөнүн, карапанын ж.б. буюм-тайымдардын сыныктары чыгыптыр. "Байыркыны урматтоо — нагыз маданияттын белгиси" деп акылмандар белгилегендей, бул шаардын урандысы терең изилденсе, көп нерсени билүүгө болоору анык.

Жайдын күнү жайлоодо эркек балдар жылкыны желеге айдап, кулун кармап, бээ саадырып, кымыз бышмай, козу, музоолорго көз салмай. Кечкисин бээ агытылып, уйлар саалып, тамак-аш ичилген соң, ачык түндөрдө Айдын жарыгы менен жаштар чогулуп, наркы жайык жерге оюн-зоок курулуп, ак чөлмөк, дүмпүлдөк, жоолук таштамай, шакек салмай, токту сурамай ойнойбуз. Акылай сыяктуу кичирээк кыздар-балдар да чыгышат. Чоңураактарыбыз түндүн бир оокумуна чейин бек-бекей айтып ырдап, ортобуз күлкүгө толо жыргап, короодогу малыбыз да ит-куштан кайтарылат. Ошондогу бетти аймалай эркелетип, тоо жактан салкын соккон атыр жел, асмандагы жаркыраган жылдыздар, биз менен жарыша жылган Айчы?! Тойпоңдошуп тоо койнунда өткөргөн күндөрдү, калкан көпөлөктөр учуп-конгон кооз гүлдөрдү, түркүн куштардын тил безеп сайраган үндөрүн, жарышып ойногон козу-улакты, эч нерседен бейкапар балалык аруу куракты ким унутат?! Аттигиниң! Жалындаган жаштыктын баркына жетип-жетпей, дайыма кайталанчудай сезчи турбайбызбы...

Оргуштап тоонун суусундай,  
Оболоп көлдүн куусундай.  
Ойт берип өтчү жаштык кез,  
Өлчөөлүү тура ушундай!..

Жайлоодо күн бүркөлсө эле жаан төгүп кирет. Ошондой учурда кошуналар бир маал чогулуп, Акылайдыкынан чай ичебиз. Салкын апа сары майга боорсок жасап, үкөктөгү соку кантынан алып чыгып чагып, сүт куюп чай берет. Каттамасы андан сонун. Бул үйдөн чай ичкенибиздин себеби: Акылай тезекти тынбай терип келип, апасы татынакай кылып кынаптап, кудум эле алачыкка окшотуп жыйып коёт. Калган үйлөрдө мынчалык тезек болбойт.

Чоң-Конушта беш үй кошуна турабыз. Бирөө Нуридин байкеники. Тубар бээ багат. Кечке бээ саалып, эртең менен кымыздан мискейлерибизге куйдуруп кетебиз. Ал эми кайсы үйдө кой-козу союлса, сөзсүз чогулуп барып ошол үйдөн тамак жейбиз.

Конуштун төрүндөгү тигилип турган сексен баштуу ак боз үй Жамыйла эженин мурунку кайын жездеси — кадимки Курманаалы байдыкы. Жанындагы отор үй — койчу кайнисиники. Үйүнөн конок үзүлбөй, келим-кетимдүү. Үйүнүн жасалгасы абыдан кооз. Төрүндө илинген эки чакан сайма туш кийиз. Сандыктарга жыйылган үч кертим кыжымы, баркыт, шайы жууркандар. Үстүндө куш жаздыктар. Сол капшытында күзгү кап, текче, куржун, терип согулган чыгдан эшикке чейин тартылып турат. Чыгдандын ичинде тамак-аш сакталчу үкөк. Баканга илинген сүрсүгөн эт, карынга, мөөнгө куюлган сары майлар. Оң капшытында байдын карышкыр ичиги, суусар тебетейи, кара чийбаркут чепкени, сабына күмүш чөгөрүлгөн элик сап камчысы илинип турат. Майда оюлуп жасалган шырдактар жерге салынып, үстүндө кара көлдөлөңдөр. Курманаалынын астында аюу талпак жатат. Карыя мезгил-мезгили менен тестиер балдарды чакырып алып, китеп окутуп угат. Байбичеси Жаңылкан апанын да жаны тынбайт. Келиндерге кечке жүн сабатып, бизге тепкилетип, кийиз жасайт.

* * *

...Акылай айылыбыздагы акылдуу, тың кыздардан болду. "Тарбиянын жакшысы — тагдырдын ачкычы" дегендей, бу да болсо Салкын апанын тарбиясы. Апасы тыкыйтып эки бөлүп өргөн узун чачына баарыбыз суктана карайбыз. Жамал апага тиктирип берген жарашыктуу гүлдүү көйнөгүн, кызыл баркыт чыптамасын, атасы ултарган тыпырайган өтүгүн кийгенде өзүнө жарашып, керемет күлкүсү, жаркылдаган мээримдүү мүнөзү менен айырмаланып турат.

Убакыт билинбей өтүүдө. Акылай мага бир туутан агасындай мамиле жасайт. Ал жетинчи классты бүтүп, Фрунзе шаарына окууга кетти. Ичим ачышып жалгызсырап, бардык жакшы нерселер Акылай менен кошо кеткендей сезилет. Бир айдан кийин Акылай Фрунзеден келип, орто окуу жайлардын бирине өткөндүгүн айтты. Ал студент болуп көзүмө чоң кыздай көрүнгөнсүп калды. Жакын болгон менен баягыдай сүйлөшө албай тарткынчыктайм. Эмне себептен экенин өзүм да түшүнбөйм. Кечеки эле менден кичүү кошуна кыз Акылай сезимимде кол жеткис болуп бараткансыйт.

Күндөр өтүп Акылай окуусуна кетип, Салкын апа бир үйдө жалгыз калды. Жамыйла эже көчүрүп алайын десе болбой: "Кой балам, Бейшенкулга куран окутуп турайын. Анын үстүнө согуштун басылганына көп өтсө деле, айылда ажалы жоктордон келгендери болуп жатпайбы. Туз буюруп бир тууганың келип калса, эшикти сүзүп калбайбы" деп, карманча көшөрдү.

Жамыйла эжелер эки кыздан кийин уулдуу болушкан. Салкын апаныкына кечкисин кыздардын бирөө сөзсүз келип түнөп, таянесине караан болушат. Күндүзү апам экөө улам бир үйдөн чай иче беришет. Өткөн-кеткенден сөз козгошуп, кээде терең улутунуп калышат. Менин колум бошоор замат Салкын апанын отун-суусуна каралашам. Жаны калбай алкап турат.

Негедир кийинчерээк апанын сабыры суз, ойлуу жүргөнү байкалат. Акылайдан көптөн бери кат жок. Өгүнү "окуу башталa элек" деп кат жазган. Кат эки үйгө тең келчү. Анткени, Салкын апага катты мен окуп берем. Санаам санга бөлүнүп, сезимиме бүлүк түштү. Көрсө окуу жайдын студенттерин эки айга Жалал-Абадка пахта теримге алып кеткен тура. Акылай ноябрдын төртү күнү келип, эртеси кайра кетти. Себеби, 7-ноябрь күнү парадга басышат экен.

Жаздын акыркы айы. Күнгө жекшемби. Кош айдоо аяктап, жер бети жашыл килем жамынып калган. Эртең ме-



Нарын облустук
китепканасы
№ 60595 сбо

нен бетимди жууганы сыртка чыктым. Салкын апа жак негедир жымжырт. Уюо короосунда мөөрөп турат. Үйгө кирип апама айтсам:

— Тур! Бачым кийинип, тиги Жамыйла эжеңди чакырып кел! Салкын катуу ооруп калыптыр. Кыздардан да келбептир. Салкындын түбүнө акыры жалгыздык жетти! Канча баласын жерге берди? Байкуштун эми минтип ооруп калганын кара! — деп, апам аябай капаланды.

Жамыйла эжем экөөбүз бачым эле келип калдык. Эже үйгө кирери менен төшөктөгү апасын кучактап: "Апа, алтыным апа! Мени жалгыз таштаба! Акылайды кантем? Карааным апа! Берекем апа!" деп буркурап ыйлап жиберди. Салкын апа башын өйдө көтөрүп: "Сенден айланайын! Каралдым, карегим! Ыйлаба балам! Мен эми оңолбойт окшойм. Өлүм бардык адамга акыры келет. Айырмасы бирөөнө эрте, бирөөнө кеч. Сага айтарым, бала-бакыралуу болдуң, акыл-эсиңди жый. Жашык болбо. Ким билет, эки-үч күнгө жетемби-жетпейминби. Жарыңды жакшы карап, балдарыңа жакшы тарбия бер. Түндө жан алгыч келип, көз көрүнө жанымды алып кетти" деди. Апам: "Капырай Салкын! Түшүндүрүп айтчы деги! Оорудум деп айтчу эмес элең, эмне болду сага?"

Ооба, анда-санда ичим ооругансып, ашказаным катуу тартып калчу. Өзүң айткандай, жанымды кейитип тынчымды алган деле дарт жоктой болчу.

Аңгыча үйгө кошуналар кириштИ. Мен бурчта тыгылып отурам. "Апасы кайтыш болсо Акылай кантет?" деген ойдомун. Салкын апа терең дем алды да, үнүн чыгарып: "Түндө кыздарды күтүп отуруп көзүм илинип кетиптир. Кой жатайын, кыздар келбей калышкан экен деп төшөгүмдү салып коюп, сыртка чыктым. Чыксам, тиги Бейшенкулдун тесин (теңи жерге көмүлүп, үйдөн бир аз обочо турган, кереге, ууктун жыгачтарын ийе турган чоң кызыл ача таш) жарты кара киши минип олтурат. Кыңая басып түзгө отуруп, ар-

камды карабай үйгө кирдим. Эшикти илейин деп кычыктан карасам, баягы киши дагы эле мени карап турат. Үйгө киргенден кийин башым айланып, коркконуман чечинбестен төшөгүмө кирдим. Кирпик какпай таң атырдым. Турайын деп, тура албай койдум. Айланайын кошуналар! Каран калган согуштун кайгысын чогуу тарттык. Ачуу, таттуу, буюрган даамды тең таттык. Арык чапканга, машак тергенге, деги койчу, болгон жумуштун баарына бирге бастык. Ошондой кыйналган, же башка учурларда пенде эмеспизби, кокустан силерге катуу сүйлөп капа кылган болсом мени кечирип койгула! Кантейин! Уулум армиядан келип калса, томсоргон үйдү сүзүп, жетимсиреп калмак болду окшойт. Жүрөгүмдү өтө ооруткан — Акылай. Ушул кыздын окуусун бүтүрүп, ыймандуу, ыйлабагандай жерге туш келгенин көрсөм болот эле. Ага жетпей калдым. Акылай Жамыйлага көнбөй, кууратып, өзү да кыйноо тартаар. Дегеле, чырагым бактысын таап, өмүрлүү болсо экен...

Кыйналып дем алып, көзүнүн жашын кылгыртты. Отургандын баары жашышты. Алар да Салкын ападан кечирим сурашты. Өзгөчө менин апама Салкын апа башын буруп: "Жибек, бир туугандай жашап келдик. Бейшенкул экөөбүзгө анда-санда дуба кыла жүр. Кудай өмүрүнө береке берсе Саматың чоңоюп калды. Боорукер, эстүү бала болот. Сен деле жакшылык көрө элексиң. Таалайың болуп, ыймандуу келинге туш келсең, жыргаганың ошо!"

Кошуналар: "Капырай, Бейшенкулга да ушундай аян берилди эле го" дешип шыпшынышты. Жамыйла эже күйөөсү экөө араба айдатып келишип, Салкын апаны ошол эле күнү көчүрүп кетишти. Элди билбейм. Акылай окууга кеткенде жалгызсыраганым аз келгенсип, алардын тамынын ээн калышы жүрөгүмдү мурункудан да катуу оорутууда.

Бейшенкул атанын уулу согушка кетип баратып сайып кеткен теректери бийиктеп өсүп, бутактары калыңдап,

шамал болгон сайын шуулдап зээнди кейитишет. Алар да ээсин жоктоп ыйлап жатышкандай. Жепирейген жер тамды бирөө көчүрүп кетчүдөй кайтарып, илинип турган кара кулпу күндөн-күнгө көзүмө суук көрүнүп баратат. Анын үстүнө, жанагы жан алгыч келип, бир күнү менин апамды да алып кетчүдөй санаага батам. Жатып алып элестетем. Оюмда жалгыз калам. Кээде түн ичинде төшөккө жаткандан кийин буулугуп ыйлай беремин...

Салкын апа каза болгондон бери мектепке көчөнүн сырты менен барам. Анткени, Жамыйла эже мени көргөн сайын апасын эстеп капаланат. Кайран апа! Акылдуу аял турбайбы! Көз жумарында: "Акылай сабактан калат, айттырбагыла" деген экен. Эже менен жезде буга макул болушуптур. Ошентип, эс тартканы тиги дүйнөгө эки жакшы адамды узаттым.

Бир күнү Акылайдын айылга келгенин уктум. Абалын сурап кат жазып, мектептен сиңдилеринен берип жибердим. Күндөр өттү. Катыма жооп болгон жок, бирок үмүтүмдү үзбөйм.

Айылга автобус каттап калган учур. Эртең менен Кочкорго барып келейин деп шашып автобуска түшсөм, төр жакта Акылай отурат. Сүйүнгөнүмдөн апкаарып кеттим. Жанына барып отуруп: "Акылай кандайсың?" дегенге араң жарадым. Башка эч сөз айта албадым. Кочкорго жетип автобустан түшкөндөн кийин жүргүнчүлөр туш-тушка тарап жатышты. Мен Акылайды ээрчий басып: "Убактың барбы, жолугалык" десем, "ооба" дегендей башын ийкеди. Эки сааттан кийин Кочкор суусунун боюнан жолукмак болдук. Болжошкон жерге эрте келиптирмин. Чыдамым кетип ары-бери басып турсам, нарытан Акылай көрүндү. Астынан тосуп жанына жеткенимде жагымдуу жыт мурдумду өрдөп баратты. Колунан кармай албадым. Себеби буга чейин да кармап көргөн эмес элем.

Акылай! Жакшы жүрөсүңбү? Окууларың дурусбу?

Акылай башын төмөн салып: "Апам!" деп ыйлап жиберди. Аны боорума кандай кысканымды байкабай калыптырмын. Карасам, экөөбүз тең кучакташып ыйлап туруптурбуз. Анткени, ал кишини мен да өз апамдай көрчүмүн. Оо, чиркин! Бул кучакташуу экинчи кайталанбасын сезген эмес экенмин! Жибектей үлпүлдөгөн чачынан жыттап, башына ээгимди сүйөп:

— Ооба, апаң аябай эстүү киши эле. Сенин бактылуу болушуңду, окууңду бүтүп алышыңды тилеп жатып үзүлдү.

— Туура, Самат байке! Апам аябай акылдуу болчу! — деди.

Мектепти бүтөрүм менен мен да жогорку окуу жайына тапшырарымды, анан дагы алардын үйүнүн бек турушу апам экөөбүзгө кыйын экендигин айттым. Узак сүйлөшүп отурууга убакыт жок. Автобустан калбашыбыз керек. Экөөбүз аялдамага жакындаганда Акылай: "Кеткенимче сизге кат жазып коём. Ылайыгын таап алып алаарсыз" деп, көздөрүн жалжылдатты. Сүйүнүп кеттим. Кудай жалгап, Акылай да мени жактырат тура деген ишенич пайда болду. Кантейин, ошондо "сени сүйөм" деп тике айтуудан эмнеге тартындым экен?! Бирок, ал учурда чоңоюп калган кыздардын балдар менен көчөдө бирге басып, сүйлөшүүсү уят эле. Көрсө, жаштар улуулардан ийменчү турбайбызбы.

* * *

...Апам кийинки күндөрү Акылайдын акылдуулугун, тазалыгын, тартиптүүлүгүн, айрыкча апасындай адамгерчиликтүү, жылдыздуу кыз болуп өсүп бара жатканын, илбериңки жөнөкөй мүнөзү менен барган жерин бактылуу кыларын айта берет. Кызына жакшы тарбия берген Салкын апага да ыраазы. Дегеле тунук булактан тунук суу агат эмеспи.

Кочкордон келгенден кийин ишемби күнү Жамыйла эженикине бардым. Эшиктин алдынан эже тосуп чыгып: —

Кел Самат, келегой. Акылай үйдө, — деп жылмайды. Акылайдын шаардан келгенин угуп:

— Тиги... учурашайын дегем...

— Ооба, учурашпай анан!

Эже мени үйгө киргизип, ашканасына кирип кетти. Акылай ушуну эле күтүп тургансып, чөнтөгүндөгү калың катты мага сунду. Мен катты шаша-буша койнума каттым. Акылай: "Кош болуңуз байке, мен эртең шаарга кетем. Эртерээк барып жатакана алышым керек" дегенде, эже сырттан чайнегин көтөрүп кирди. Дасторкон жайылып, бир чыны чайды сүрдөгөнүмдөн зорго түгөттүм. Эже мага карап: "Шум ажал апамды акыры алып тынды. Кызын тууруна кондуруп кетсе болбойт беле. Бул үйгө караманча көнбөй жатат. Төркү үйгө кирип алып буулугуп ыйлай берет. Тамакты да жарытылуу ичпей, өңүнөн азды. Апасын, үйүн сагынып жүрөт окшойт. Сен Акылай келген учурларда келип-кетип тур. Чогуу чоңойдуңар. Апаларыбыз жакшы теңтуштардан эле. Мен деле сага эжеке эмесминби" деп, жашыды. Ичимде тез эле кетип, катты окусам экен деп жатам. Акылай менен коштошуп чыгып, үйгө учуп жеткендей болдум. Кудай жалгап, апам айылдын башындагы "сокур эже" каза болуп, ошол жакка кетип бара жатышыптыр. Сокур эже демекчи, чынында ал кишинин өз атын уккан эмес экенмин. Мен билгенден ушундай деп аташат. Бирок эки көзү эмнеге көрбөй калганын улгайган адамдар мындайча кеп кылышчу. Эженин эки көзү мурун көрчү экен. Жалгыз бир тууганы Алдей Улуу Ата Мекендик согуш башталганда кетип, барары менен согуш талаасында каза болуп, эжеге угузушпагандыктан, бир тууганын күтүп жол карап, "Алдей, Алдейим! Качан келесиң каралдым!?" деп, тынбай ыйлап отуруп, акыры көздөрү соолуп көрбөй калат. Бирок эже, уюн саап, музоосун байлап, керектүү нерселерин колу менен сыйпалап таап, көздүү кишидей өз оокатына тың болчу.

* * *

Кат "Саламатсызбы, Самат байке" деп башталып, жипке тизилген шурудай жазылыптыр: "Мен балалыктын баёо, ойноо учуру менен эртерээк коштошконсуйм. Балким өзүм курдуу теңтуштарымдан эрте бөлүнүп, айылдан алыстагандыктанбы... Эки жыл ичиндеги башымдан өткөргөн күндөрүм тез чоңоюшума түрткү болгонсуду. Анда эмесе сөзүм башынан болсун:

Техникумда окуу башталарына беш күн калганда, Жапар жездем мени Фрунзе шаарынын Москва көчөсүндөгү №38-үйдө жашаган туугандарыныкына алып барды. Жеңебиз өзбек улутундагы аял экен. Алар жайында жездемдикине келишип, конок болуп эс алып кетишиптир. Ошондо мен жөнүндө кеп болуп, жеңем "кызыңар окууга өтсө биздин үйгө жатып окусун" деп макулдашышыптыр. Кирүү сынагын кыздар менен жатаканада жатып тапшыргам. Бул жолу биз бир койдун этин чийки, карынга сары май, кымыз алып бардык. Жакшы кабыл алышып, жездемди конок кылышты. Жездем эртеси кетеринде "кийим-кечек алып кий" деп акча берди. Акчаны жеңемдин көзүнчө чемодандын бурчуна салып койдум. Эртеси окуу жайына келсем, эки күндөн кийин пахта теримге жөнөөрүбүздү кулактандырды. Жеңем мени базарга ээрчитип барып, акчама бир сыйра кийим-кечек алып берип, жоготуп жибересиң деп калганын чөнтөгүнө салды.

Ооба, ушинтип өз алдымча турмуш жолум башталды. Эки күндөн кийин поездге отуруп, Жалал-Абад шаарына жөнөдүк. Сыртка биринчи жолу чыккандыктан, айлана, андагы эл мага өзүнчө эле кызык көрүнүп жатты. Поезддин терезесинен сыртты карап, табияттын сулуулугуна, ар жердин элдеринин кийингендери, сүйлөшкөндөрү ар башка экенине таң калуудамын. Үчүнчү күнү темир жол вокзалына келип токтоп, пахта ташыган үстү ачык чоң машинеге

отуруп, Фрунзе атындагы колхозго жөнөдүк. Күн бата жетип, аңгыраган узун сарай сыяктуу жатаканага жайгаштык. Астыбызда саман салынган олпок, үстүбүздө өзүбүз ала келген жууркан бар. Бизди жетектеп баргандардын бирөөсү — класс жетекчибиз Тамара Петровна: "Сен кичинекейсиң, менин жаныма жат" деп, өзүнүн жанына жаткызды. Кечинде нан-пан шам-шум этип жаттык. Эртең менен туруп чоң самоордон чай ичтик. Айлананы апапакай пахта талаасы курчап турат. Талаада теримчилер жүрөт. Нары алысыраактан Сырдарыя агып өтөт дешти. Бирок мен кеткенче көрө алган жокмун. Анткени, барган күндөн бир орус кыз экөөбүз ашпозчулукка дайындалганбыз. Эртели-кеч жаткан жерибизде, түшкүсүн пахта терилип жаткан аянтка араба менен көчүп барып тамак жасайбыз. Жумуш өтө оор. Күн ысык. Таза суу тартыш болуп, араба менен алыс жактан ташылып келинет. Пахта талаасында техника азыраак. Көпчүлүгү кол менен терилет. Жергиликтүү эмгекчилер пахта талаасына таң эрте чыгып, күн бата гана үйлөрүнө кайтышат экен.

Кечкисин студенттер музыка коюп бийлешет. Менин музыка, оюн-зоок менен жумушум жок. Байкасам, кичинекейлигимден мага көңүл бөлгөн деле адам болбосо керек. Анын үстүнө бийлегенди билбейм. Жанымдагы Оля оюн-зоокко барып аралашып келет.

Бир күнү кечинде эжейлер чогулуш өтүп, студенттер менен урушуп жатышты. Айрыкча кыздарды тилдеп: "Шаарга барганда тартип бузганыңар окуудан чыгарыласыңар!" деп жатышканын Оля угуп келип, түшүндүрдү. Көрсө кошуна айылдагы колхоздун балдары биздин балдар менен мушташып, айылдык баланы чоң суута ыргытышып, аны бирөөлөр эптеп кармап калып, азыр ооруканада экен. Байкашымда одоно тартип бузушса керек. Пахтадан келгенден кийин, окуу жайдын эки группасынан эки кызды окуудан чыгарып салышты. Оля кыз экөөбүз жакшы акча

таап келдик. Калган студенттердин терген пахталарынын акысы ичкен тамактары менен чегерилиптир. Көпчүлүккө аралашып, иштеп жашап келүү — мага турмуштук сабак болду. Эки айдын ичинде Олядан орус тилин үйрөнүп калдым. Түштүктүн эли-жерин көрүп, суусун ичип, колхоздун ашпозчулары менен пикир алышып, сөздөрүнөн, салт-санасынан түшүнүк алдым. Бирок, өзүмдүн энемдей эркелетип тосуп алчу Кочкорумду сагындым.

* * *

...Өзүңүз көргөндөй, ноябрь айында эки күнгө эле келип кетпедим беле. Шаарга келип үйгө кирсем, кийим салган чемоданым көрүнбөйт. Жеңемден сурасам "Анау жакта турат" деп, колун маңдайдагы сарай жакка жаңсады. Сарай кичинекей терезелүү, кышкысын жыгач отун жана көмүр сактоочу жай экен. Унчукпай мончого түшүп келип, ошол көмүрканадан кийиндим да, оозгу үйгө жатып калдым. Агам жумушуна кетиптир. Байкемдин эки кыз, бир уулу бар. Мектепте окушат. Үчөө тең ашкан тентек балдар. Агам менен жеңем кендир соккон фабрикада кезмеги менен иштешет. Үйлөрү чубашма үч бөлмөдөн турат. Кочкордон каттагандардан үйдөгүлөр тамак-аш, акча берип жиберишкен экен. Аны кийин уктум. Салимахан жеңем баягы жездем берип кеткен акчанын калганын кайрып берген жок. Пахтадан жана үйүмдөн алып келген акчама күнүгө сүт, нан, кыздары ичип, чачтарын жууганга айран алып келем. Менин негизги жумушум: күнүгө эки кыздын чачын өрмөй, дүкөнгө бармай, короо шыпырып, пол, идиш-аяк, кир жуумай. Сабак окуганга такыр мүмкүнчүлүк табылбайт. Окуум жөнүндө сураган жан жок. Окуу жайга жетип коңгуроо кагылганча, ар кимден көчүрүп, китепке көз жүгүртүмүш этем. Түнкүсүн окуганга электрдин жарыгына акча коройт деп, жеңем өзүлөрү жаткандан кийин жарыкты өчүрүп салат. Бир күнү:

— Нан, сүткө акча жок калды — деп жеңеме айтсам:

— Ме, баягыда үйүңдөн акча келген, — деп, колума бир аз акча карматты. Ошол акчаны сарамжалдуулук менен чыгымдап жүрөм. Кыскасы, бул үйдүн балдарына көрүлүүчү экинчи энелик камкордук мага жүктөлгөндөй күн өтүүдө. Кээде кечкисин эле чогуу тамак ичпесем, көпчүлүгүн ичпейм. Күндүзү окуу жайдын ашканасынан "шам-шум" этип алам

Күзүндө короонун сыртындагы жолдун жээгине көмүр түшүрүлдү. Баамымда үч тоннага чукул. Көмүр түшкөн жер менен мен жашаган үйдүн ортосунда еврей улутундагы кемпир, бойго жеткен уулу экөө жашашат. Байкем экөөбүз жерди булгабай, алардын үйүнүн түбүнөн өтүп, кеч киргенге чейин замбил менен көмүрдү ташып, сарайга киргиздик. Ал күнкү сабагым калды. Аябай чарчадым. Жумуштан адам баласы өлбөйт экен. Үйдү, сабакты ойлоп, түн ичинде ыйлап чыктым.

Жеңемдин ачуусу өтө чукул. Байкем кокусунан айлык алган күнү ичкилик ичип келсе, жеңем: "Сасыган кыргыздар! Хаммаңар, сасыган кыргызсыңар!" деп кыйкырат. Ошол учурда негедир кемсингенсип калам. А эгерде, байкем акчасын кемитпей толук алып келсе, ал күнү жеңебиз байкемди сылап-сыйпап: "Акылай, кел экөөбүз аш жасайлы" деп, тамактан соң сейилдеп кетишет. Бирок, балдарын тилдеп, байкемди урушкан күнү "сасыган кыргыздарын" айтып сайрай берет. Бул сөз бир топко унутулбайт окшоду. Группада окуган студенттер ар кайсы улуттанбыз. Бөлүнүү дегенди билбейбиз. "Камчы эттен өтөт, жаман сөз сөөккө жетет" дегендей, жеңебиз өзү кыргыздын келини болуп туруп, бизди "сасыган кыргыздар" деп айтканы сөөгүмдөн өтчү болду. Жума сайын мончого түшөбүз, таза жүрүп, таза кийинебиз. Үй да таза кармалат. Жеңемдин мага жасаган одоно мамилеси күндөн-күнгө жаныма батып баратат. Өзүнө байкалбайт окшойт. Үйүмө да, байкеме да билгизбейм.

Эмне кылам, баарына чыдап, окуумду таштабашым керек. Сабактан кайтып келатканда: "Кудай ай! Бүгүн жеңемдин заар тилин укпасам, тынч жатып уктасам экен!" деп, тиленип үйгө кирем.

Шаарда жеңемдин бир тууган иниси бар. Жогорку окуу жайлардын биринде окуйт көрүнөт. Мезгил-мезгили менен бул үйгө келип турат. Аты Нишан. Менден беш-алты жаштай улуу. Ал келген күнү мен сабактан калам. Сабиз, пияз аарчып, эт туурап, сырттагы кичине очокко от жагып, аш бышырып, самоорго чай кайнатам. Бирок чогуу тамакка отурбайм. Инисинен ушунча корунам. Жеңем өзү да чакырбайт. Экөө өз тилдеринде сүйлөшүп, төркү үйдө кенен-кесир отурушат. Анда-санда жеңемдин баякы кулакка тааныш "кыргыздар" деген сөзүн угуп калам.

Бир жолку сабактан келгенимде, иниси менен эжеси мен үчүн капаланышканын байкадым. Сыртта самоор кайнап туруптур. Самоорду көтөрүп кирип калган элем. Жеңем мени акырая карап: "Чыкың, эшикке!" деп кыйкырганда, иниси ордунан туруп киймин кийип алып, ашын жебестен кетип калды. Ал үчүн мени күнөөлөп, кактабай канымды ичип, "сасыган кыргыздын" үстүнө "каракчыны" кошуп сүйлөнүп жүрөт. Үйдөн чыктым да, байкемдин иштен келишин күтүп, кеч киргенче короонун четиндеги жалгыз түп жүзүмдүн түбүнө отуруп ыйлап, муң-кайгымды жүзүм менен бөлүшүп жаттым. Ал да мага боору ооругандай, мөмөсүн маңдайыма жакындатып ийип жаткансыйт. "Менин абалымды ушул жүзүм түшүндү" деп калдым. Ошол күнү үйдө чоң жаңжал болду. Байкем жумуштан келип, үйгө киргенден экөө урушуп калышты. Бир тууганынын тамак ичпей кеткенине ичи ачышып калганбы. Байкемдин жеңеме колу тийди. Жеңем болсо "ушул уруш сен үчүн чыгып жатат" дегендей, мени жек көрө карап: "Хаммасы сасыган кыргыздар өл аа!" деп кыйкырууда. Ушундай ызы-чуулуу күндөр менен биринчи курсту эптеп бүтүрүп, жайкы кани-

кулга чыктым. Үйгө кеткени жатсам жеңем: "Акылай! Сен акылдуу кызсың да, үйгө эчтеке айтпа" деп өтүндү. Өзүм деле айтмак эмесмин! Каникулдан баягыдай эле артынып-тартынып келдим. Бир жумача жашоо жакшы өттү. Сабак башталган. "Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы" дегендей, жеңем чийилген пластинкасын кайра коё баштады.

Кыштын орто чени. "Алдырар күнү жаздырар" болуп, чемодандагы болгон акчам менен дүкөнгө барып, колумдан жулдуруп жибердим. Күн суук болуп үшүгөнүмдөн, колумдан кантип жулуп кеткенин билбей калдым. Ал күнү балдар ачка калып, жеңемден тил уктум. Жолго түшкөнгө каражат жок. Акчамды алдырганымды жеңем укту, бирок билмексен болду. Үйдөн эрте жөө чыгып, акыркы сабакты окубай кетип калам. Эки жума кыйналып, ачка болуп, катуу жүдөп кетсем керек. Аңгыча стипендия тийди. Эжейим Тамара Петровна баарын байкап жүрүптүр. Жазгы сессия башталардын алдында старостаны кошуп, мен жашаган үйгө жиберди. Бала үйгө киргенде эле жеңемдин түрү бузулду. Староста менин кайсы жерге жатарымды, кайсы жерге отуруп сабакка даярданарымды сураганда жеңем жооп берген жок. Старостабыз үнчукпай үйдөн чыгып кетти. Аңгыча байкем жумуштан келип короого жаңы эле киргенде жеңем көрө коюп, атырылып үйдөн чыгып: "Анау кызды караң, үйгө комиссия ээрчитип келиптир го!" деп кыйкырды. Байкем жеңемди көмөлөтө койду. Ортолоруна түшүп ажыратып чыркырасам, кошуна еврей кемпир терезеден карап туруптур. Жеңем мени катуу түртүп жибергенде, чалкамдан кетип башым каалгага тийип айрылып, мурдум канады. Көптө эс алдым. Ошол учурда ар түркүн ойго жетелетип, сыртка чыгып автоунаанын астына боюмду таштагым келип кетти. Кечки тамагын ичпей бүрүшүп жатып калдым. Эртеси Тамара Петровна менин кыйналып турганымды көрдү. Тагдырымдын улам татаалдашып бара жаткандыгына капаланам. Самат байке, жаздын жытына кумарланып, жайкысын кө-

пөлөк кубалап, кышкысын кар менен урушуп ойногон балалык күндөрүм ушинтип менден алыстоодо..."

Каттын ушул жерине келгенде, сырттан апамдын дабышы угулду. Ал киши үйгө киргенде китепти бетиме кармап, окумуш болуп калдым. Кичинекей Акылайдын башынан өткөргөн оор күндөрү жүрөгүмдү эзип жатты. Түнү боюуктабадым. Эртеси уйдун кезүүсүн кайтарганы талаага кеттим. Кат койнумда. Нандын жанына ороп алдым. Акылайды ушул учурда эркелетким келип кетти. Арга жок... Уйлар токойдун ичинде оттоп жүрүшөт. Катты койнумдан алып чыгып уландысын окуй баштадым:

"...Тамара Петровна мени эки кызга кошуп, окуу жайдын жатаканасынын 22-бөлмөсүнө жайгаштырды. Алар башка группаларда окушат. Экөө тең менден бир-эки жаш улуу. Кулак-жаным тынч. Урушкан жеңем жок. Убакыт кенен. Капастан чыккан кушка окшоп жыргап калдым. Жан талашып күнү-түнү сабак окуйм. Кыздар алтынчы, дем алыш күндөрү кино, цирк, иши кылып бирөөлөр чакыртып, сыртка кетип калышат. Мени менен эч кимдин жумушу жок. Себеби, аудитория менен жатаканадан башка эч жакка чыкпайм. Группабыздагы Таластык жана Ысык-Көлдүк эки жигит танапис учурунда жаныма басып келишип, сабагыма көз салышып, билбегенимди түшүндүрүп беришет. Китепкана да, окуу жайдын ичинде. Бөлмөдөгү үч кыз ынтымактуу жашайбыз. Жашоом чындап өз нугуна түшүп, мен үчүн студенттик күндөр эми гана башталгандай. Эмне дейин. Бала болсом да адегенде атамдан, анан апамдан ажыраганым аз келгенсип, кыялы чатак жеңенин күңү болуп, эки жылга чукул күн өтпөдүбү. Турмуш — өмүр бою окуп, үйрөнүп бүткүс сабак экен го Самат байке! Мүмкүн сиз да ушул турмуштук сабактан аз-аздан окуп жаткандырсыз? Адамдын көңүлү гүл демекчи, жеңемден көңүлүм катуу калды. Жашоодо адам баласын шылдыңдоодон, кемсинтүүдөн ашкан наадандык жок экендигин байкадым. Бирок, келе-

чектен үмүтүм зор. Баары алдыда. Адамдык сапатты жогору аздектеген адамдардын көп экенине ишенем. Айрыкча, менин ички дүйнөмдү түшүнүп, апамдай мамиле жасаган эжейим Тамара Петровнага өмүр бою ыраазымын. Эжейимдин жардамы менен окуп келе жатпаймынбы! Мына, буюрса быйыл акыркы курстамын. Анан дагы чогуу окуган көлдүк жигит экөөбүз сүйлөшүп жүрөбүз..."

Каттын ушул жерине келгенде, колумда кат эмес эле ысык чок тургандай болуп, калганын окугум келбей кетти. Бирок, аягына чейин чыдап окушум керек.

"...Самат байке! Кичине эле убактым боло калганда алтындай апамды, анын мээримин, айткан акылдарын, калың бактуу айылымды, касиеттүү Кочкорумду, билим алган мектебимди, курбуларымды, өзгөчө өзүм чоңоюп өскөн жер тамды эстей берем. Сиз менен биздин үйдүн ымаласы, апаларыбыздын жалынып турган учурлары көзүмдөн учат. Ал эми жай мезгилиндеги кубалашып ойноочу Сарала-Саздын жап-жашыл төрүн, аңкыган жыпар жыттуу гүл аралаш өскөн чөбүн, Айдаке чуңкур конушунун кичинекей көлүн, алышып ойногон жеңелеримдин көбүн түшүмдө көрүп, өңүмдө жетпей келем. Сиз деле Сарала-Сазды сагынаарсыз. Мунун бардыгын жазып жаткандыгымдын себеби, мени сиз гана жакшы түшүнөсүз деп ойлойм. Көөдөн толо жүрөк өйүткөн сырымды, сагынычымды сиз менен бир тууганча бөлүшүп алып, турмуштук дептеримдин жаңы барагын ачкым келди. Кошуңуз, Самат байке!!!

Жарыгыңыз эч качан өчпөсүн,  
Жаркыраган көнүлүңүз чөкпөсүн.  
Тоонун жашыл арчасындай,  
Өмүрүңүз сиз каалагандай көктөсүн!  
Саламым менен карындашыңыз Акылай!"  
Ушундан кийин Акылайдан кат алган жокмун.

* * *

...Онунчу классты бүттүм. Документтеримди топтоп, Фрунзеге келгем. Алгач Акылайга жолугуп коёюн деп окуган жерине бардым. Окуу жайдын айланасында каршытерши баскан жаштар. Сураштырып жүрүп, Акылайды тааныган жигитке жолуктум. Учурашкан соң өзүнүн Таластык экенин жана Акылай экөөнүн үч жыл бирге окугандыгын айтып:

— А сиз ким болосуз? — деди.

— Мен, мен... айылдаш агалары болом. Иничек, мени Акылайга жолуктуруп коё аласыңбы?

— Байке, Акылай жок. Кеткен.

— Кайда кетти?

— Күйөөгө.

— Окуусун бүтүрбөйбү?

— Жок, мурдагы күнү диплом алганбыз. Сүйлөшүп жүргөн жигити менен кечээ көлгө кетишкен.

— Рахмат иничек!

Башым тегеренип, жарык дүйнө караңгылап, жакын жердеги аялдамага барып отуруп калдым. Жан кишиге ыраа көрбөй келе жаткан бакыт кушумду чындап эле бирөө колумдан жулуп кеткендей абалдамын. "Жок, жок!.. Акылайды күйөөгө кетти деп күнөөлөгөнгө кымындай да акым жок. Ооба, чынында акым жок. Мен сени жакшы көрөмүн, окууну бүткөндө экөөбүз баш кошолу деп качан айттым эле?! Менин сезимимдеги катылып жүргөн сырымды ал кайдан билмек эле? Ээ, Кудай! Колума тийген катты окугандан кийин деле көлдүк жигит менен сүйлөшүп жүргөнүнүн чын-төгүнүнө жетип, жүрөгүмдүн бала кезден Акылай деп согоорун билгизип, шаарга бир келип Акылайга жолуксам болмок да! Эмнеге антпедим? Курган башым! Жөн эле эки буттуу макулук турбаймынбы! Кыз башы менен жогорудагыдай татаал күндөрдү башынан өткөрүп, турмуштун

сыноосуна чыдап окуусун бүтүрүп, келечекке кадам таштап кетти.

Ошол учурда өзүмдү өзүм ушунча жек көрүп жаттым. Жүрөгүм өрттөнүп, ичим эзилип баратты. Мен куру кыялымда үмүттүн бактысынын кайыгында калкылдап, Акылай таштап кетпейт деген бекем ишенимде камырабай жүрө берген турбаймынбы. Колумду сунсам жеткидей эле жерде жүрбөдүбү! Өзүм жалгыз бала болсом, жакшылыкта чогуу кубанчу, капалансам кайгымды түшүнчү, көксөгөн үмүтүм жалгыз Акылай эмес беле! Сүйүүнүн бийиктигин эми сезип, махабаттын кайгысына туш болгондо гана түшүнүп жатпайымбы. Жигит болгонум менен өтүмүмдүн жоктугунан талаада калдым!.." Баарын таш капты! Баары бүттү...

Акылы акактай, тунук жамалы Айдай, кереметтүү, жароокер, бала кыял Акылайым! Ылайым ден соолукта жүрүп, көп жаша! Мен куруюн! Баарына өзүм гана күнөөлүүмүн! Азыр сени көргөндөн баштап күйүтүм жеңилдегендин ордуна, экөөбүздүн чогуу чоңойгон күндөрүбүз көз алдыма тартылып, кусалыгым артып, жаштыгымдын орду сенсиз толбой, өмүрүмдүн өксүктө өтүп келатышы, жүрөгүмдү мурункудан да көбүрөөк оорутуп, арманым башымдан аша баштады. Сага Ысык-Көлдүн тузу буюруп, бир жигитин бактылуу кылып, өзүң да бактылуу өмүр сүрүп, турмушуңа ыраазы экениң көрүнүп турбайбы. Караанынды бардык жерден издеп, келмеден бетер атыңды ичимден миң кайталай берүүдөн тажабасмын! "Адамды дайыма бир арман коштоп жүрөт" деп Түгөлбай Казаков айткандай, менин жашоом Акылай деген армандын коштоосунда өтө бермекчи...

"Ата! Кочкорго келдик" деген үндөн түшүмдөн чочугандай оюмдан бөлүндүм. Жараткандын жазмышына, тагдырыма капаланып жерге түштүм. Сыртта асман түнөрүп, жамгыр жаап жаткан экен. Жүрөгүм эзилип, капалык муундуруп баратат. Акылайым... Сенин акыркы катыңды

медер тутуп, аны канчага чейин сактаганга мүмкүнчүлүгүм жетээр экен?!.

Өтүмсүздүк таш каптырып тилекти,
Өксүк жашоо өрттөп келет жүрөктү.
Карап коюп өтүп жатат өмүрүм,
Качаңкы бир бала чакта сүрөттү...

*Май-август 2015-жыл.*

## ТЕМИР ТУЛПАР МИНГЕН КЫЗ

1986-жылдын февраль айынын орто чени. Айлана бозомтук тартып тунарып, күн суук. Айылдын башындагы айдоо аянттын эки жагынан тең асфальтталган жолдор өтүп, бул аянт өзүнчө эле арал сыяктуу элес берет. Жолдордо түркүн машинелер зуулдашып, өз багыттарына кетип баратышат. Бирөө көмүр тартып өйдө баратса, экинчиси ошондой эле көмүр менен төмөн карай жөнөөдө. Буга таң калбаш керек. Анткени, жогортон Кара-Кеченин, төмөнтөн Рыбачье аркылуу Караганданын көмүрү ташылат эмеспи. Жолдун түштүк тарабында агып жаткан суунун боюна ДТ-75 үлгүсүндөгү каз таман трактор келип токтоду. Кабинасынан башына кызыл жоолук салынып, үстүнө көк комбинезон кийген, жашы кырктардан өтүп калган аял түштү. Шашылбай тракторун айланып, кабинасынын ичиндеги көмүркөйдөн ачкыч, балкасын алып чыгып, дөңгөлөккө асылды. Гусеницаны бириктирген палецтин бирөө чыгып баратса керек. Балка менен палецти ургулап отуруп ордуна киргизип, башмак экөөнү бириктирип, зым менен байлап бекитип жатат. Мен машинемди жолдун тигил жээгине токтотуп, автолун карап жаткам. Трактористка экөөбүздүн ортобуз жакын эле. Ал мени көргөн жок, же тим эле көрмөксөнгө салып койду. Жанына басып келип салам айтсам, башын өйдө көтөрүп, оозу бошураак алик алды. Мен аялга кайрылып:

— Тракторду сиз башкарасызбы? — десем:

— Көрүп турбайсызбы!

— Эмне, чарбаңарда эркек механизаторлор жокпу?

— Көп эле.

— Анда эмне үчүн сиз айдап жүрөсүз?

— Кесибим ушул болсо айдайм да! Чарбабызда кыз-келиндерден түзүлгөн "кызыл жоолукчан" механизаторлор тобу бар.

— Жакшы. Сизге жардам керекпи?

— Жок, ыракмат, — деп колун сүрүнүп, тракторун от алдырып, коштошуп жүрүп кетти.

Көк-Ойго кеч жеттим. Жуунуп үйгө кирип тамак ичип бүтүп, телевизорду карап отурсам уулум: "Ата, жаңы гезиттер келген" деп эки гезит сунду. Бирөөнү колума алсам, бүгүнкү жолдон көргөн трактористка аялдын сүрөтү жүрөт. Окуй баштадым. Көлөмдүү макала экен. "Кочкор районундагы "Тендик" колхозунун алдыңкы трактористкасы, Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин делегаты, "Эмгекке даңк", "Элдердин достугу", "Баатыр эне" ордендеринин ээси Исманкулова Шагдар эмгектеги жетишкендиктери үчүн "Ардак белгиси" ордени менен сыйланды" деп, макала уланып кете берди.

Оо, бүгүн мен баатыр энеге, алдыңкы механизатор аялга жолуккан турбайымбы! Ким ойлойт, карала-торала болуп майланышкан аялды съезддин делегаты, көп сыйлыктардын ээси деп. Бирок, кужурмөн аял экендиги байкалган. Аңгыча жаныма аялым келип, гезиттеги Шагдардын сүрөтүнө тигиле карап калды.

— Эмне эле гезитке кадалып, бул аялдын сүрөтүнөн көзүңдү ала албай кыйналып жатасың? Бир учурдагы таанышың бекен?

Кыжырым келип:

— Ооба, бүгүндөн баштап жакшы таанышым болуп калды! Ме оку! Сен деле мунун кандай аял экенин билип койсоң зыяны тийбейт! Эки кашык, эки чыныны чайкаганга эле эсиң ооп калат! Бул аял кечке талаада трактор айдап, кечинде келип он баланын түйшүгү менен алектенген атагы чыккан Шагдар аттуу айым экен.

Кудай жалгап аялымдын жаагы жап болуп, оозгу үйгө чыгып кетти. Гезитти барактап отуруп "аман жүр, бейтаныш аял" деп ичимден Шагдарга жакшылыктарды каалап жаттым. Атаганат, биздин айылдан деле аялдар трактор айдашса боло! Гезитти бүктөп столго таштап, терең ойго батып диванга кыйшайдым.

* * *

Шагдарга облустан ишеним көрсөтүлүп, Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездине катышууга борбор калаага жөнөдү. Эртеси саат тогузда съезд өтчү жайда депутаттар каттодон өтүшүп, залдан орун ала башташты. Бир маалда Шагдар улуу жазуучубуз Ч. Айтматов отурган катарга кандай жакын барып калганын байкаган жок. Чыңгыз Төрөкулович Шагдарга: "Кел, келегой. Менин жаным бош" деди. Шагдар эмне айтаарын билбей: "Саламатсызбы, агай" деп уялып араң учурашып, бош орунга отурду. Трибунага Борбордук Комитеттин биринчи катчысы А. Масалиев чыгып, отчёттук доклад жасады. Доклад ортолоп калганда республикадагы эмгектин алдыңкыларынын ысымдары аталып жатканда, Шагдардын да аты аталды. Шагдар толкунданып кетти. Муну байкаган Чыңгыз Төрөкулович:

— Сиз жөнүндө айтылып жатат го? —деп Шагдарга карады.

— Ооба, агай. Мен Кочкор районунун "Тендик" колхозунда трактор айдаймын, — деди Шагдар.

Кезектеги жарыш сөзгө Жети-Өгүз районундагы малды бордоп семиртүүчү мамлекеттик чарбанын ага чабаны Зайна Бейшекеева чыкты. Зайна ийгиликтер менен катар иштеги кемчиликтердин орун алгандыгына кеңири токтолду. Ошондой эле кайсы тармакта болбосун, республикабыздын бардык аймактарында эмгектенген аял жолдоштордун саны аз болуу менен, айрыкча элет жеринде алардын жа-

шоо шартына жеткиликтүү камкордук көрүлбөй жаткандыгын баса белгиледи.

Биринчи дем алуу учуру эле. Аппараттарын көтөрүнгөн журналисттер Шагдарды тегеректеп калышты. Шагдар берилген суроолорго сылык, кыскача жооп берип жатты. Журналисттер улам көбөйүп баратканда: "Кенен маектешүүнү кааласаңар Теңдикке келгиле" дегенде кимдир бирөө: "Барса барабыз, мейман бар жерде, береке бар" деп күлүп калды. Аңгыча КПССтин XXVIII съездине делегаттарды шайлоо убактысы келип, "Кочкор районунун "Теңдик" колхозунун алдыңкы механизатору Исманкулова Шагдар КПССтин XXVIII съездине Нарын облусундагы коммунисттердин атынан делегат болуп шайланды" деп жарыялаганда, Чыңгыз Төрөкулович Шагдардын колун кысып куттуктады. Ошентип, Кудайдын буйругу, ак эмгегинин аркасы, делегаттардын колдоосу менен Шагдар КПССтин Москвада өтүлө турган съездине катыша турган өлкөбүздөгү белгилүү инсандардын тизмесине кирип, атагы алыска кеткен жазуучубуз Ч. Айтматовго жанашып сүрөткө түштү. Бул чоң сыймык, чоң кубаныч!

* * *

Борбор шаарыбыздан Орозбек Кутманалиев баштаган атактуу артисттердин келгенин угушуп, райондун маданият үйүнө эл батпай калды. Сахнада не бир сонун залкар күүлөр чертилип, кубулжуган мукам үндөрү менен перидей сулуулар, кичүүлөр менен улуулар биринен бири кем калбай, өнөрлөрүн тартуулашууда. Бир маалда сахнага колуна комузун алып О. Кутманалиев чыкты. Залдагы көрүүчүлөр дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алышты. Кутманалиев комузун күүлөп чертип, "Ак-Мөөр" киносунда ырдаган ырынын обонуна салып:

"Кочкорлук калкым аманбы?
Калаадан айтам саламды.
Калыгул өткөн олуя,
Кыргызда бийик карааны.
Эмгектен калган таанылып,
Олуянын элине учурашып алалы.
Бирок райондун ичинде,
Ар тармактуу ишинде,
Ардактап атын атоого,
Аял заттар саналуу.

Темир тулпар башкарган,
"Тендиктин" сулуу кыздары.
"Кызыл жоолукчандар" деп,
Кыйла жигит сыздады.
Ар гектардан алтымыш,
Алтын данды сузганы.
Марага чыгып мелдеште,
Сыйлыктарды утканы.

Трактордун ичинде,
Шагдар айым чайпалат.
Ал айдаган аянтта,
Арпа, буудай жайкалат.
Жаркырап төштө ордендер,
Жүргөн жери салтанат.
Он баланы өстүрүп,
Баатырдыгы даңкталат.

Үзөңгүлөш курдаштар,
Улутунуп карашат.
Адырга чыгып баратса,
Акылдан көбү адашат.
Адырандаган жигиттер,

Артынан жетпей баратат.
Көк тулпар минген Шагдарга,
Кандай адам жанашат?
Сүйүктүү мындай айымга,
Жумакем гана жарашат.

Былтыр Фрунзеге аттанса,
Быйыл Маскөөгө жолу башталат.
Апасы кайтып келгенче,
Тулпарын уулу Марат башкарат.
Калган балдар тим жатпай,
Кошо иштешип такшалат.
Талаага жапырт чыгышса,
Таазим кылат чар тарап.

Жаркыраган тулпарын,
Жигулидей башкарат.
Жайы, кышы милдетин,
Жүз пайызга аткарат.
Энеси уул-кыздардын,
Эл ичинде макталат.
Эмгектен тапкан атагың,
Эскирбей дайым сакталат!"

дегенде, "жаша Шагдар!" дешип, туш-тараптан кыйкырган үндөр чыгып, алакандар узакка чабылды. Шагдар үчүн бул да эстен кеткис күндөрүнүн бири болуп калды.

* * *

Шагдар экөөбүз бир райондо жашаган менен анда-санда чогулуштарда көрүшүп, учурашып калабыз. Шагдардын жөнөкөйлүгү, жаркылдаган мүнөзү, Жума экөөнүн кесиптеш болуп бирге иштешип, ынтымактуу жашагандыктары,

он баланы тарбиялап өстүрүп жаткандары кимди болбосун суктандырбай койбойт. "Тендиктин" конторунун жанынан өтүп бара жатып Шагдарга жолугуп калдым. Кучакташып көрүшүп, өбүшүп дегендей, ал-жайды сураштык. Шагдар: "Курбум, сага жолугуп баарлашып, сырымды төгүүгө дилгир болуп жүрдүм эле. "Кыздын жайын ынак билет, сөздүн жайын кулак билет" дегендей, сөздү деле угаар адамга айткан жакшы эмеспи. Жумага он беш жашымдан баш кошуп, атам согушка кетсе, энемден эрте ажырасам, менин башымдан өткөргөндөрүмө ким кызыгып, ким угат? Жакшы учурда жолуктуң. Күн эрте, анын үстүнө дем алыш. Чалан байкеңдикине барып эле жүрбөйсүңбү! Жүрү андан көрө биздикине. Анда-санда эле көрүшөбүз, шашпай отуруп кобурашалы" деп үйүнө ээрчитип барды. Жаркылдаган келини жакшы маанайда тосуп алды. Сырттан уулу кирип учурашып, эки чыны чай ичкен соң, жумушум бар деп машинесин айдап, чыгып кетти.

...Тирүүлүктө ата-эненин байлыгы, сыймыгы — балдар экен го. Жума экөөбүз он баланы үйлөнтүп, жайланттык. Менин жумушума өбөлгө түзгөн Жума жана бирин бири баккан балдарым болду. Тунум Марат баштап, Сейитказы, Талантбек, Рахатбектер атайын билимдүү болгондоруна карабай, биздин жаныбызда трактор, комбайн айдап жүрүштү. Кийинчерээк, Сейитказы адистиги менен органдын кызматкери, калганы буюрган жумуштарды иштешип, үйбүлөсүн багып жатышат. Кыздарымдын да кээси жогорку, кээси атайын орто окуу жайларын бүтүрүшүп, Света Таласта, Гүлбарчын Токмокто, Роза Бишкекте, Аида "Тендикте", Айзада да Бишкекте жашап, ар түрлүү кызматтарда иштешүүдө.

Мен сага бала кезимдегиден кеп салып берейин. Атам Жумашаалы Каракүң уулу 1916-жылкы үркүндөн кийин Жумгалдын Кызыл-Туусунан Кочкор тарапка келатышкан адамдарга кошулуп келет. Алардын бир тобу биздин айылга

туруп калышат. Ата-энеден эрте ажырап, жетим калышкан эжеси, карындашы үчөө, кыйыр тууганыныкына баш калкалап жүрүшүп чоңоюшат. Бойго жеткенде эжеси Ак-Учукка, карындашы ошол айылга турмушка чыгат. Биз жашаган жер мурунку Ак-Кудук айылы деп аталат. Бул жер кадимки Канаат хандын, жазуучулар Сардарбек Рыскулов, Сагындык Өмүрбаев, коомдук ишмер Айгүл Рыскулованын мекени. Айылыбыз Орток тоого жакын жайгашкан. Мурунку жылдары тоодон көмүр казылып алынчу экен. Атам ошол жерде көмүр казып иштеп жүрүп, апам Бекбоева Койсун экөө таанышып, 1941-жылы баш кошушат. Аз убакыт өтпөй Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Атам кен чыккан жерде иштегендиктен, элден кечирээк 1943-жылы менин үч айлык кезимде согушка аттанат. Атамдан эки ирет кат келет. Экинчисинде: "Абалыбыз өтө оор, немистер туш-тараптан каптап кирип шаарларды талкалап жатышат. Биздикине салыштырмалуу курал-жарактары, армиясы да көп экен. Бирок советтик жоокерлер жан аябай салгылашып, немистерди жок кылуунун аракетиндебиз. Биз үйгө сөзсүз жеңиш менен кайтабыз! Шагдарды жакшылап бак! Кыргызстандын суусун аябай сагындым. Себеби бул жерде таза суу жетишпейт. Кай бир учурда бир ууртам суу кадимкидей тамак сыяктуу дем берет. Кош жаным Койсун, көрүшкөнчө" деп жазат. Ушундан кийин атамдан кат келбейт. Кийин Улуу Ата Мекендик согуштун 65 жылдыгына карата такталган жумгалдыктардын тизмесине атамдын ысымы киргизилиптир.

* * *

Үйдө апам, таенем, таекем, үч таежем болуп жашоо өткөрүүдөбүз. Апам колхоздун уюн саайт. Биздин саан уюбуз, алты коюбуз бар. Таекем жашы жетпегендиктен армияга барган эмес. Апам саанда болуп, мени таенем Ракыя багып

өстүрдү. Атам согуштан кайтпай калгандай кийин апамды Жумгалдан келген атамдын кыйыр тууганына алып беришкен. Каргашалуу согуштун капшабынан элдин турмушу оңолуп, курсак тоюп кете элек. Жегенибиз арпа, жүгөрүнүн унунан жасалган нан. Эт жеген үй чанда болуш керек. Сааны барлар эттин жогуна деле кайылбыз. Ачкачылыктын айынан жумгалдыктар бул жакка келишкен окшобойбу. Согуштун өзүн көрбөгөн менен запкысын көрүп калдык. Таенем мешке көң жагып, чай кайнатып, тамак бышырат. Алдуу-күчтүүлөрү наркы тоодон таш-көмүр казып, капка салып, аз-аздан көтөрүп келишет. Мектептеги класстардын ичи кышкысын суук. Кагаз, карандаш жетишпейт. Электр жарыгы дегенди билбейбиз. Иличтин шамын 1959-жылы келин болуп келгенде гана көрдүм. Асма чырак менен сабак окуп, кечки тамакты ичкенден кийин эрте эле жатып калабыз. Түн ичинде айыл ичинде тынчтык өкүм сүрүп, анда-санда иттердин үргөнү гана угулат. Таятам качан каза болгонун билбейм. Сурабаптырмын деле. Мен алтынчы класста окуп жүрөм. Айылыбызда жашаган жетимиштерге чукулдап калган карыя анда-санда таенеме келип, экөө кобурашып калышат. Карыя да Кызыл-Туудан экен. Үч эркек баласы чоңоюп калганда катуу оорудан каза болуп, кемпири экөөнүн коколой баштары калганда, Кочкорго келаткан элди ээрчип жөнөшүптүр.

Атамды адегенде дайынсыз, кийинчерээк өлдү деген кара кагаз келгенде, кой союп айылды чакырып, куран окуттук. Куранды жумгалдык карыя окуду. Дагы бир жума күнү куран окулуп бүткөн соң карыя: "Байбиче, маркум күйөө балаң эркектен жалгыз. Койсунга үйлөнгөн кайын агасы тек-жайды билүүгө кызыкпаган, ал тургай жети атасын толук биле бербеген момун пенде. Бечара Жумашаалыдан кыз да болсо артында Шагдар калып жакшы болбодубу. Жумашаалы экөөбүздүн аталарыбыз бир топ жерден кошулат. Бирок түбүбүз Курманкожо. Уругубуз саяк. Эшенга-

рек дегенден Молдошакир, андан Түгөл, Түгөлдөн Мангыт, андан Курманкожо. Курманкожо үч-төрт аял алса керек. Экинчи аялынын кош бойлуу кезинде кетирип жиберет. Аялды ошол айылдагы Эрмамат аттуу уйгур, Кашгар тарапка алып жөнөйт. Курманкожонун намыскөй Сүйөркул аттуу баатыр жигити Эрмаматты издеп таап, жеңесин кайра алып келет. Ай-күнүнө жетип аял эркек төрөйт. Жолдо жүрүп төрөдү деп наристенин атын Сүйөркул Жолболот коёт. Жанагы Эрмамат Хотендик жигит экен. Ушуну ээрчип катын Хотенге кетпедиби дешип, Жолболотко "Котон" деген сөздү жанаштырышат. Жыл айланып Жолболот инилүү болот. Ага Байболот деген ысым ыйгарылат. Байболот айылдагы эр-жүрөк жигиттерге кошулуп, алыстан жылкы тийип келише турган. Олжодон түшкөн жылкылардан Байболот малдын башын көбөйтүү максатында жакшы байталбээлерди тандап алчу экен. Ушуга байланыштуу Курманкожонун экинчи аялынан туулган балдары "Байталчы Котон" атыгып кетишет. Биздин аталарыбыз ошол тукумдан тарашыптыр" дегенде, таенем "уктуңбу?" дегенсип мени карап койду. Кийин жумгалдыктар өз жерине көчүп кетишти.

Таежелерим турмушка чыгып, үйдө таенем, таекем үчөбүз калдык. Атамды сагынайын десем, туулганы көргөн жокмун. Апам айылдын ортосунда жашаган адамга тийип кеткени менен, күнүгө көрүшүп турабыз. Мен үчүн бардыгы — таенем болуп калды. Атамдын агасы апамдан эки кыз, бир эркек балалуу болуп, Ак-Кудукта эле калып калды. Бегимай Кочкорго турмушка чыгып, бала-бакыралуу болуп, улгайып баратат. Майрамбүбү Фрунзеде. Мурат иним 1958-жылы төрөлгөн. Чарбанын ар түрлүү жумуштарынан иштеп жүрүп, былтыр пенсияга чыккан. Апам оорудан 48 жашында 1970-жылы жарыкчылык менен кош айтышты. Апам, төркүнүм — төбөйлөр деп калчу. Таенем баккан үчүн апамдан оолак болуп, эне кадырын өзүм эне болгондо билбедимби.

Таекем үйлөнүп, колхоздун малын багат. Жайкысын жайлоого чыкканда таенем экөөбүз кошо кетебиз. Кара-Кол суусунан өтүп, Суусамырга чейин барабыз. Кара-Кол суусуна Корумду, Чоң-Кашка-Суу, Ийри-Суу кошулуп, Кочкор суусуна куят. Биз жайлаган жерлер Дүңгүрөмө, Чоң-Таш, Ийри-Суу, Жинди-Суу, Беш-Мойнок, Ит-Үрдү деп аталат. Жайлоого чыккандар бөлүнүп, кокту-коктуларга конушат. Жайлоонун чөптөрү ыргалып, жел соккон тарапка жапырылат. Таң эрте боз үйлөрдүн түндүктөрүнөн ийрилип чыккан түтүндөр асманга созулат. Курсактарын энесинин сүтүнө, калганын ширелүү чөптөргө тойгузуп, мөл булактан суу ичишкен козу, улак, музоо, кулундар оюн салып жүрүшөт. Чүй тараптын малчылары да бул жакка келип жайлашат. Сакалдуулары шерине жешет. Жаштары ат чабыш, улак тартыш деген салттуу оюндарды ойношуп, эс алышат. Дөңсөө жерлерге аксакалдар кырка отуруп, алдыларындагы кеселерге куюлган кымыздан жутушуп, узун сөзгө киришет. 1916-жылкы үркүндө, кийинки эстен кеткис дүйнөлүк кандуу согушта элдин кандай оор күндөрдү баштарынан өткөргөндүктөрү тууралуу кеп салышат. Отургандардын арасында согуштан ок жеген майыптары бар. Бул да болсо тагдырдын жазмышы эмеспи. Кыз-келиндер жөн отурбай, аялга тиешелүү оокаттарды жасоо менен алектенишип күн кечиришет. "Ар кимдин жери өзүнө Мисир" дегендей, киндик каным тамып, балалык кезим өткөн айылым менен жайлоолор мен үчүн өтө кымбат.

* * *

Жетинчи классты бүтүп үйдө отурам. Мугалимдерден эсимде калганы Буржуев Зарлык агай. Сабакты эринбей түшүндүрүп, жакшы окутчу. Мен мектепти бүткөнү негедир төмөнкү айылдагы Зуурабүбү жеңе биздикине көп каттай турган болуп калды. Күйөөсү Жусупакун согушта

бир бутунан майып болуп келип, айылыбызда бухгалтер. Ал убакта чоңоюп калган кыздарды ата-энелер сүйлөшүп, же жигиттер жөн эле ала качып кетишчү. Бир күнү Ракыя апам: "Шагдар, мектебибиз жети жылдык. Аны окуп бүттүң. Мен карып баратам. Башка жактан окутууга шартым жок. Ургаачыга бактыны окууданбы же күйөөдөн айтабы, ал Кудайдын колундагы иш. Сенден эмнени жашырмак элем каралдым! Тиги Зуурабүбүнүн биздикине келип жатканы бекеринен эмес. Кочкордогу эжекесинин бойго жеткен баласы дүкөнчү болуп иштейт имиш. Айтымында теккүү жердин тукумунан окшойт. Сүйлөшүп көрүп, эгер бала көңүлүңө жакса, өз колум менен узатып санаам тынсын. Такыр көрүп-билбеген алыс жакка ала качып кетсе деле, аргасыздан отуруп каласың" деди. Мен үн каткан жокмун. Көрсө Зуурабүбү эженин жээни "айылыңарда жакшы кыз болсо таап бергиле" деп келсе, мага токтолушуптур. Жума экөөбүз таежесиникинен эки ирет жолугушуп, сүйлөштүк. Орто бойлуу сары чийкил, кишинин ичи-койнуна кирип, ачык сүйлөгөн жигит экен. Дүкөнчү болгон соң, кийген кийими да өзүнө куп жарашып турат. Менден он жаш улуу экенин үйлөнгөндөн кийин айтты. Бухгалтер жездеси туулган жылымды 1943-жылдын ордуна 1939-жыл деп өйдөлөтүп оңдоп, жээнин сот жообуна тартылбагандай кылып тууралап коюптур. Жума мага арнап кооз жоолук, атыр самын, бет май алып келип, мээр чөбү бардай башымды тез эле имерип алды. Бирок, кандай жигитке дуушар болуп, тагдырымды кимге байлаганы жатам деген сезимдер ойлонтууда. Ошентип, 1958-жылы Чекилдектин тушундагы Чоң-Булак деген айылга келин болуп келдим. Ак жоолукту башыма салышып, отургузуп коюшту. Келинди келгенде көр дешип, айылдагылар тынбай кирип-чыгышууда. Жума сегиз бир туугандын үчүнчүсү экен. Мындан кийинки кайын сиңдим ошол Чоң-Булакка турмушка чыгыптыр. Кош бойлуу көрүндү. Сегиз бир туугандын жетөө эркек. Кайын атамды кош-

кондо бул үйдө аял затынан кайын энем экөөбүзбүз. Кайын агам Муса 1941-жылы аскерге кетет. Ал кишиден адегенде "согуштун жол-жобосун үйрөнүп жатабыз, жакында согушка киребиз" деген кат келет. Ортодо "Согушка кирдик, Курск шаарындабыз" деп тамекинин саргыч кагазына жазылган үч бурчтуу кат алышат. 1942-жылдын аягында "Айыгышкан катуу салгылашуу жүрүп жатат. Фашисттик басып кынчылар Курск шаарын алууга "Тигр", "Пантера" аттуу жаңы оор танкаларды, эки миңге чукул самолётторду жана көптөгөн замбирек, миномётторду топтогону белгилүү болду. Биздин фронттун командачысы — генерал полковник И. С. Конев. Кудай буюрса "Цитадельдин" таш-талканын чыгарабыз деп үмүттөнөбүз. Бизге жакын жерде Чолпондук Карбозов Ташыбек, Асанов Сабырбектердин бар экендигин уктум. Бирок жолугуша алган жокмун" деген бойдон кат келбейт. Анткени, 1943-жылы Курск мойногундагы чоң салгылашууда окко учуп, сөөгү Октябрь районундагы Горная Поляна совхозуна коюлуптур. Тагдырдын жазмышына айла жок экен. Ээ курдаш! "Сынбасты уста жаратпайт, өлбөстү Кудай жаратпайт" болуп, ушунча бир туугандан бүгүнкү күндө Жекшен кайним менен Эркин кайын сиңдим калды. Бирок, Мусадан башкасынан укум-тукум улануууда. Мусадан кийинкиси Асан Миң-Кушта иштеп жүрүп үйлөнүп, 1971-жылы Кочкорго көчүп келишти. Жумадан кийин Эркин кыз, анан Жекшен, Дүйшөн, Ишен, Ысайбек — балдардын эң кичүүсү эле. Мен келгенде Ысайбек үч жашта экен. Чынында укум-тукуму өскөн жерге келин болуптурмун. Ушул үйдөн бактымды, алтындай балдарымды таптым.

Тендик айылында бир топ уруулар жашашып, элдин негизин Бай уулунун тукуму түзөт деп кайын атам чечмелеп, Жумага төмөнкүчө айтып калаар эле. Байдан Бердике, андан Калыбек, Калыбектен Чыңгыш, Чыңгыштан Шоңкор, Шоңкордон Мамадил. Мамадилден Исманкул, Иманаалы, Жумакадыр. Исманкулдан балдарымдын атасы — Жума

экен. Жуманын көзү өткөндөн кийин жети атасы тууралуу балдарыма айтып жүрөм. Кайын атамдын бир тууганы Жумакадыр Кочкордо, Нарында, Ат-Башыда ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеп, милициянын майоруна жеткен. Барган жерлерине Жуманы кошо ала кетип, дүкөнчүнүн окуусун окутуп, иштетип коюптур. Жума агасыныкынан армияга кетип, кайра кайтып келгенден кийин экөөбүз баш кошуп отурбайбызбы. Мен жаңыдан келин болуп келгенде жаштыгымдан кайнилериме, айылдагы кыздарга кошулуп ойноп жүрдүм. Жума да, үйдөгүлөр да оюма коюшуп, унчугушчу эмес. "Келиндин келгендегиси эсинен кетпейт" деп, келин курагым көңүлүм оорубай жакшы өттү.

* * *

Кайын атам менен кайын энем — ченебеген мээримдүү адамдар. Мага бир топ убакытка чейин оор оокат жасатышкан жок. Акырындап отуруп өзүм эле эртели-кеч үй саап, көп үй-бүлөлүү болгондуктан күн алыс печкага нан жаба баштадым. 1959-жылы түн уулумду төрөдүм. Алты балалуу болгонго чейин кайын атамдар менен чогуу жашадык. Балдарымды кайын энеме калтырып, келиндерге кошулуп жумушка чыгып жүрөм. Чоң-Булак — кең өрөөн. Түштүк жагы тоо болуп — боз чап. Бирок, суу кенен болгондуктан, эгин, чөп жакшы чыгат. Келиндер чөмөлө салып, жигиттер чөп чабышат. Трактор же машине келип калганда, чөптү жабыла жүктөп жиберебиз. Иштесе ишке, ойносо оюнга тойбой, кийсе кийим жарашкан, көз кырын салган бозойлор акылдарынан адашкан, керемет күндөрдү өткөрүүдөбүз. Кайнилерим мектепте окушат. Жума маданият үйүнүн чоң машинесин айдап, айылдарга кино коюп кетет. Жекшен мектептен келатканда мени жигиттерден кызганып, үйгө жиберип, ордума өзү иштеп калат.

Исманкул кайын атамдан улуусу Сыпайра аттуу кыз экен. Чоң кайын атам Мамадил үй-бүлөсү менен 1916-жылкы боштондук көтөрүлүштө негедир элден кеч үркүшүп, Кытайга жетпей, Ат-Башыдан кайра тартышыптыр. Элди ачкачылык, оору каптайт. Булардын да тамак-ашынын жугу түгөнүп ачка калышканда, он төрт жашар Сыпайраны өзүнөн көп улуу күйөөгө беришип, калыңына эптеп Кочкорго жеткиче жан баккандай ун-талкан алышат. Сыпайра эки эркек, бир кыз төрөгөндөн кийин, жолдошу каза табат. Салт боюнча кайнисине нике кыйылып, андан бир кыз, бир эркек балалуу болот.

Ыйманаалы кайын атамдын аялы төрөбөптүр. Жумадан кичүү Жекшенди асырап алышат. Ошол учурда Кочкор-Жумгал жолун оңдогонго жумушчу күчү керек болуп, аялдарды катыштырууга туура келет. Ыйманаалы кайын атамдын аялы жаш балалуу болуп үйдө калып, кайын энемди жумушка айдайт. Ыза болгон кайын энем абысынынын колунан Жекшенди жулуп кетет. "Аялдын бактысы бала менен турбайбы" деп абысыны ыйлап отуруп калат. Бир туугандардын билимдүүсү, тыңы Жумакадыр экен. Ал киши органда иштеп турганда согуш чыгат. Өз каалоосу менен Улуу Ата Мекендик согушка жөнөтүүнү өтүнүп, аскер комиссариатына келет. Бирок, комиссар: "Жолдош Мамадилов, тылга да жооптуу иштерди аткара турган сиздей алдыңкы катардагы кызматкер керек. Милициянын ага лейтенантысыз. Сиздин бул жактан аткарчу кызматыңыз фронттукунан кем эмес!" деп, согуштан калтырып коёт. Күндөр өтүп, Кочкор асыл-тукум кой өстүрүү заводунун алдыңкы чабаны Телегей Сагынбаеванын короосуна ууру кирип, өзүн да аз жерден мерт кылып коё таштагандыгы угулат. Начальник Мамадиловду чакырып алып: "Жолдош Мамадилов, республикадан келген билдирүүгө караганда фронттон качып жүргөн "Кармалбас" аттуу дезертир Кочкор өрөөнүнүн кокту-колотторуна жашырынып, уурулук

менен күн өткөрүп жүрөт имиш. Ыкчам топ уюштуруп, Кармалбасты кармоого керек" деген тапшырманы берет. Жумакадыр эртең менен үйдөн чыгып, шектүү жерлерди кыдырып чыгууга жөнөөрүн байбичеси Сакишке айтат. Аялы эстүү киши экен, "Мал издеген кишидей болуп колуңа таяк алып ал" дейт. Жумакадыр тор жоргосун токунуп, курал-жарагын, дүрбүсүн коюн-колтугуна бекемдеп катып, бөктөрүнчөгүн артынып, эски тонун кийип жолго чыгат. Бир топ кокту-колоттон өтүп, Кубакынын белин көздөй кеткен аттын жаңы изин көрүп, түз эле Кубакыга жөнөйт. Белге жете бергенде калың чийдин арасынан атчан киши чыга калат. Жумакадыр учурашкан соң, бээсин жоготуп издеп жүргөнүн айтат. Тиги жүдөгөн атчан мал көрбөгөндүгүн түшүндүрүп, атын камчыланып Кызыл-Омпол тарапка жөнөйт. Жумакадыр жашынып бастырып отуруп, түндүн бир оокумунда Кулаган Ак-Ташка келип, Орто-Токойго жакын коктудан жылтыраган отту көрөт. Ал жерди белгилеп коюп, кеңсеге чаап келип түнү менен даярдык көрүлүп, таң эрте белгиленген жерге жашынып турушат. Кеч кирет. Күн бата жаздап баратканда, кечээки жолуккан кишиси жылкы жетелеп кокту ылдый түшүп келе жатат. Ошол жерден органдын кызматкерлери акырын ууруга жакындашып, туш-туштан аткылашып, ууруга ок жаңылып, колго түшөт. Ошентип Жумакадыр коркунучтуу качкын, чоң ууру Кармалбасты кармайт! Бул кайын атамды ар дайым сыймыктануу менен эскеребиз. Кышы жети айга созулуп, сууктун күчү 45 градуска жеткен Кытай менен чектеш Ат-Башы районунда ден-соолугуна карабай беш жыл жетекчи болуп иштеп жүрүп, ооруга чалдыгат. Атабыз учурунда ички иштер органындагы үзүрлүү эмгеги жана көрсөткөн эрдиктери үчүн мамлекеттик сыйлыктар "Кызыл-Туу", "Кызыл Жылдыз" ордендери, "Күжүрмөн каармандыгы", "Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендигинин" медалдары менен сыйланган. Балдарынын улуулары — кыз-

дар болуп, атасынан төрт жашында калган Жаныш азыркы учурда райондук мамлекеттик администрациясынын жооптуу кызматкери. Бейиши болгур атабыз 1964-жылы дүйнөдөн өтүп кетти.

* * *

Жер-жерлерде майда чарбаларды бириктирүү башталды. Чоң-Булак менен Жоон-Арык Тендикке көчүрүлдү. Жума экөөбүз Чоң-Булактан 1961-жылы көчүп келдик. Күндүз талаага жумушка чыгабыз. Кечинде ылай чылап, эртең менен жумушка кеткенче кирпич куюп жүрүп, азыркы чоң үйүбүздү курдук. Балдарыбыздын алды кол-арага жарап, бирин бири багып чоңоюшууда. Жогорку үч чарба "Тендик" колхозу болуп уюштурулду. Тендиктин айдоо аянтынын көлөмү чоң, суугa кенен. Башкармабыз Кулубеков Мөкүш Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери. Агасы Кулубеков Аалы да билимдүү, согушка катышып, 1945-жылы СССР дин Жогорку Командачысы И.В. Сталиндин колунан Алкыш кагазын алыптыр. Райондо жогорку кызматтарда иштеп жүрүп, 1971-жылы каза болду. Үй-бүлөдө темирдей бекем тартипти сактаган, кайраттуу, эмгекчил адам эле. Балдарынын баары атасынын жолун жолдошуп эл кызматын аткарган, республикага белгилүү инсандар.

Даанасы эсимде жок, 1962-64-жылдар болсо керек эле. Талаада чөп жыйнап жүргөнбүз. Аңгыча үстүбүздөн самолёттор бир тарапка удаа-удаа уча баштады. Баарыбыз эч нерсени ойлонбостон асманды карап калдык. Алардын арасында бомба таштоочу самолёттору да бар экен. Башкармабыз аны таанып жаткан турбайбы. Самолёттор учуп кеткенден кийин: "Силер согуштун эмне экенин билбейсиңер! Кудай анын жүзүн ары кылсын! Кокустан мамлекеттер арасында чоң чыр чыгып кетсе, согушка айланышы бачым эле. Ошондой учурда эркектин бардыгы согушка кетишсе,

айылдагы техникаларды ким башкарат? Ким дан бастырып, чөп чаап, элди багат?!" деп айтканча түш болуп калыптыр. Эс алуу учурунан пайдаланып, башкармабыз көзү менен көргөндөрдөн кеп салып отурду: "Фрунзедеги айыл чарба техникумунун агрономдук бөлүмүн бүтүп, Тоң районунун "Лахол" совхозунда директордун орун басары болуп иштеп жүргөм. 1938-жылдын октябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, Түндүк, 3-Украина, 2-Белоруссия, Прибалтика фронтторунда жана Фин кармаштарында кызмат өтөдүм. Андан кийин Польшаны, Чыгыш Пруссияны, Германияны фашисттик баскынчылардан куткарууга катыштым. Жеңишти Гельберг шаарынан тостум. Армиядан 1946-жылдын январь айында келдим. Ээй жаштар, силер бактылуусуңар. Төбөңдөн бомба түшүп, маңдайдан замбирек атылып, бутуң баскан жерден мина жарылат. Канча деген адамдар "Апа" дегенге алдары келбей, окко учушту?! Жанында жалдырап көзү ачык жаткан жансыз денелер, же жаны чыкпай кыйналып онтогондор. Кай бирде ушул элестер кадимкидей көз алдыма тартылат. Жаштык курактын бир тобу отко аралашып, кан кечүү менен өттү. Мени менен чогуу армияга жөнөгөн жигиттердин көпчүлүгү кайтпай калды. Ажалым жок экен. Сегиз жылдан кийин мамлекеттик сыйлыктарга ээ болуп, аман-эсен эл-жериме келип, минтип араңарда иштеп жүрөм. Согушта жүргөндө "туулган жердин топурагын өөп өлсөк арман жок" дечүбүз. Деген кандай кызматты болбосун, акылман, кайраттуу жетекчи башкарса, жыйынтыгы жакшы болоорун согушта көзүм менен көрдүм."

Мөкүш агай чарбаны1962-жылдан 1972-жылга чейин башкарып турду.

* * *

Баягы самолёттор учуп кеткенден кийин башкармабыз көп нерсени ойлонуп, райондун жетекчилери менен акылдашып, айыл чарба бирикмесинин астында аялдар үчүн эки айлык мөөнөт менен механизаторлук курсту ачууга макулдашыптыр. Ал учурда Кара-Тоодогу ШМК Нарындын Куланагына кошулуп көчүрүлүп кеткен.

Жума армиядан келгенден кийин дүкөнчүлүктү таштап кинодо айдоочу, чарбада заправщик, механик болуп иштеп жүрүп, кийин трактор айдаганга өткөн. Кээде тракторун үйдүн жанына токтотуп калат. Мен деле тракторду башкарган, жер кыртышын аңтарган механизатор болсом деген ой менен Жуманын тракторун кармалап, ачкычтарын алып берип калам. Бир күнү чарбанын кеңсесинде чоң жыйналыш өтүлүп, колхоздун бардык мүчөлөрү катышты. Башкарма чарбанын иштери жөнүндө айтып келип, жыйырма келинкыз трактордун окуусун окуй тургандыгын баса белгиледи. Ошол жерден тизме жазылып, жыйырмабыз катталдык. Эртеси эле окуу башталды. Сабакты Жаңы-Жолдук Сагынбек аттуу жигит берет. Курсту жыйырма келинден онубуз аяктап, сертификат алдык. Калгандары ар түрдүү себептер менен окуудан чыгып кетишти. 1960-1961-жж. түштүктө пахта жыйноочу машинелерди башкарган алдыңкы механизаторлор Дилорам Рафикова, Саадат Ногоевалардын атагы алыска кете баштаган. Мен да ошолордой болсом дегенде эки көзүм төрт. Тракторист-машинист деген сертификатты Жумага көргөзүп: "Окууну бүттүм. Эми өзүң жаныңа алып жүрүп үйрөт" дедим. Алгачкы жумуш күнүм Жуманын тракторуна отуруп, алыскы аска-зоолуу тар капчыгайдын ичиндеги ийри-муйру жолу бар Кара-Кужур өрөөнүнө чөп жеткирүүдөн башталды. Капчыгайдын ичинде баратабыз. Жалама зоого чоң таштар араң илинип тургандай. Кокус нөшөрлөгөн жаан болуп, таштардын топурагы жуулуп, түбү

бошоп төмөн куласа, жолдогулардын таш-талканы чыкчудай! Тележкага чөп сылай басылган. МТЗнын ичине экөөбүз кенен отурдук. Жуманын ар-бир кыймылынан көзүмдү албайм. Чөптү белгиленген сарайга жеткирдик. Жума кайсы рычагды басып тележканы көтөрүп, чөптү төгөөр экен деп карап турам. Чөп түштү. Кайтып келатып чоң жолго чыкканда, рулга мен отурдум. Окуу учурунда айдап калгандыктан азыр тракторду коркпой Кочкорго чейин башкарып келдим. Ошол күндөн баштап өз алдымча тракторго отуруп болбой калдым! Тулпарымды колум бошой калганда жууп тазалап, тетиктерин майлап коём. Бара-бара бузулган жерин оңдоп, билбегенимди тажрыйбалуу механизаторлордон сурап алып жүрөм. Эми жерди айдоонун ыкмаларын Жумадан жакшылап үйрөнүшүм керек. Айылдагылардан: "Шагдар жөжүрөгөн балдарын багып үйүнө эле отура бербейби" дегендер болду. Кесибим өзүмө жаккан соң, мага башкалардын сөздөрүнүн эмне кереги бар! Тилегим — чарбама пайдамды тийгизүү. Таң заарынан туруп, үй жумуштарын бүтүрүп, андан соң гаражга жөнөйм. Жума менден эртерээк кетет. Кайсы трактордун эмне жумуш аткараары мурунку күнү кечинде бөлүштүрүлөт. Быйыл күн жылып, жаз эрте келди. Тоо башындагы карлар эрип, арыктар сууга толуп, дыйкандар суунун бир тамчысын текке кетирбей, айдоо аянттарын толук сугарып бүтүшкөн. Техникалар кош айдоого даяр болуп паркта тизилип турушат. Кош айдоо эртең башталат деген күнү Жума катуу тумоолоп төшөктө жатып калды. Тракторумду айдап барып Чоң-Булактагы кайын энем Зууракандны алып келип, Жуманын жанына калтырдым. Өзүм талаага жер айдаганы кеттим. Ай-талааны жаңыртып, тракторлорду күркүрөтүп, жер айдап жүрөбүз. Айдоо аянтындагы топурактын жагымдуу жытын, талаанын сырын түшүнгөн гана киши сезээр. Бир башкача касиеттүү жыт го чиркин! Жума айыкканча үйдөн эрте чыгып, кеч келип жүрүп, экөөбүзгө бөлүнгөн жерди айдап бүтүрдүм. Антпесе жер кургап кетет да!

* * *

Трактор айдаганыма экинчи жылга карап бараткан. Башыма кызыл жоолугумду салынып, үстүмө комбинезонумду кийип, тележкага толтура кык жүктөп, Байтели арыгын бойлоп талаага төккөнү келе жатам. Айылдан эки чакырымча узаганымда алдымдан чарбанын алдыңкы чабаны Жапаров Мүсүй чыгып калды. Тракторду токтотуп учураштым. Ал мага:

— Шагдар, эр эмгегин эл баалайт эмеспи. Сенин ак ниет эмгегиң өз жемишин берип, КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алыныптырсың. Ийгиликтериң кут болуп, дагы көптөгөн жакшы иштерди жаратып, эл кызматын аткара бер! — деди.

— Айтканыңыз келсин! Сиздин дагы койлоруңуз эгиздеп төлдөп, райондун алдыңкы чабандары Жунушов Касымбек, Сакыбаев Советтерге жетиңиз! Жума экөөбүз сизге сакманга барып жүрүп көнүп калыптырбыз. Эгерде быйыл барып калсак кабыл аласызбы? — деп күлдүм.

— Силерди Айдын караңгысында тосуп алам да айланайындар! Экөөң мага акжолтойсуңар. Силер менен үйүмө кут, короомо береке кирет —деди.

Бирөөлөргө түнт көрүнгөнү менен, шашылбай басып, шайыр жүргөн адамгерчиликтүү, кызыл жүздүү Мүсүй көп жылдардан бери колхоздо тубар кой багат. Жума экөөбүз Мүсүйгө алты жыл катары менен сакманга барып, козулары ирденгенче жүрдүк. Колубуздан келишинче төлдүн башын аман сактоого аракеттенип, өз малыбыздай асырап бактык. Ошондон уламбы, бир тууган дай мамиледебиз.

* * *

Жерге кык, жер семирткич чачып турмайын талаачылыктын түшүмдүүлүгүн арттырууга мүмкүн эмес. Быйыл ар гектардан 56 центнерден түшүм жыйналып, чарба боюнча 500 тонна дан эгинин бастырууга жетиштик.

Колхоз эми совхозго айланды. Жумушчулардын бирдиктүү системада эмгектенүүсүнө жакшы шарттар түзүлдү. Чарбада механизатор аялдардын саны көбөйүп, "кызыл жоолукчандар" тобу уюшулду. Топтун катарында Эсентаева Салкын, Дүйшеналиева Гүлзина, Тыналиева Сагын, Сапаева Сайна, Өмүрова Мээрбүбү, Байчороева Асанбүбү, Султаналиева Сагын, Канатова Токон жана мен бармын. Өз ара социалисттик мелдештер уюштурулуп, жыл жыйынтыгы менен жеңүүчүлөр аныкталып турду. Булардын ичинен үй-бүлөбүз менен иштеген механизаторлор Гүлзина менен биздики. Гүлзина Кыргыз ССРнин Жогорку Советине депутаттыка шайланып, Москвага айыл-чарба көргөзмөсүнө да барып келди. Эсентаева Салкын Ленин орденин алды. Топ, Паша Ангелина атындагы сыйлыкка татыктуу болуп, аялдардан чыккан алгачкы учкуч баатыр космонавт Валентина Терешковадан куттуктоо кат алдык. Терешкованын куттуктоосу күчүбүзгө күч кошуп, эки эселенген кайрат менен иштөөгө милдеттендирди.

Бүгүн Кара-Кужурга бара жаткам. Сары-Булактан мектепте бирге окуган курбум жолугуп: "Шагдар, сен такыр өзгөрбөптүрсүң. Бетинде бир да бырыш жок! Айдаганың трактор. Деги бетиңе кандай крем сүйкөнөсүң?" деп жагпайбы! Мен суроосуна жооп бербей туруп, бир укканымды эстеп: "Чебер уста окшош эки соко жасаптыр. Бирөөнү эмгекчил дыйкан сатып алып, жер айдап жүрөт. Экинчисин короодо туруп дат басат. Бороздо жүргөн соко улам жаркырап өңүнө чыгат. Өзүң акыл жорутчу!" десем унчукпай калды. "Адам эмгеги менен сулуу жана дайыма жаш болот" деп кош айтышып, тракторумду айдап, жолумду улanttым.

Кышкысын тележкаларга тоют жүктөп жалтыраган муздун үстү менен үчөөбүз эрчишип алып, токойдун ичиндеги сарайларга жөнөйбүз. Токойдо торпоктор багылат. Кокустан муз жарылып түшүп кетсек, чыгышыбыз көп жерде. Бирок Кудай сактап андай күнгө дуушар болгон жокпуз.

Биздин кыштоолор тоолордун арасындагы кокту-колоттторго жайгашкандыктан, кышкысын тоют жеткирүү бир топ кыйын. Суукутун күчүн айтпа. Жолдо бузулуп калган учурлар кездешет. Кээде килтейген монтировка менен жарылган дөңгөлөктөрдү чыгарып, кайта салабыз. Кыян жеп кеткен жолдордо жүрүш андан тозок. Бирок жумуш деген жумуш. Өткөндө чарбанын 300га айдоо аянтына силоско деп буурчак, жүгөрү сепкенге коңтормо айдадык. Бригадирлерибиз биз менен талаада жүрүшүп, кечинде үйлөргө чогуу тарайбыз. Жаз-күз талаа стандарына ысык тамак уюштурулуп, иштеген жерлерге чейин жеткирилип берилет. Механизаторлор үчүн ушундай камкордук көрүлүп турса, анан кантип иштебей коёсуң!

Чарбаны Кулубеков Мөкүштөн кийин Саринжиев Жолдошбек, Айтбаев Тариэль, Шаршенбаев Алтымыш, Сулайманов Эркиндер жетектешти. Ортодо Алтымыш он жылдай парткомдун катчысы кызматын аткарды. Алардын ар биринин айтаарлык орду бар. Ферма башчылары Сариев Үсөн, Осмоналиев Алек, Сарыгулов, Ибраев Жеткинчектер айдоо аянтын жана механизаторлорду тынымсыз кыдырышып, эгерде кемчиликтер кетирилип жатса, учурунда жоюуга аракет жасашат. Кулубеков Мөкүш агай айткандай үйдө үй ээси, чарбада жетекчи тың болсо бүтпөгөн жумуш болбойт экен. Негизгиси ынтымак керек тура. Кара-Кужурду Ибраев Жеткинчек, Асаналиев Жапарбектер башкарып, климаттын татаалдыгына карабай, төлдөн, талаачылыктан алган милдеттемелерин аткарып турушат.

Өзүм техникадан ДТ-54, ДТ-75, МТЗ-40, МТЗ-50, МТЗ-80 маркасындагы тракторлорду жана НИВА комбайнын айдап жүрөм. Кырманда Белек аттуу жумушчу жигит бар. Бир күнү кырманга МТЗ-50гө үч тележканы чиркеп келдим. "Бирөөнө эспарцет, экинчисине арпа, үчүнчүсүнө жер семирткичтен жүктөгүлө" деп, өзүм кырмандын кароолчусунун жанына барып, ийигимди ийирип отуруп алдым.

Тигилер жүктөп жатып чарчашса керек. Бир маалда Белек: "Э Кудай! Ушундан көрөк артист болсом эмине! Келбетим келишимдүү, үнүм уккулуктуу, шыгым деле бар. Бу Шагдарды кой дебейсиңерби, бизди өлтүрөбү! Жок дегенде эл сыяктуу бир же эки тележка чиркесе боло! Өзүнүн тигинтип камырабай ийик ийирип отурганын карабайсыңарбы!" деп элди күлдүрүп жатат. Чынында, кай жерде иш жакшы жүрсө, ошол жерде күлкү бар да.

* * *

"Башындагы суусар бөрк кимдер ыргап кийбеген, дөөлөт башта турганда ким күркүрөп жүрбөгөн" деп "СЕЙТЕК" эпосундагы Бозбала айткандай, темир тулпарга отурганы талаада жер айдоо менен эле чектелбестен, анын үзүрүн да көрүүдөмүн. Райондук, облустук жыйындарга катышып, эл менен таанышып, алдыңкы механизаторлорго жолугуп, пикир алышам.

Монгол Элдик Республикасы менен Нарын облусу өз ара мамиле түзүп, катташып турабыз. 1982-жылдын ноябрь айынын бешинде партиялык делегация Монголияга жөнөмөк болдук. Жетекчибиз — Нарын обкомунун 2-катчысы Тараканов Анатолий Михайлович. Нарын шаарынан Социалисттик Эмгектин Баатыры — курулушчу Мамек Мырзабеков, Ат-Башы районунун бир колхозунун башкармасы Кармышаков Койчуман төртөөбүз жолго чыктык. Поездге отуруп Иркутск шаарына бир түнөп, Новосибирскийге жеттик. Шаарды эки күн кыдырып, музейлерин көрдүк. Андан соң Улан-Баторго багыт алдык. Вокзалдан Кыргызстандын элчиси тосуп алып, офисинен сыйлап, тамактандырды. Бизди узатып жатып: "Шагдар, Монголияга келдиңер. Шашпай кыдырып таанышасыңар. Монгол жергесинде сага окшогон Баатыр энелер бар. Бирок трактор айдаган аял жок. Себеби, бул жакта жер айдалбайт" деп тамашалады. Тилмеч

болууга окууну Москвадан бүтүп келген Дилгер айым кошулду. Улан-Батордон духовкага бышырылган койдун этин жедик. Ал жерден лимузинге отуруп, ээн талаа, эрме чөлдү аралап, Гоби аймагындабыз. Гобиден облусттун жетекчиси кызматкерлери менен жана баштарына газовый жоолук салынышкан улгайган аялдар тосуп алышты. Аялдар оздорун ачып күлгөндө бир дагы тиштери жок экени көрүндү. Жетекчинин конторуна чоң дасторкон даярдашып, үстү толтура дүйүм тамактар экен. Сырттан бир жигит кирип, дасторкондун чекесине "Ох архи" деген жазуусу бар шишедеги ичимдикти коюп кетти. Койчуман — шайыр, шаңкылдап ырдай билген, отургандарды күлдүрүп сүйлөгөн, такылдаган жигит. Дилгер айымга шишени көрсөтүп, жазуусун которуп берүүнү өтүндүм. Дилгер айым: "Бул ичимдик силерче которгондо "арактын гүлү" деп аталат" деди. Эркектер ичимдиктен татып отурушту. Сыртка чыгып машинеге түшүп, аймактын музейине келдик. Музейге Пржевальскийдин кийимдери, тапанчасы, бутуна кийген тапочкасы, суу ичкен кудугунун сүрөтү, ошондой эле монгол элине тиешелүү байыркы буюм-тайымдар, урушка жөнөп жатышкандагы тартылган сүрөттөр жана башкалар коюлуптур. Биз монголдорго белек катары бир нече камчы, калпак, значокторду алып барганбыз. Шарты келген жерлерде тапшырып жатабыз. Гобинин Эрден самон, Эргол самон аталган эки районун кыдырып жүрөбүз. Эли жалаң боз үйдө жашашат экен. Боз үйгө киргенде радиодон Алла Пугачёва ырдап жатыптыр. Там жок. Бир жерде гана бирөө "Г" формасында топурактан үй куруп алыптыр. Жогоруда белгиленгендей, биздикинен жалпагыраак, бирок көлөмдүү, оозунда бут чечмеси бар боз үйлөрдө өмүр бою жашоо өткөрүп келатышыптыр. Болгону мал чарбачылыгы менен жан сакташып, айран-кымыз ичишип, эт жешет экен. Малдын түрүнөн жылкы, уй, төө, эчки, карала-торала түстөгү куйруктуу койлор. Булардын жүндөрүн жылына бир жолу кыркып алы-

шып, борборго беришээрин Дилгер айым түшүндүрүүдө. Эң кызыгы — койлорду ИЖ маркасындагы мотоциклдер менен кайтарышкандары. Эли дагы, малы дагы кудуктан суу ичишет экен. Ошол жерден каалаганыбыз төө, каалаганыбыз ат минип сүрөткө түштүк. Жаткан жерибиз — облусттун борборунан бир аз алыс курулган курорттук зона. Анын курулушу да — боз үй формасында болуп, бирок төрт бөлмөдөн турган там үй. Эки аял бир бөлмөгө, калгандары экөөнө жайгашты. Шарты ыңгайсызыраак.

Мына бүгүн АН-2 самолётуна отуруп, кен чыккан жерге учуп келдик. Жалтырак түстөгү таштар казылып алынып, тиешелүү жерине жиберилип жатат. Бизге кичинекей тактайчанын бетине таштан чөгөрүп, эстеликке беришти. Канчалык даражада баалуулугун сурабадык. Андан ары военный частка жетип, ГАЗ-69 маркасындагы машине менен аң уулоого чыктык. Дүрбү менен жайылып жүргөн тоо жаныбарларын көрдүк. Эркектер ат минип тоо аралап кетишти. Түш оогондо артынып-тартынып келип калышты. Койчуман мүйүзү аркайган чоң кулжа, Тараканов сайгакка окшош жандык атыптыр. Часттагылар биздин жигиттердин көзгө атаар мерген экендигине жана жандыктардын эркегин тандап аткандарына таң калышты. Монголдор бизчилеп малды мууздабай, моюн омурткасын толгоп салат экен. Койчуманга:

— Ай, мууздалбагандан кийин мунун эти арам го —десем,

— Жеңе, талаа жеринде баары адал болот —деп каткырды.

Карын майына эттен ороп куурдак куурушту. Андан чыгып дүкөндөрүн кыдырдык. Дүкөндөрүндөгү баалуу деп эсептелген буюму — кытайдын термостору экен. Монголдордун аял-эркек дебей тышкы кийимдеринин ичи ар түрлүү жандыктын терисинен жасалып, сырты жалтырак материал менен капталып турат. Кай жерде отурбайлы, алардын кийимдеринин жүнү биздин кийимге жабышып жүдөттү. Оңбогон Койчуман "күнүгө кечинде кийим тазалап жүдө-

дүм" деп, кийинки күндөрү жанына дипломатын коюп алчу өнөр тапты. Баамымда терилер өз деңгээлинде иштетилбеген үчүн, жүндөрү жыдып, кийимге жабышып жатат. Айылдан обочо жерде орус туугандар эт комбинатын куруп жатышыптыр. Аларга учурашып, чогуу сүрөткө түштүк.

Келгенибизге он күн болду. Кетүүнүн камын көрө баштадык. Монгол достор ар бирибизге мурун даярдалып, сырты лакталып коюлган жейрендин мүйүздөрүнөн чакан сувенир, бирден төөнүн жүнүнөн жасалган жаздык, норка тумак, суурдун терисинен тигилген чыптама, китеп, почто маркасын, значокторду беришти. Тараканов жаздыгын "кызыңа ала бар" деп мага сунду. Ошентип сыйын көрүп, достор менен жакшы коштошуп, ыраазычылыгыбызды Дилгир айым аркылуу түшүндүрүп, Ала-Тообузга аттандык.

* * *

Мен үчүн өткөн күндөрүмдүн ар бири кайталангыс, жана эсте калаарлык окуялар менен кызыктуу. Бир гана өкүнүчүм — өзүмдүн апамдын дүйнөдөн эрте өтүп кетиши. Талаада жалгыз ишгеп жүргөндө адегенде ырдап, анан апамды жоктоп кошок кошуп кеткенимди Жума байкап калыптыр. Кечке ыйлап, көздөрүм шишип калат окшобойбу. Кечинде жолумдан тосуп: "Шагдар койчу эми, ыйлабачы. Өзүң канча баланын энеси болуп отурасың. Апаңды эстебей коймок белең. Ажалга айла барбы! Экөөбүз атамды, үч жыл өтпөй апамды ээсине бердик. Шагдар, өзүбүздүн, балдарыбыздын, бир туугандарыбыздын аманчылыгын тилейли. Сабыр кылып, мындан кийин үйгө ыйлабай барчы" деп, чекемден өөп эркелетти. Ичимден: "Оо Кудай! Апам жок болсо да, мени туура түшүнүп, жалгызсыратпай, сырымды бөлүшөр Жумадай жакшы жарга туш кылганыңа ыраазымын!" деп, кабагымды бүркөбөй калдым.

Жаз башталып, Күндүн шооласы Кара-Кужурдун салкын абасын жылытып, койлор көк кууп адырга жайылып

чыккан кезде, тар капчыгайдан чыккан шамал бура бастыр-бай калат. Суу бойлото өскөн майда бадалдар шамалга ту-руштук бере алышпай, кээде эңкейишип, кээде түзөлүшөт. Тоют жүктөлгөн тракторум менен чабан Шүкүров Качкын-дын сарайына жаңы жетип токтогом. Учурашып бүтөөр ме-нен: "Мына, башталат эми. Тоютту ылдамыраак түшүрүп жиберишибиз керек!" деп чабан шашылып калды. Экөө-бүз тележканын эки жагына чыгып, үстүндөгү жапкычты сыйырып жибердик. "Дагы айры барбы?" десем, "бар" деп колума карматканча, катуу шамал башталып, артынан кум учурган алай-дүлөй куюн келатат. Качкын экөөлөп тоютту жанталашып сарайдын ичине түртүп калууга жетиштик. Менин жардамдашканыма Качкын аябай ыраазы болду. Ал: "Шагдар, Кара-Кужурга керек болсо жайдын күнү кар жаап коёт! Ал эми шамалга биз да, мал да көнүп бүткөнбүз. Бул өрөөнгө тоют тартканда мүмкүн болсо түшкө чейин ке-лип калганыңар дурус" деди.

Коммунист катарында коомдук иштерге да катышам. Чарбада элдик контролдоо тобунун мүчөсүмүн. Өздүк көр-көм чыгармачылыгы иштейт. Бул боюнча ыр кесе учурунда райондук маданият үйүнө барып даярданууга туура келет. Маданият бөлүмүнүн жетекчиси белгилүү спортчу болгону менен, жан дили музыкага берилген, өзү да жогорку чебер-чиликте ырдаган мурунку башкармабыз Кулубеков Мокуш-түн агасы Аалы атанын уулу Сапар. Сапар улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, таланттарга аяр мамиле жасаган жетекчи. Ошол кезде уюштурулган "Шаттык" ыр-бий ансамбли Ук-раина, Югославияга чейин барып, жана Кыргызстандын көп аймактарын кыдырышып концерт беришип, көрүүчү-лөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болушту. Биз болсо жакшы ыр-даган менен негизги жумушту таштай албай, райондо өт-көрүлгөн салтанаттарда анда-санда ырдап чыгабыз. Мен К. Досмамбетованын "Кыйылып турам", "Көл жээгинде", Ж. Шералиевдин "Анда сен", "Жибек чач" жана С. Туркме-новдун "Ысык-Көлдөн бир элес" аттуу ырларын ырдайм.

Колум бошой калганда балдарымдын күндөлүгүнө көз жүгүртөм. Үйдөгү оокаттарды кыздарым — кызыл алтындарым Света, Гүлбарчын, Гүлжамал, Роза төртөө ойдогудай жасап, бөбөктөрүн татынакай карашат. Түнкүсүн кыздарым менен шырдак жасап, жууркан тигебиз. Себеби он баланын камын көрүшүм керек да. Тирүүчүлүктө ушундай түйшүктүү күндөр менен тең жарышып, өмүр да өтүп жатат.

* * *

1986-жылы КПССтин XXVIII съездине катышып келгеним эмгек жолумдагы жакшы учурлары катары эсимде калды. Делегаттар борбор шаарыбыз Фрунзеге эки күн эрте келдик. Себеби, Москвага барганга Борбордук Комитеттен тиешелүү документтерди алышыбыз керек. Нарын облусунан съездге делегат болуп обкомдун биринчи катчысы Мураталин, Нарындык чабан Н. Туташов жана мен шайлангам. Саат он экиде ТУ-154 самолётуна отуруп, Москвага учуп, Домодедово аэропортуна кондук. "Россия" мейманканасынын төртүнчү кабатынан орун берилди. Жети-Өгүздүк алдыңкы чабан Зайна Бейшекеева экөөбүз бир номердебиз. 21-феврал күнү Кремлдеги съезддер өтүлүүчү Дворецке кирип, залдан орун алдык. КПССтин биринчи катчысы М. Горбачёв доклад менен чыгып сүйлөдү. Эртеси Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Коммитетинин биринчи катчысы А. Масалиевге сөз берилди. 2-март күнү Москва районунун Москва колхозунда болуп, чарбанын бардык иштери менен тааныштык. Жумуштар бүт автоматташтырылган. Бир канча жумушту бир эле киши кнопканы басуу менен аткарат экен. Эртеси борбордогу завод, фабрикаларды, музейлерди, соборлорду көрүп жүргөндө Екатерина2-нин өтө баалуу чоң көйнөгү таң калтырды. Бул көйнөктөн бизге чак он көйнөк тиксе болчудай! Оружейная палатанын ичинде-

ги курал-жарактардын жана баалуу буюмдардын атын таап айта албаймын! Андан соң Останкино мунарасына келип, үчүнчү кабатына көтөрүлүп, ресторанынан орун алдык. Зайна орус тилин билгендик, өтүмдүүлүк кылып, тамакка заказ берди. Кара кофе, балыктын икрасы алынып келинди. Икраны мурун жеп көрбөгөндүктөн даана тоолук экенимди билгизип, айры менен сайгылап коюп отурам. Эт менен жасалган тамак гана ичтим. Мунара 45 мүнөттө бир тегеренип, Москванын айланасы алаканга салгандай көрүндү. Космонавттардын аянтчасын кыдырып, андан соң айыл-чарба көргөзмөсүн көздөй жөнөдүк. Көргөзмөдө нелер гана жок! Көргөзмөдөн мага тракторлордун, чиркегичтердин, комбайндардын түрлөрү жакты. Ичимден "Атаганат! Ушу техникалар Кочкордо болсо кана!" деп коём. Съезд бир топ күнгө созулду. 23-феврал, 8-март майрамдарын ошол жактан өткөрдүк. Үйгө кайтчу учурубуз келди. ГУМ, ЦУМдарды кыдырып, балдарыбызга белек-бечкек алып, абасы атыр жыттанып, суусу суусун кандырган жеримди, талааны жаңырткан тракторумдун үнүн сагынып, өз жерибизге жол тарттык. Москвада жүргөндө Кыргызстандан барган делегаттар өзүнчө чогулуп, чай ичишип калып жүрдүк. Отурган жерде ар-ким өз жерин мактайт. Мен да кадимки Калыгул олуянын урпактарынын келини болуу менен, хандар чыккан касиеттүү кара Кочкордун тракторист айымы экендигимди сыймыктануу менен айтам".

* * *

Шагдар Москвадан келгендин эртеси жумушка чыкты. Туут компаниясы кызуу башталып жаткан кез. Кызыл жоолукчандар тобу туут сарайларга тоют ташып жеткиришүүдө. Шагдар тоютту тележкага жүктөп, Кара-Кужурдагы чабан Өмүров Кылычтыкына жол тартты. Бараткандагы айланага көз чаптырып, үйлөрдүн тегерегинде кумурска-

дай кыбырап түйшүктөнгөн адамдарды көрүп, ичинен "бу да болсо тирүүчүлүктүн касиети, эртеңки жашоонун камы" деп койду. Андан арылап капчыгайга киргенде сол жагында Кара-Кужур суусу агып жатат. Беттерге жайылып, төрдү өрдөй оттоп бараткан мал. Чынында береке айыл жергесинде. "Ааламга кеткен жол айылдан башталат" деп туура айтышкан. Айрыкча эмгектенген адамдын эмгегин эки эселеп кайтарган жер энеге таазим этүү гана керек. Касиеттүү жер эне! Шагдар сарайга жетти. Сакманчылар тележкадагы тоютту тез эле түшүрүп коюшту. Анан съезд жөнүндө суроо узата башташты. Шагдар Москва районундагы чарбадан көргөндөрүн айтканда, "жомоктогудай го" деп таң калышты. Кылыч Шагдардын үйгө кирип даам ооз тийүүсүн өтүндү. Кирсе, көң жагылган мештин түбүндө кичинекей наристе уктап жатат. Баланы чапанга ороп коюшкан. Кылыч Шагдарга карап: "Съезд тууралуу гезиттен окуп калып жаттык. Бизге почто да анда-санда каттайт. Телевизор, радиобуз бузулган. Ал тургай кээде чач алдырыш үчүн Кочкорго баруусга туура келет" деп кейигенин билгизди. Шагдар астына коюлган нандан үзүп жеп, айрандан ууртап, үйдүн ичине көз чаптырды. Караса терезенин бирөө айнектелбеген. Тактай кагылып, тешиктерине чүпүрөктөрдөн тыгып коюшкан. Кылыч Шагдардын терезени карап калганын байкай коюп: "Совхоздо айнек жок болуп жатыптыр" деп ыңгайсызданды. Шагдар сыртка чыгып тарктoруна отуруп, түз эле төмөнкү сарайдагы партиялык топтун жетекчиси, алдыңкы чабан Шүкүрөв Качкындыкына жөнөдү. Пленумдарда, активдин чогулуштарында партиялык топтун уюштургуч жетекчиси катарында чабандын ысымына жакшы пикирлер айтылып келет. Шагдар Кылычтыкынан көргөндөрүнө капа болгонун айтып, кетип калды. Кийин Кылычтын телевизору менен радиосун Качкын Кочкорго өзү алып келип оңдотуп, кайра жеткизгени угулду. Бир чогулушта ошол өрөөнгө чач тарач менен телеателье бөлүм-

чөсүн ачуу, же көчмө тейлөөнү уюштуруу маселеси көтөрүлүп, райондук калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө ишканасына аткаруу мөөнөтүн көрсөтүү менен тапшырма берилди. Шагдар өзү да көзөмөлдүккө алып, маселе тез эле оң жагына чечилип, Кара-Кужурдун жашоочулары Шагдарга ыраазычылыктарын билгизишти. Чарбага парторг болуп жаш келин Абышева Зарылкан келди. "Жаш келсе ишке, кары келсе ашка" дегендей, талаачылыктын кайнаган жерине барып, чабандарды кыдырып, чарбанын жетекчиси менен бирдикте бардык ишти алдыга жылдыруунун аракетинде тынбай иштеп жүрөт. Зарылкан жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен бардыгынын тилин таба билет.

Дан эгиндеринен түшүм алуунун жыйынтыгы боюнча Тендик совхозу республикада алдыңкы орунду бербей келет. Айрыкча райкомдун биринчи катчысы болуп К. Акназаров келген 1973-жылдан тартып, райондун суу баскан аянттары көбөйүп, түшүмдүүлүк артты. Бир тамчы суу текке кетпей, түнкү сугат уюштурулду. Районго "комбайнер" деген үрөн алынып келип себилип, күзүндө эгиндердин сабагы баштарын көтөрө албай калды. Кандай болсо дагы убакыттан уттурбай, эгинди жаанга калтырбай жыйнап алыш керек. Райондо комбайн жетишпейт. К. Акназаров Талас менен Чүйдөн жардамга комбайндарды алып келди. Ошол жылы Тендиктин кээ бир эгин коюу чыккан жерлеринин ар гектарынан 70-80 центнерден, жалпы район боюнча ар гектардан орто эсеп менен 50 центнерден кызыл жыйналып алынды. К. Акназаровдун эмгегин баалашып дыйкандар кээ бир талааны Акназаровдун талаасы деп аташкан. Ал ысым ошол бойдон сакталып калды.

* * *

Шагдар жашоодо турмуштун бир топ чыйырын басып, талбаган эмгегинин натыйжасында мурунку сыйлыктарына кошуп, "Эмгектин ардагери" медалын да алды. Анын эмгектеги жетишкендиктери тууралуу "Кыргызстан коммунисти" журналынан баштап, көптөгөн гезит-журналдар жазып чыгышты. Жубайы Жуманын алтымыш тогуз жашында дүйнө салганы болбосо, балдары Жуманы тартып эмгекчил, бири-бирине карамдуу, келиндери ыймандуу чыкты. Шагдар жетимиш үчкө чыкса дагы, күүлү, күчтүү, айылына кадырлуу байбиче. Колундагы уулу Рахатбек менен келини Мырза апасын татынакай багып жатышат. Шагдар он баладан отуз беш небере, он төрт чөбүрө көрүп, бүгүнкү күндө бактылуу карылыктын жолунда!

## ӨМҮРҮ ӨРНӨК КУРБУЛАР

Ар бир муундун өзүнүн башынан өткөргөн окуялары, жасаган эмгеги жана эсте каларлык замандаштары менен сыймыктанары бышык. Биздин үй-бүлөнүн ошондой сыймыктанчу адамдарынын бири — Сабыкем. Бир тууган кудам болсо дагы Мамыров Сабырбекти башынан эле "Сабыке" деймин. Мунун көп жагы бар. Биринчиси — балдарымдын атасы Бекишим менен жакшы теңтуштардан, кызматташ жана бир айылдан. Экинчиси — теги Сарыбагыш уруусунан болуп, өзүмө төркүн. Үчүнчүдөн — Сабыкемдин өмүрлүк жары Калимандын бир тууган агасы Шакирбек менен Бекиш классташ.

1973-жыл. Март айынын аягында аты уйкашым экөөбүз эки күн айырма менен мен эркек, ал кыз төрөп, төрөт үйүндө бирге жаттык. Ошол мезгилде келечекте куда-сөөк болуу эч кимибиздин оюбузга келген да эмес. Кочкор ичинде кызмат иштеген Коммунизмдиктер анда-санда чогулуп калабыз. Ал эми Сабыкемдики эки үйүбүз, тез-тез чакырышып, болгон жакшылыктарды тең бөлүшүп, жашоо өткөрүп келебиз. Нике кайыпка айла жок экен. Балдарыбыз Азамат менен Нургүл 1993-жылдын 8-июнь күнү баш кошушту. Азамат политехникалык институттун энергетика факультетинин, Нургүл КМУнун экономика факультетинин үчүнчү курсунан окушуп, акыркы эки экзамендери калган. Баш кошкондорунан он чакты күн өткөндөн кийин окууларына кетишип, 1995-жылы бүтүрүшүп, диплом алышты. Өкүнүчтүүсү — эки жаштын үйлөнүү үлпөтүн Калыйман көрбөй өтүп кетти.

* * *

1993-жылы жазга маал Калыйман катуу ооруп, Бишкекке дарылануута кеткен. Ал-абалын Сабыкем аркылуу сурап турабыз. Жарым ай өтүп, өпкөсүнөн операция болгонун уктук. Сабыкем үйүнө балдарына келиптир. Үч келин алышып, эки келин-уулу шаарда кызмат иштешип, бир келин-уулу колдорунда. Бектурган экөөбүз колдорундагы Улукбек менен Элмирага өкүл ата, өкүл энебиз. Барсак, Сабыкемдин кубанычы койнуна батпай: "Өзүмдүн да, балдарымдын да таалайы бар экен. Калыймандын операциясы ийгиликтүү жасалып, санаам басылган соң, бул жактагы балдарымды карап коёюн деп келдим. Кайта эле кетем. Буюрса аты уйкашың айыгып чыкканда чогуу келебиз" деп мени карап кудуңдады. Ооба, Сабыкем айткандай экөөбүздүн тең атыбыз Калыйман. Дегинкисин айтканда, найза сайса бойлогус бир тууганданбыз. Бир топко сүйлөшүп отурдук. Биздин да тилегибиз — элүү үч жаштагы он балалуу аяшыбыздын сакайып кетиши. Арадан бир жума өткөн. 22-апрель күнү Кочкор айылында жашаган туугандарыбыздыкы чакырып, Бекиш экөөбүз ошол жактан келип, эшиктин алдындагы отургучка тыныгып отуруп калганбыз. Аңгыча дарбаза ачылып бир жигит кирип: "Сабырбектин аялы каза болду" десе болобу! Ишенүүгө мүмкүн эмес. Үйгө кирбестен жөнөдүк. Барсак боз үй тигилип, сөөк келе элек экен. Бекиш экөөбүздү Сабыкемдин балдары кучактап алышып: "Апабыздан айрылдык! Эми кантебиз?" деп ыйлашып, адамдын зээнин кейитишүүдө. Көп өтпөй сөөктү алып келишти. Мындай жоготууну пендесине бербесин! Үч небере, үч келин кошулуп он алты бала ыйлаганда, айлана чуута толуп, кимисин кой деп айтарыбызды билбей калдык. Сабыкем кургур: "Ушундай иш болуп кетпедиби!.." деп буркурап-боздоп, "Калимандан мурда мен кетпей эмне болдум! Топ бала энесиз калбадыбы!" деп мөгдүрөп отурат. Эки түнө-

түп сөөктү алып чыгышты. Ошол учурду сүрөттөөгө мүмкүн эмес. "Апа — ааламда падышалыгынын ардагы" дегендей, бул үйдүн ханышасын келбес жайга узаттык. Кечээки арабыздагы аты уйкашым бүгүн маркум болуп, арбагына куран окутулууда. Эл аягы сейилдеп бир жума өткөндөн кийин, Бекиш экөөбүз келип, Сабыкемден Калыймандын кандайча каза болгондугу тууралуу сурадык. Көрсө, операциядан кийин өпкөсүнө шланга коюлуптур. Шлангасы чыгып кеткенби, иши кылып күтүлбөгөн ажал туш келип, аяшыбыз кете бериптир. Үйлөрүбүз өтө алыс болбогондуктан кыркына чейин үзбөй келип турдук. Ал мезгилде эркек балдардын улуусу Шамшыбек Бишкектеги Гуманитардык институтта проректор болуп иштечү. Атасынын акылдашы, таянычы. Барып жүргөнүбүздө көзүбүзгө баягы Калыйман экөөбүз төрөт үйүндө бирге жатканда төрөлгөн Нургүл бой жетип, апасын тартып башы оор бала болчудай көрүндү. Бекиш экөөбүз үйгө келип акылдаштык. "Азаматка ылайык болуп турат, окуусун бүткөнчө чоңоюп калган кызды бирөөлөр ала качып кетиши ыктымал" деген ойдобуз. Калыймандын кыркылыгы өткөрүлдү. Сабыкемдин шаардагы балдары кетишти. Бекиш Азаматка "аялды окууну бүткөндө аласың" дей берчү. Нургүлгө чейин эки кызга көз салып жүрсөк, эки жылдан кийин кыздардын бойлору Азаматтыкынан алда канча бийик болуп кетиптир. Ойлогон оюбузга бекем туруп, Бекиш экөөбүз Сабыкеме бардык. "Нургүлдү бизге бер, келин кылып алалык. Азамат экөө окууларын чогуу окуп бүтүшөт" дедик. Сабыкем ойлонуп отуруп калды. Чындыгында күтүлбөгөн маселе козголуп жатпайбы. Көптөн кийин: "Мейлиңер, апасын сагынып ыйлап жүргөнчө, силерге барса жетимдиктин азабын унуткарып кетээр. Кантсе да балдарыбыз бирге өсүшпөдүбү. Анын үстүнө аяш атасыныкына, экинчи Калыймандын колуна барат да" деп макул болду. Биз сүйүнүп кеттик. Ошентип, Сабыкемден Шамшыбекке кат жаздырып алып, келин алууга камынып

калдык. Ортодо өзүм Бишкекке барып, балдарды сүйлөштүрдүм. Нарын шаарындагы облусттук финансалык инспекциянын жетекчиси — кайним Мураталиев Манапка байланышып, келинчеги Берметти бир машинеси менен Кочкорго жиберүүсүн өтүндүк. "Бул эмне деген шашылыш чакырык" деп кайнимдин санаасы тынчыбай, келинчеги экөө тең келип калышты. Келин алып келебиз десек ишенишпейт. Акыры кайниме Сабыкем менен макулдашып, уруксат алганыбызды түшүндүргөндө гана муюду. Эртеси келиним Бермет экөөбүз жолго чыгып, тилегибиз орундалып, Нургүлдү келин кылып алып келип калдык. Бекишим чыдамсыздык менен күтүп отурган экен. Кубанычы койнуна батпайт. Кай бир күндөрү көшөгөгө кирип, Нүкүнүн жанына отуруп алат. Кудайга шүгүр! Бүгүнкү күндө келин-уулубуздун улуу кызы Чолпон турмушка чыгып, балалуу болду. Үмүтай сегизинчи, Үмөт биринчи классты окуп бүтүрүштү. Сабыкем эки үйүбүздүн балдары эки жакты тең апа-ата деп чакырышчу. Кудай кошуп куда-сөөк болгондон кийин деле, куда-кудагый деген сөздү эч кимибиз айта алган жокпуз. Мурунку боюнча калдык. Чолпон кичирээк кезинде Бекишти "өз атам", Сабыкемди "башка атам" деп атачу. Дегеле, бардык ата-эненин балдарына жамандык каалабасы айдан ачык го. 1996-жылы октябрь айында айылдаш иним Boобек менен келинчеги Тойдунай кичүү кызыбыз Кыялга сөйкө салып кетишкен. Алардын уулу Феликс менен Кыял да биздики менен Мамыровдун балдарындай бирге өсүштү. 1997-жылы декабрь айында Бообектер Кыялды келин кылып алышты. Азыр Бокин менен Токейдин уул-келини үч балалуу болушуп, улуу кызы жогорку окуу-жайына өтүп, жашоолору жакшы. Ата-эненин тилин угушкан балдарыбызга терең ыраазыбыз.

Бекиш өмүр бою партиялык кызматта иштеп жүрүп, кийинчерээк астма оорусуна чалдыгып, экинчи группадагы майып катары пенсияга чыккан. Асылган оору акыры алып

тынды. 1997-жылдын 13-июнунда 64 жашында үйүбүздүн тиреги, балдарымдын ардактуу атасы — Бекишимден ажырадык. Ажал улук деген ушул экен. Бул жоготуу биздин үй-бүлө үчүн айтылып бүтпөс арман, жазса бүтпөс дастан.

* *

Тирүүчүлүктө эркек кишинин жашы өйдөлөп калганда көп балалуу аялынын артында калышы өтө кейиштүү турбайбы. Сабыкем балдарын карап, маркум Калыймандын мээримдүү мамилесин самап көп ойлонгондуктан, кийинки күндөрдө бачым-бачым ноокастап калчу болду. Бул абалды сезген балдары Сабыкемдин "үйлөнбөйм" дегенине болушпай, үйлөнтүп коюшту.

"Акыл — адамдагы тарбиянын негизи" демекчи, Сабыкемдин сакадай бою — бүт акыл окшобойбу. Тарбияга келсек, кичинекейинен жетим өстү. Дегинкисинде турмуштан сабак алып, келечекти көрө билген, тири карак адам экен. Эл аралап кызмат иштеп, бир топ жетекчилер менен үзөңгүлөш болуп жүрүп, балдарына арнап Чекилдектин аягындагы токойдон жер алып коюптур. Ал жер жанга, малга жайлуу керемет аралча. Сабыкем кийинки байбичеси, алтынчы баласы Нурлан, келини Астра, жана неберелери болуп, токойдо жашашат. Балдары чогулуп атасына короожайы менен үй куруп беришкен. Төрт түлүк малдын түрүн кармашат. Бээлери туугандан баштап, кеч күзгө чейин бээ байлап, кымыз ичишет. Айран, сүт андан батпайт. Жайкысын неберелери чогулганда Сабыкемдин дүйнөсү түгөл болуп, чери жазылат. Бул жер эс алуучуларды тосконго ыңгайлуу, бирок саздагыраак келет. Сабыкемдин балдарынын улуусу Айнагүл — политехникалык институтунун окутуучусу. Шамшыбек — экономика илимдеринин кандидаты, доцент, милициянын полковниги. Жубайы Нурушат — врач. Эмил да Бишкекте — шаардык МАИде бөлүм

башчысы, анын келинчеги — маданият министрлигинде маалымат департаментинин башчысы. Улукбек — Кочкор РОВДсында начальниктин орун басары. Жубайы Элмира — бир топ жылдан бери Кочкор райондук мамлекеттик администрациянын башчысы-акимдин орун басары болуп иштеп келе жатат. Калган уул-келиндери, кыз-күйөөлөрү, неберелеринен бери — жогорку билимдүү болушуп, ар кесиптин ээлери.

Сабыкем отурган жерде башынан өткөргөндөрүн, кызматташтарынын сөзгө чеберлеринин таасирдүү кептеринен эринбей айта берет. Сабыкемдин соңку мезгилдерде отурса-турса тиленгени — Мага Кудай баарын берди, ыраазымын. Өмүр чөйчөккө куйган суу сымал мелт-калт болуп тура бербес. Далай тамчысы агып кетти. Эми азы калганда, оорутпай алса болгону — дей турган.

Кудай тилегин кабыл кылып, сексен эки жашында 2015-жылдын 30-апрелинде эртең менен сыртка чыгып келип, төшөгүнө кырданып жатып, уктап коюптур. "Кечеги көргөн бүгүн жок" болуп, эки күн аза күтүлүп, үчүнчү күнү Сабыкемди түбөлүк жайына узаттык. Жакында белгиси коюлуп, куран окутулду.

"Адам баласына адилет баа өлгөндөн кийин берилет" деп тунгуч жазуучуларыбыздын бири Мукай Элебаев "Бороонду күнү" аттуу китебинде жазган экен. Анын сыңарындай, көзү барда айткандарын көнүмүш сөз катары кабыл алып жүрүп, Сабыкемдин басып өткөн жолунда канчалык бир деңгээлде кереги тиер жерлери бар экендигин эми баамдап отурам.

* * *

Сабыкемдер Кызыл-Дөбөдөгү Темирдин Боогачы уулунан тарашат. Чоң атасы Тынаалы эки уулу менен ажыга барып, Меккеде намаз окуп жатып каза болуп, сөөгү ошол жакка коюлуп, эки уулу ажы болуп айылына келет. Ты-

наалы ажынын үч аялы болуп, бирөөнөн Мамыр төрөлөт. Мамырдын балалык чагы жайкысын Сөөк жайлоосунда, Сөөктүн оозундагы Тынаалынын сазында, Жаман-Эчки, Жалпак-Ташта өтөт. Алардын айылынын Кызыл-Дөбө аталып калышы азыркы орто мектептин жанындагы боёп койгондой кызыл дөбөлөрдөн улам айтылса керек. Мамырдын үйлөнүү убактысы жетип, Мантыш кыштагында жашаган жарты баш Өмүрбек аттуу мергенчинин Калый деген кызына үйлөнөт. Өмүрбек бирөөлөр менен мелдеше кеткенде мергенчилигин далилдеп, учуп бараткан Каракаш чымчыктын башын жара аткан экен. Бою пас, башы өтө кичине адам болгондуктан, жарты баш Өмүрбек аталып кетиптир. Бир ирет жакынкы айылга ууруга барса, үй ээси сезип калып кошуналарына "ууру кирди!" деп кыйкырат. Кошуналары чогулуп келишсе эч ким жок. Өмүрбек ал учурда сыртта көмкөрүлүп жаткан чоң казандын астына кирип, жатып алыптыр. Мамыр мектепте кароолчу, Калый класстарды шыпырып акча таап, жандарын багышат. Мектептин түбүнө өзүлөрүнө ылайыктап чакан үй салып, киришет. Эл ичинде жашоо өткөрүп жүрүшүп Макиш, Ишеке, Райкан, Сабырбек, Изат аттуу эки кыз, үч эркек балалуу болушат. Макиш бой жетип жаңы эле турмушка чыккан. Алла Таала пенделерине ар кандай тагдырды жазат тура. Сабыкем алтыга чыгып, эң кичүүсү Изатка тогуз ай болгондо, 1941-жылы июндун башында 41 жашында Мамыр, бир айдан кийин 39 жашында Калый дүйнө салып, үйдө төрт томолой бала жетим калышат. "Дөөлөтүң — ата-энең" демекчи, байкуш балдар дөөлөт тургай, жашоодогу болгон жакшылыктарынан ажырашат. Аңгыча 1941-жылы 22-июнда Улуу Ата Мекендик согуш чыгып, Макиштин күйөөсү согушка жөнөп, тез эле өлдү деген кара кагаз келет. Туугандар жетимдер Райкан менен Сабыкемди Кара-Балтадагы балдар үйүнө өткөрүшөт. Ал жерден жашына жараша Райканды Кетмен-Төбөдөгү балдар үйүнө алып кеткенде, Сабыкем

жалгызсырап ыйлап жүрүп жарым жыл өткөрөт. Макиш күйөөсү өлүп куран окуткан соң, Кызы-Дөбөдөгү атасынын үйүнө келип, бир туугандарын багууга бел байлап, бөбөктөрүн чогултуп алат. Жетимдердин баштарынан кандай оор күндөр өтүп жатса дагы, өздөрүнчө түтүн булаткандарына сүйүнүшөт. Ары-бери караганча Ишеке бой жетип үйлөнөт. Согушта өлкөнүн бир топ тармактары талкаланып, завод, фабрикалар токтоп, элдин жашоосу аябай начарлап кеткен. Боом капчыгайындагы жолдун курулушу башталып, жумушчу күчү жетишпегендиктен, жер-жерлердеги эмгекке жарамдуу аял- эркектер жумушчу дивизиясына жөнөтүлүп жатты. Алардын арасында Макиш менен иниси Ишеке да бар. Макиш жолдо иштеп жүрүп, Кой-Таштык Чокмор аттуу жигит менен таанышып, баш кошушту. Кыз бечара бир туугандарынан санаасы тынбай, Сабырбекти алып келүүгө Чокморду Кочкорго ат менен жиберет. Сабырбек ал учурда Сөөктө жүрүп, үстүнө кийгени жаргак шым менен жаргак көйнөк, бутунда бут кийимдин жоктугунан буттары малдын терисиндей шири болуп катып калган. Сабыкем эже, жездесинин колунда төрт жылы кээде кара булутка капталса, кээде ысык күнгө какталып, кой кайтарып жүрүп мектептен алыстайт. 1949-жылы Райкан кайтыш болуп, Ишеке жалгызсырап, Сабырбекти Кой-Таштан алып келип, тогузунчу класска отургузат. Идиректүү бала жетишип окуп, мектепти жакшы бүтүрөт. Ошентип, Сабырбектин өз алдынча турмуштук жолду баштоо учуру келет. Тилеги – тарыхчы болуу эле. Тагдырдын жетегинен алыс кете албай, Токмоктогу айыл-чарба механизация техникумуна он бала чогуу тапшырса, бардык кыйынчылыктарга чыдап, жалгыз Мамыров Сабырбек бүтүрүп, колуна диплом алат.

* * *

Туз насипти Сабыкеме алтын чөйчөк аталган жайы ажайып кооз, кышы катаал Тогуз-Тородон буюруп, алгачкы кызмат жолу ошол жакта иштөөдөн башталат. Тажрыйба топтоо үчүн иштин эң төмөнкү баскычынан баштап, МТСтин орун басарлык кызматына жетип мекеменин, райондук жетекчилердин ишенимине өтөт. Мамыровдун ак ниеттүүлүгүн, алдым-жуттумдук жөнүндө капары жок экендигин көрүшүп, Рыбачьенин базасынан Тогуз-Торо районуна бөлүнгөн чоң техникалардан, көмүргө чейинки керектүүнү ташып келүү кызматын жүктөшөт. ГАЗ-93 маркасындагы жаңы келген машинени да Мамыровго ыйгарышты. Мына, баягы буту ширидей кара томолок бала бакыйган кызматкер болуп чыга келди.

...Кечээ Рыбачьеге келишип жүк жүктөшкөн. Тогуз-Торого бир күндө жетпегендиктен, "эртең менен чыгалы" дешип, Ак-Талаа районунун Биринчи Май колхозуна түнөп калышат. Кетели деп жатышканда алака түзүп жүргөн колхоздун механиги жолугуп, Мамыровдон тамак ичип кетүүсүн өтүнөт. Козу союп коноктоп, жолго чыгаарда тамак-аш, ичимдик салып берет. Кабинада айдоочу, бухгалтер, Сабыкем үчөө отуруп келатышат. Бир маалда айдоочунун ичи ооруп рулду Сабыкеме берет. Көрсө мас тура. Ой-Кайыңдынын Казарман жак бетинде он сегиз серпантин бар. Бир жерден күч менен бурулганда машиненин алдыңкы дөңгөлөгү чыгып кетип, тормозду тепкенде токтоп калат. Бухгалтерди "арткы дөңгөлөккө таш кой" десе "койдум" дегенинен, Сабыкем тормозду коё берет. Ылдый салаңдап турган машине төмөн карай алты аласалып, жетинчисинде чалкасынан түшөт. Кудай сактап кабинанын эшиги ачылып кетпей, Сабыкем ичинде томолонуп жүрүп отуруп, анчамынча жери айрылганы менен аман калат. "Муну сыйкыр деп түшүндүм" деп күлүп калчу. Сабыкем ошол жактан

коммунисттин катарына өткөнүн, Айнагүл аттуу кыздуу болгонун, жана түшүндө көрбөгөн 21-20 Победа машинеси менен сыйланганына жетине албай: "Тогуз-Торо мен үчүн ак жолтой жер болду" деп дайыма айта турган.

1961-жылы Кочкорго келип иштеп жүрүп, көптөн көксөгөн ою ишке ашып, Ташкенттен сынак тапшырып, жогорку партиялык мектепке өтүп, аны Алма-Атага көчүп барып окуп бүтүрөт. Таалайына Кудай момун адам Калыйман жолугуп, Тогуз-Тородон төрөлгөн Айнагүлдөн кийин Шамшыбек, Эмилбек, Алма-Атадан Улукбек, келгенден кийин Урматбек, Нурлан, Нургүл, Кутманбек, эгиз кыздар Кайыркүл менен Анаркүлү төрөлөт. Мына ошентип Сабыкемдин чакан мамлекети курулган.

* * *

Сабыкем Кочкор районунун чарбаларында парткомдун катчысы, №15-лицейдин директору, сельхозтехниканын башкармасы сыяктуу жетекчи кызматтарда иштеди. Кийин Университеттин география факультетин сырттан окуп бүтүрүп алган дипломду менен мугалимдик кесибин аркалап жүрүп, жашы жеткенде пенсияга чыккан. Кечээки тоголок жетим бүгүн үч дипломдун ээси болуу менен жогорудагыдай жооптуу кызматтарда иштеп, район ичинде "Мамыров" деген ысым менен элге белгилүү болуп калды. Балдары Мамыров деген фамилияны сыймыктануу менен алып жүрүүгө аракеттенишип, ошол деңгээлден түшүрбөстөн укумдан тукумга жеткирүүсү — ар биринин ыйык милдети.

* * *

Бекишимдин класссташы Шакирбек жапалдаш бойлуу, дайыма тердеп-кургап жүргөн, ачык-айрым тамашакөй жигит. Чарбада кадрлар бөлүмүн тейлеп, кийин сельсовette иштеп турганда 43 жашында дүйнөдөн өтүп кетти. Бал-

бан да болчу. Кочкордогу атактуу балбан Чынынын Токтоналысын, Ат-Башылык өзүнөн эки эсе бойлуу, салмактуу балбанды көтөрүп чапканы эл оозунда айтылып калды. Чарбада Керимбек, Азык, Белек аттуу бухгалтерлер иштешет. Ошол учурда "тоголок арыз" деген күч алып, чарбанын бухгалтерлерине текшерүү көп келе турган. Ак-Талаа айылында Шакирбек менен бет маңдайлаш жашаган Кулмамбет аттуу сакалы ак киши тоголок арызчы деп аталчу. Бухгалтерлер акча жазып бербей коюшканбы, Кулманбет "булардын үстүнөн чоң жерге арыз жазып жатам" деген сөздү элге таратып жиберет. Бухгалтерлер: "Ой Шакирбек! Кулманбет менен кошуна турасың, байкап койсоң боло" дешет. Шакирбек күүгүм киргенден баштап, Кулманбеттин үйүнүн жарыгы түндүн бир оокумуна чейин өчпөсүн бухгалтерлерге айтып келет. Бухгалтерлер "Кулманбет эмнени жазып жатыптыр? Ылайыгын таап үйүнө кирип көргүн" дешип, Шакирбекке тапшырма беришет. Шакирбек эртеси күнү кечинде Кулманбеттикине капыл-тыпыл кирип барса, үстөлүнүн үстүндө айрылган гезиттен башка эч нерсе жок. Арызчы деген киши шашканынан ачыгын айтып: "Мен досторуңа таарынып, жөн эле коркутайын дегем" дейт. Көрсө Кукең кай бир чолок активдерди ушинтип коркутуп, бир нерсе өндүрүп алчу окшобойбу. Уулу Ысмайыл кудум Шакирбекти тартып ачык-айрым, элге алынган киши болду.

Сабыкем райондогу чукугандай сөз тапкан жетекчилерден көп кеп салчу. Чолпондо парторг болуп иштеп турган кези. Машинеге отурганда бою жапыздыгынан көрүнбөй кала тургандыгын совхоздун директору Байдөлөтов Туткабай билип туруп минткен тура: "Ээй, момунда бир машине шоопуру жок эле, өзү жүрүп келатат" деп.

Чөп чабык учурунда Сабыкем райондогу жооптуу кызматкерлердин бири Кекиликов Быкындар болушуп, чарбаларга жардам берип жүрүшкөн мекемелерден баргандарды райондун өкүлү катарында кыдырып жүрүшөт. Бир жерге

келишсе РДЭСУнун коллективи иштеп жатыптыр. Фамилияларын сурап баштаганда чөпчүлөр: "Түлкүев, Чулдуков, Чиловмун" дегенде Кекиликовдун ачуусу келип: "Силер менин Кекиликов экенимди билип алып шылдыңдап жатасыңар!" деп ачууланып, эртеси мекеме жетекчисин чакыртат. Сураса балдар анык айтышыптыр.

Сабыкем Саринжиев Жолдошбек менен кызматташ, кошуна жашашып, өткөндөрдөн эртели-кеч кеп салып отурушат. Жолдошбек сегиз жылга чукул "Тендик" совхозунун директору болуп иштеп турганда, Калыгул олуянын урпагы Усубаалы карыядан уккандарынан үч орчундуу кебин эсине сактап калыптыр. Карыя: "Балдар, мен үч заманды башымдан өткөрдүм. Биринчиси — арыстан заман. Анда эл башындагылар топуктуу болушкан. Элин сыйлап, эч кимден эч нерсе сурашчу эмес. Экинчиси —карышкыр заман. Эл башындагылар карапайым кембагалдарды карышкырдай талап, эл катуу эзилди. Үчүнчү — түлкү заман. Амалдуулар ала көөдөк чоңдорду пайдаланып, өздөрүнүн керт башынын камын көрүшүүдө. Кишинин баары кош сөздүү. Ошондуктан көзүңөр көрбөсө, айткандарга ишенбегиле, орго түртүп салат" дептир.

1991-жылы СССР кулап, жыл айланбай республикалар бөлүнүп кетишип, биздин республикада жетекчиси Топчубек Тургуналиев баштаган КДК уюму түзүлгөн. Саринжиевдин Фрунзе колхозунда башкарма болуп турган кези. Колхозду сактап калуу максатында эл менен акылдашып, иштин формасын арендалы-чарбалык эсеп ыкмасына өткөрүп бүтүп, иш алдыга жылып калган. Элдин турмушунун жакшыруусуна да өбөлгө түзүлдү. Бир күнү райондон А.Шаршенбаев, А.Ибраимов, жана бир топ мекеме жетекчилери келип калышат. Себеби, ушул чарбада КДКнын жыйыны өтөт экен. Клубга эл толот. Кочкор районуна баштап келген КДКнын тең төрагасы Ж.Жекшеев Саринжиевге кайрылып: "Сиз президиумга чыкпайсыз, залда

отуруңуз" деп жыйналышты ачып, сөз сүйлөп кирет: "Жолдоштор! Заман өзгөрдү. Эски мамлекет жоюлуп, жаңы демократиялык Кыргыз мамлекети түзүлдү. Мурунку жетекчилерди жаңы көз караштагы жаштар менен алмаштырыш керек. Бул ишти КДК колго алып, көл өрөөнүнөн бир канча жетекчилерди алмаштырып келатабыз. Топчубек Тургуналиев азыр ошол жакта. Силердин колхоздун башкармасы Ж.Саринжиев көптөн бери иштеп келе жаткан эски көз караштагы жетекчи. Бул кишини бошотуп, жаш кадр өзүңөрдүн балаңарды коюп берем" деп үнүн чечкиндүү чыгарып, барган жеринде иштей албай малды растратага учуратып, бош жүргөн ушул айылдык зоотехник жигиттин атын атайт. Эл дымып калат. Бир маалда тубар кой баккан алдыңкы чабан трибунага чыгып: "Мен колхоздун мүчөсүмүн. Азырынча колхоз тарай элек. Колхоздун уставынын негизинде башкарма жылдын аягында эл алдында отчёт берет. Эгерде иши начар деп бааланса гана бошотобуз. Силердин бошотууга акыңар жок!" дейт. "Мындай мыйзамсыз чогулуштун бизге кереги жок" деп чогулгандар сыртты карай чубашып, залда Саринжиев менен КДКнын мүчөлөрү калышат. Саринжиев ордунан туруп Жекшеевге кайрылып: "Азыр демократия. Баарын ушинтип эл чечет! Сиздерге арналган тамак бар эле, жүрүңүздөр" деп бир үйгө ээрчитип барат. Дасторкондун үстүндө уюмдун мүчөлөрү катуу уялышып: "Сиз чындыгында жаңыча көз караштa иштеген жетекчи экенсиз" дешип, Саринжиевге ыраазычылыгын билгизишип, келген жагына багыт алышат.

* * *

1970-жылы В.И.Лениндин 100 жылдык маарекесине карата Москва, Ленинград шаарларына Ленин жүргөн жерлерде болуш үчүн Кыргызстандык делегация агитпоезд менен жөнөп кетишет. Делегациянын катмары негизинен

парткомдун катчыларынан, партиянын райкомдорунун бөлүм башчыларынан жана алдыңкы коммунисттерден турган. Жетекчилигине ЦКдан Чуркина, орун басарлыгына Кочкор райондук партиялык комитетинен Бокошов Бектурган бекитилет. Чуркина: "Мен самолёт менен артыңардан барам, агитпоездди сиз жетектеңиз" деп Б. Бокошовду дайындайт. Сабыкемдин отпускада жүргөн кези. Убактысы кенен. Жалаң Нарындык парторгдор чогулуп карын-карта, чучук баштаган түрлүү эт, жакшы коньяктардан поезддин муздаткычына толтура салып коюшат. Жолдо карата көңүлдүү баратышат. Бекиш менен Сабыкем эки башка купеге жайгашкандары менен, тамакты ресторандан чогуу ичип турушат. Делегациянын ичинде түштүктүк Ааматов деген партиялык кызматкер да бар экен. Ааматовду ошол убактагы ЦКнын биринчи катчысы Т. Усубалиев иштеги кемчиликтери үчүн бир жылдарда кызматтан четтетип койгон окшойт. Сабыкемдердин Т. Усубалиев менен бир жерлик жана Сабыкемдин намыскөй, кыялы чукул адам экенин билбеген Ааматов коньяк ичип алган соң Т. Усубалиев жөнүндө туура эмес сөздөрдү сүйлөп: "Анау Нарындык башчыбыз — нерсе" деген сөздү эки-үч жолу кайталап жиберет. Чыдай албай кеткен Сабыкем ордунан тура калып, өзүнөн улуу жана бойлуу кишини жаакка басып алат. Отургандар бирин-бири карап отуруп калышат. Муну уккан Бекиш Сабыкеме келип: "Ааматовду бекер чааптырсың! Азыр купелерди текшерип киши келет, жатып кал" дейт. Бир маалда Бекишти ээрчип чын эле чоочун орус адамдын кирип келатканын көргөн Сабыкем, гезитти бетине кармап окумуш болуп жатып калат. Кирген адам: "А где тот маленький?" деп Бекишке карайт. Бекиш үстүнкү кабатта жаткан Сабыкемди көрсөтүп: "Он газету читает!" деп кайра тез эле ээрчитип чыгып кетет. Аздан кийин Бекиш купеге кайрылып келип: "Ээй Мамыров! Жок дегенде гезитти аяк-башы кылбай оң кармасаң болмок экен. Дагы жакшы, муну эч ким

байкаган жок. Анын үстүнө бийик жерде жатканың сактап калды" деп күлдүрөт. Эртеси Сабыкем Бекиштин айтуусу менен Ааматовдон кечирим сурайт. Антпегенде иш чырга айланып кетмек беле?..

Делегациянын түзүмү Москвага келип метрого кирип бара жатса радиодон: "Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Т. Усубалиев "Ленин" ордени менен сыйланат!" деп орус тилинде берип жатат. Сабыкем Ааматовду токтотуп:

— Анау радио "нерсе" жөнүндө неме деп жатыр?! — десе, шаштысы кеткен Ааматов:

— Үкөм, жаным! Мени кечириң! Шуна кепти унутуп коюң!" — деп жүгүнөт.

Бул Сабыкем менен Бекиштин төрт күндүн аралыгында поезддин ичинде өткөрүшкөн кичинекей окуясы.

Бир адамдын өмүрүн жазууга убакыт керек... Эгерде ар-бир адамдын артында ушул сыяктуу жакшы кептерден айтылып калса, андан өткөн сыймык болбос! Капилеттен сөз тапкан, караңгыда жол тапкан, пейил-куну таза, өмүрлөрү өрнөк кайран асылдар! Ар бири өзүнчө чайпалбаган чакан көл эле...

## ЖУРНАЛИСТ АЙЫМ

"Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши" деп элибизде айтылып келаткандай, "Теңир Too" Нарын облустук коомдук-саясий гезитинин каныккан журналисти Бурулсун Дыйкамбаеванын чыгармачылык жолу ары кызыктуу, ары айтууга татырлык. Бурулсун жайы-кышы башынан ак мөңгү кетпеген бийик тоолуу, ажайып кооз мал киндиктүү Ат-Башы районунун Ача-Кайыңды айылында төрөлгөн. Ат-Башынын тоосунанбы, суусунанбы, айтор айтылуу зор таланттар, чыгармачыл инсандар, ал тургай Баатырлар чыккандыгын эч ким танбайт. Ошол түптүү чынарлардын Теңиртоодогу кичинекей бир бутагы — басканы да, жазганы да токтоо, шашылбай сүйлөп, кер маралдай керилген, маңдайынан тең бөлүнүп желкесине түйүлгөн колоң кара чачы өзүнө жарашып, адамга жылмаюу менен карап астейдил мамиле жасаган татынакай айым Бурулсун Дыйканбаева.

Үйдөгү төрт кыз, бир эркек бир туугандардын улуусу болгондуктан, апасынын жардамчысы катарында түйшүккө эрте аралашат. Апасы Алыйбүбү — айылындагы үй оокатына тыкан аял затынан. Атасы Дүйшөналы(Кубак) согуш учурунда мектепте мугалим болуп балдарды окутуп, кийин эс алууга чыкканга чейин суу чарбасында техник болуп иштеген. Алыйбүбү менен Дүйшөналы момун адамдар. Ынтымактуу жашашып, оокатын тың өткөргөн үй-бүлө. Бурулсундун бала кезинен сөздү таптап таттуу сүйлөп, бир ишти беттесе, аны аягына чейин бүтүрүүгө аракет жасай турган адам болору байкалган. Эс тарткандан бөбөктөрүн кадимкидей тарбиялап, үйдөн оокат жасатып, мектепте бе-

шөө тең жакшы окуйт. Өзү мектептин коомдук иштерине активдүү катышып, дубал гезитине чакан макаласы чыгып калат. Төртүнчү класстан окуп жүргөнүндө окуучулардын борбордон чыкчу "Кыргызстан пионери" гезитинен "Үлгүлүү класс" деген макаласы жарык көрөт. Ошондон баштап райондун "Жеңиш жолу", облустун "Нарын правдасы" гезиттерине туулган жеринин коздугу, мектептин алдынкы окуучулары, ата-энедей мээримин төгүп билим берген мугалимдери тууралуу жазып жөнөткөн макалалары жарыяланып, окуучу болсо да эл оозуна алына баштайт. "Жакшы сөз жан ээритет" демекчи, элдин алкоосу болочок журналисттин күчүнө күч, демине дем кошуп, күндөн күнгө журналистикага кызыгуусу артат.

Мектепти бүткөндөн кийин өзү тандап жактырган Фрунзедеги Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин филология факультетине тапшырып, конкурстан өтпөй калат. Туулгандан сабырдуу кыз окуута өтпөй калдым деп капаланбастан талантын өнүктүрүүгө аракеттенип, "Нарын правдасы" гезитине корректорлук жумушка орношот. Иштеп жүрүп университетти сырттан окуп бүтүрүп, жогорку билимге ээ болот. Кызматы жогорулап, гезиттин кабарчылар бөлүмүндө адабий кызматкер, андан соң түйшүктүү журналистикалык турмушу башталат. Облусттук гезитке макала берүү оңойго турбайт. Айрыкча, Теңиртоонун кышы алты айга созулуп, Ат-Башы, Ак-Талаа жергесинде суукту күчү 40 градустан ашкан учурларда тоо аралап малчылардын, айыл кыдырып жалпы элдин абалынан кабар алып, кызыктуу маектерди уюштуруп, көлөмдүү жана көркөмдүү макалалары жарык көрүп, окурмандарга тартууланат. "Отурган кыз орун табат" демекчи, ачкан эшигинде 40 жыл эмгектенип, "Теңир Тоонун" тегирменин тегеретип, байсалдуу өмүр кечирип келаткан Бурулсун эмгек жолу тууралуу мындайча эскерет:

1975-жылы "Нарын правдасына" келгенде аталган гезитте мага чейин белгилүү акын-жазуучулар Нинакан Жүндүбаева, Жумакан Тынымсейитова эжелер иштеп кеткен экен. Тилекке каршы, алар менен үзөңгүлөш, кесиптеш боло албадым. Бир жылдан кийин корректор, кийин каттар жана кабарчылар бөлүмүнө адабий кызматкер болуп которулуп иштеп жүргөнүмдө бөлүмдөгү жалгыз аялзаты элем. Нечен түркүн жолду басуу менен жаштыгым басмаканада өттү. Ал кезде жооптуу дежур, кичине дежур деген болчу. Жооптуу дежур гезитти бир сыйра окуп коюп кетет. Кичине дежурдун каталарды толук оңдоп бүтмөйүн үйгө кетмейи жок. Басмаканада тамгалар кол менен бирден терилип, салынып оңдолот. Ал учурда азыркыдай кичинекей гезит эмес, форматы чоң ыңгайсыз гезиттер чыкчу. Ошол кезде редакциянын имаратынын "ээси" бар деп коюшар эле. Дежур болгон күндөрү жанагы ээсинен чочуп, түн ортосуна чейин, кээде таң атканча басмаканада жатпай басып жүрмөй. Кай бир күндөрү жалгыз кеткенден коркуп, беттерди бүтүргөн соң, үйүлгөн кагаздардын үстүнө жатып уктап калабыз. Эртең менен үйгө барып түшкө чейин эс алып, түштөн кийин кайра жумушка чыкмай. Кокустан бир ката кетип калчу болсо, сөгүш алабыз. Командировка көп. Жазгы айдап себүү, күзгү оруп жыюу, тоют топтоо дегендей.

Ал кезде райондорго автобустар маалы менен гана каттачу. Бир сапар Ат-Башыга командировкага барып автобустан калып калдым. Караңгыда жол тосуп турсам КАМАЗ келип токтоп, айдоочусу: "Кабинада орун жок, үстүнө түшсөң түшүп ал" деди. Айла жок, КАМАЗдын үстүнө түшүп Нарынга келгем. Күндөрдүн биринде саат он экиден өткөндө түнкү дежурстводон чыгып үйгө жөө баратсам, театрдын жанында бир караан мени аңдып карап тургандай көрүндү. Коркконуман кыймылдабай туруп калдым. Ал да кыймылсыз. "Мында кандай жаман ой бар болду экен" деп бир топко турдум да, "эмне болсо ошо болсунчу" деген бойдон

шаша-буша басып жөнөдүм. Жетсем эле бактын көлөкөсү экен. Мындай учурлар көп эле кездешип, ал күндөр да артта калды... Жаштайымдан журналист болуп иштөө жеке жашоомо залакасын тийгизбей койгон жок. Дежурство, командировка деп жүрүп, үй-бүлөлүк турмушумда өйдө-төмөн өкчөлдүм... Кырсыктан жолдошум каза тапты. Жашоомдогу карманаарым эки кызым болду. Элчилеп эс алып жүрбөдүм. Бирок, ар бир күнүм текке кеткен жок.

Экинчи үйүм болгон редакцияда 40 жыл тыным албай иштептирмин. Эмгек жолумда редакторлор Барктабас Абакиров, Дүйшөнбай Мусаев, Муса Алыбаев, Ракым Асылбаев, ал эми бүгүнкү күндө Таалайбек Дүйшөналиев менен иштешип келем. Ушул жылдардын аралыгында кай бир каармандарымдын кайгы-капасын тең бөлүшүп, жазган макалаларым менен көбүнүн турмушун жеңилдеткенге түрткү болсом керек. Себеби, бүгүнкү күндө да тээ бир жылдары каарманым болгон адамдар жолугуп: "Сиз Бурулсун эжесизби, дагы эле иштеп жатасызбы?" деп сурап калышат. Дегеле мага жумушумдан бак бериптир —дейт Бурулсун кубана.

* * *

Бурулсун экөөбүздүн жакындашуубуз кийинчерээк башталды. Өзүм чыгармачылыкка кеч келип, ырларым райондук "Эмгек Туусу", облусттук "Теңир Тоо" гезиттерине жарыяланып, окурмандарга тартууланып турат. "Теңир Тоодон" Бурулсундун макалаларын окуп, "сөздү баалай билип жакшы жазган, кандай айым болду экен?" деп жүргөм. Бурулсун да гезит бетинен ырларымды окуп, мага жолугушууну көздөп жүрүптүр. Бир ирет телефон аркылуу Нарында өтүлчү Аялдардын 8-Март майрамында жолугушууну макулдаштык. Салтанат облустун драм театрында өтүлүп жатты. Мурда көрүшпөгөндүктөн ырда айтылгандай "жа-

кын жүргөн менен бирок алыспыз" болуп, театрдын ичинде издешип жүрө берип, сыртка чыкканда табыштык. Маңдайы жарык, жылдызы жанган, сөздөрү орундуу Бурулсун мени тез эле өзүнө тартып алды. "Оорулуну догдурдун дарысынан мурда жасаган мамилеси айыктырат" демекчи, Бурулсундун сүйлөгөн сөзү да, өзү да жакын сезилип, бир топ баарлашкандан кийин байланышып турмак болдук. Бурулсунду билбейм, мен көптөн бери алыстан күтүп жүргөн сиңдим менен табышкандай абалда жүрөгүм ысып, зор кубанычта Кочкорго жол тарттым. Үйгө келип балдарыма Бурулсундун жөнөкөйлүгүн айтып бүтө албайм. Сиңдимдин жашы өйдөлөп бараткаңына карабай ошол күндөн баштап Бурулсун мен үчүн "Бүкөнтай" болуп калды. Кыргыз эли сөздөн бүткөн делет эмеспи. Бүкөнтайдын калеминен жаралган гезит бетиндеги терең мазмундуу сөздөр менен жазылган бардык макаласын окуп чыгам. Өзүнүн кесиптештери белгилегендей, оомалуу-төкмөлүү заманыбызда тирүүчүлүктүн ар түрлүү түйшүгүн тартып, жашоо өткөрүп жатышкан карып, майып адамдар жөнүндө ийине жеткире жазат. Алардын ички дүйнөсүнө аралашып, келечектен үмүттөндүргөн суроолорду жай узатуу менен, жоопторун аягына чейин кунт коюп угат. Ал эми чыгармачыл инсандар менен болгон маектери адамды өзүнчө керемет эргүүгө бөлөп, алдыны көздөй сүрөп турат. Сиңдимдин макаласындагы асыл сөздөрү адамдардын курагына, кесибине жараша ылайыкталып жазылып, жашоодо керегиi тийери байкалат.

"Теңир Тоо" гезитинде иштешкен калемдеши Шаршеева Качкын Кочкорлук, анан да мага кудача болгондуктан жолугушуп турабыз. Бурулсун жөнүндө кеп болгондо төмөнкүлөрдү айтат:

Бурулсунга кандай мактоо айтса жарашат. Оор-басырыктуулугунан жашоосунда өткөн кээ бир кыйын учурларын зымырайып билгизбейт. Өзү да көңүл оорутуп бирөөгө жаман сөз айтпай, жүргөн-турганы сылык-сыпаа, кек сак-

табаган, созулган мүнөзү менен кесиптештерине алым-бе-
римдүү кебелбеген жан. Кокустан бирөөнүн кемчилигин
байкаса, ыгын таап акырын түшүндүрүп, жөнгө салат. Тур-
мушка каныкʼ, чыгармачылыгы жетик айым. Көптөгөн жаш
журналисттердин насаатчысы. Аларга эринбестен жур-
налистиканын терең сырларын түшүндүрүп, иш жүзүндө
да жардамын көрсөтөт. Ошону менен бирге редакциянын
жаш кыздарына эжелик кеп-кеңешин берип, улууну урмат-
тоого үндөп келет. Калемдешимдин кызыктуу жоруктары
да аз эмес. Бир жолу жакын адамдары балдарынын үйлөнүү
тоюна чакырат. Бурулсун белгиленген күнүн карабай ка-
феге келип, чакыруу кагазында көрсөтүлгөн орунга отура
берет. Той башталат. Негедир тегерегинде тааныштары кө-
рүнбөгөндүктөн сураштырса, башка бирөөлөрдүн тою өтүп
жатыптыр. Көрсө, Бурулсун тойго бир күн мурун келип
алыптыр. Дагы бир ирет кабинетте отурушканда кесиптеш-
тери китептерден, журналдардан окугандарынан кеп салы-
шат. Арасынан бирөө:

— Казакстандын Кыргызстандагы элчиси Муктар Ша-
ханов "Чыңгыз Айтматов Бүбүсараны жерге берүү зыйна-
тында шолоктоп ыйлады" деп жазыптыр — десе Бурулсун:

— Апе-эй аны Шолохов кайдан көрүптүр? — деп сурайт.

Иштешкендери:

— Ай эже, Шолоховдун өлгөнү качан! Бу Шаханов! —
дешип, боору эзилгенче күлүшүптүр. Көрсө Бурулсун Ша-
хановду Шолохов деп угуп алган тура.

Сиңдим дуңган калкындай эмгекчил. Журналистика
менен эле чектелбестен кийинчерээк өмүр таржымалдар
жыйнагын жазып жүрөт. Алсак, "Энелер турмуш тире-
ги", "Өмүрдүн өчпөс издери", "Эр төрөгөн эл өлбөйт" ж.б.
2015-жылы СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү, мыкты
журналист, сатирик маркум Асиз Жумагуловдун уулу Ка-
сен Асизов түзгөн "Чыгаан калемгер" аттуу китепке редак-
торлук кылды. Белгилүү чыгармачыл инсандын китебине

редакторлук кылуу өтө жоопкерчиликтүү экендиги айтпаса да түшүнүктүү.

Бурулсун облустагы коомдук уюмдардын иштерине да активдүү катышат. 2015-жылы түзүлгөн "Теңиртоо айымдарынын конгресси" коомдук уюмунун төрайымы болуп шайланып, көптөгөн алгылыктуу иш чараларды өткөрүп келет. Ким болбосун кесибин сүйүп, аны ардактаса эмгеги бааланбай койбойт эмеспи. 2016-жылы өзү туулуп өскөн Ат-Башы районунун Ача-Кайынды айылындагы китепканага аты берилип, салтанаттуу белгиленди.

Бурулсун эмгек жолунда СССРдин, Кыргыз Республикасынын Журналисттер Союзунун мүчөсү, Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери, Нарын облусунун Ардактуу Атуулу наамдарына ээ болду. Бүгүнкү күндө эки кыздын бактылуу энеси, үч уул, үч кыз неберенин сүймөнчүктүү таенеси. Улан менен Табылды — Бурулсундун оорун колдон, жеңилин жерден алышкан күйөө балдары. Ошентип, Бүкөнтайым — "Теңир Тоо" гезитинин белгилүү журналисти жана сыйлуу адамы. Ал эми калк арасында кептин кененине, ойдун тереңине маани берип, бой көтөрүүнү билбеген, жөнөкөй асыл айым катары өрнөктүү өмүр сүрүп келет...

## ТАГДЫРДЫН ТАРАЗАСЫ

*"Бакыт дагы оор жүк, күчүң жетпесе көтөрөм деп чамынба"*
*(элдики)*

Орловка кыштагы тоого жакын жайгашкандык кылып, эми эле ачык турган күн сөөктү алып чыгып жатканда төгүп баштады. Же эл айткандай маркумга нур төгүлүп жаткандыр. Адамдын жакшы-жаманы өлгөндө билинет тура. Маркумга киши көп келиптир. Балдары табытты көтөрүп алдыга басышканда, калың эл аркы секичедеги көрүстөндү көздөй агылып жөнөдү. Сөөктү алып чыкканга чейин аялдардын ар кайсы жерге топтошуп турмай адаты болот эмеспи. Биз маркумдун Орловкадагы кошуналарына жакын туруп калыптырбыз. Алар, элге угуза эле: "Байкуш Кылычбек, толкубаган көл эле. Көп жылдар бою жер казып, кен чыккан жерде иштеди. Кен жабылганы жайы-кышы дебей тоо аралап, мал багуу менен өмүрү өттү. Жанын-жанга үрөп жүрүп, ушул заңгыраган үйдү курду. Малы турган сарайы, анын жанына салынган мончосу менен тамы эмне! Жашоонун ыракатын тиги суйкайган катыны менен балдары көрүшүүдө. Өлгөн Кылычбектин өз шору! Тирүү кишинин жашоосу өтө берет. Баардыгы белен. Куурагыр, кур дебесе беш күнчө ооруп төшөк тартып, тиги ак катынга бактырсачы! Бөтөнчө момундун сөөгүнүн курт-кумурскага таланып, тоонун бетиндеги шагылдын арасынан төрт күндөн кийин табылганы кыйын болуп жатпайбы" дешип, шыпшынышып жаактары басылбайт. Бул айтылган сөздөрдүн канчасы жалган, канчасы чындык экенин ичимден бир Кудай билет

деп турам. Бирок, Эркайым эженин обу жоктугун жалаң кошуналарынан эле эмес, сырттан келген аялдардан да укканымда "кулак укса курсак кайнайт" болуп калдым.

* * *

Класстык журналды алганы мугалимдердин кабинетине киргем. Төркү кабинет — окуу бөлүмүнүн башчысыныкы. Эшиги ачык экен. Коом таануу сабагынан берген Орловкалык Калыйдын үнү чыгып, бир нерсе жөнүндө айтып жаткандай. Башбаксам беш-алты мугалим турат. Калый мени көрө коюп: "Акмарал эже, баягы сиздер катышып жүргөн Кылычбек ата каза болуп калыптыр" деди.

— Эмне ооруптурбу?

— Жок, оорубаптыр.

— Анан кандайча каза болуптур?

— Билбейм. Өлүгү кечээ тоодон табылыптыр.

Мен унчукпастан текчедеги журналды алып, сабагыма кирип кеттим. Сабакты алагды болуп өткөрдүм. Аңгыча коңгуроо кагылып танаписке чыктык. Чөнтөк телефонум шыңгыраганынан ала койсом — кичүү уулум экен. "Апа, Кылычбек ата каза болуптур. Эртең коюлат экен. Бир киши келип, кабар айтып кетти" деди. Жолдошум шаарда мугалимдердин бир айлык курсунда жүргөн. Бирок барышыбыз керек. Директордон суранып үйгө келдим. Жолдошум Каныбекке телефон чалсам, ал: "Бүгүн сен барып көз көргөзүп келе бер, мен кечке жуук үйдө болуп калам" деди. Кошуна аялды ээрчитип, эки уулум менен Орловкага жөнөдүк. Салт боюнча анча-мынча даярдык көргүчө, бир топ убакыт өтүп кетиптир. Барсак, көчө тарапка жана короонун ичине болуп эки боз үй тигилиптир. Боз үйгө кирсек ичи толтура аял. Эркайым эже карасын жамынып, эки кызы менен оң капшытта отурат. Аялдарды аралай басып эжеге жеттим. Көрүшүп бир топко ыйлаштык. Отуруп бетибизди жууган-

дан кийин: "Эже эмне болду" десем, сыр алдырбоого аракеттенип: "Байкеңерге каргашалуу капилет ажал туш келбедиби" деп, оор үшкүрүндү. Ушуну менен сөз бүттү. Чоң үйүнөн бир чыныдан чай ичип, кайта Эркайым эженин үстүнө кирип отуруп калдык. Күн кечтеп бара жаткандыктан, эртең келерибизди эжеге түшүндүрүп чыгып кеттик.

Эртеси Кылычбек байкени акыркы сапарга узатуу зыйнаты саат экиде бүттү. Убакыт эрте болгондуктан мен мектепте калдым. Каныбек балдар менен үйгө кетти. Калый да мага уудаалаш келип, мугалимдердин кабинетине отуруп калдык. Мугалимдер танапистен кийинки сабакка жаңы киришиптир. Учурдан пайдаланып, Калыйдан байкенин өлүмү тууралуу сурай баштадым, анткени алардын үйү Кылычбек байкенин Орловкадагы үйүнө жакын экен. Экинчиден, Калый ал жерде күнү-түнү кызмат кылып, элге аралашып жүрбөдүбү. Калый: "Маркум Кылычбек ата бой тартып калган кезинде апасы экөө Нарын тараптан келишиптир. Ата дегенимдин себеби, бир кызы менен мектепте чогуу окугам. Атасы согуштан кайтпай калыптыр. Апасы аябагандай тың, оокатка сарамжалдуу мамиле жасаган эстүү аял болчу. Кылычбек атанын төрт баласын өзү багып чоңойтуп, мындан беш жыл мурун дүйнө салды. Апанын колу ишке жөндөмдүү болгондуктан, апам экөө Орловкадагы тигүү фабрикасынын бөлүмчөсүндө кийим тигип иштешти. Кылычбек атанын жакшы турмушка жетүүсүнө апасы чоң салым кошту. Өзүңүз көргөн сөөк чыккан жасалгалуу боз үйдү өз колу менен көтөрдү. Үй-оокатты көзү өткөнчө жасады. Уулу да эстүү чыгып, апасынын оюнан чыкпаса керек. Кылычбек ата — өмүрдүн ар-бир күнүн текке кетирбеген эмгекчил киши экен. Ак-Түздөгү кен чыккан жерде иштеп жүргөндө, чоң тамын салды. Кен жабылгандан кийин сарай сатып алып, малдын артынан түштү. Турмуш куруу маалы келип, нике кайыпты көлдөн буюруптур. Эркайым апа — Кылычбек атанын тагдырына туш келип, маңдайы-

на жазылган ургаачы экен. Жакшы жашашты. Апа бир топ жылдары дүкөн кармады. Дүкөнгө товар Москвадан жиберилчү. Анткени, дүкөн кенчилер үчүн ачылган. "Колунда талканы бар бала сүймөнчүктуу" дегендей, Эркайым апа айылга кадыр-барктуу болду. Төркүнү да бардар жашаган адамдардан тура. Кечээ жердин алыстыгына карабай күйөө баласына семиз жылкысын алып келип союшпадыбы. Апабыз жаш кезинде өңдүү-түстүү, жалгыз баланын келинчеги болгондуктан, айылда "эрке келин" аталды. Ал кишинин оюндагысы ар дайым аткарылат. Кайын энеси көзү өткөнчө, келинине катуу сөз айтып, көнүлүн калтырган жок. Кылычбек ата апасы кайтыш болгондо жакшы коюп, кийин күмбөз салдырды. Бечара киши эми минтип өзү да апасынын жанынан жай алды. Бирок, өлүмү кейиштүү болбодубу..." дейт. "Ай Калый, сен даанасын айтсаң. Мен бүгүн ошол тууралуу аялдардан көп кеп укпадымбы" десем, Калый: " Марал эже, тегин жерден өрт чыкпайт эмеспи. Эркайым апа кайын энеси көз жумгандан кийин ого бетер өзүн-өзү билип, ден-соолугун шылтоо кылып курорттгорго, догдурга, айла кетсе алыстыгына карабай кулагы уккан табыптарга жөнөчү. Кылычбек ата кичүү уул-келини менен сарайда калып, малына көз болот. Улуу баласы азыркы чоң тамда жашайт. Мал менен соода жүргүзөт. Кыздары да турмуштан өз ордуларын таап кетишкен. Эки уулунда эки жеңил машине, ал эми сарайындагы техникаларына сөз жок. Ээ, Марал эже! Адамга өлүмдүн кайсы маалда, кандай жерде келээри бир Кудайдын колунда экен го! Кырсык болоордон эки күн мурда апабыз Токмоктогу кызыныкына кетет. Абышкасы эртең мененки чайын ичип болуп: "Балдарым, силер короодогу көңдү аңтарып сыртка чыгара бергиле" деп атына минип, малынын артынан жөнөйт. Ошол күнү кечке маал күн бүркөлүп, тоонун башына кар кымкарлайт. Кечкурун мал жайыттан сарайга чачыранды келе баштайт. Кылычбек ата болсо кечиккенден кечигет. Келин-уулунун

тынчы кетип, караңгыда кайдан издээрин билишпей таң атырышат. Уулу таң заарынан туруп, короодогу атын токуй салып атасын издеп чыгат. Булардан бир топ алыс турган сарайга барып сураса, "Атаң кечээ эртең менен малын айдап кырды ашып бараткан" дешет. Чапкан бойдон кырдын аркы бетине түшсө, атасынын аты эңкейиште тушалуу, создугу чыгарылуу, оттоп жүрөт. Жакын барса камчысы гана жок, калганы толук. Бала күүгүм киргенче издеп таппай, чарчаганда атасынын атын коштоп алып үйүнө келет. Аргасыздан агасына, айылга, апасына кабарлайт. Эртеси агасы, эки кошунасы болушуп төрт ат минип издеп жөнөшөт. Эки күнү тыным алышпай кокту-колотторду, тоо-ташты аралап таппай чарчашканда, бийик жердеги жалпак таштын үстүнө отуруп калышат. Таштын айланасы шагыл экен. Аңгыча, кичүү уулу ордунан секирип тура калып, эки кадам ары басып, колу менен шагылды шилеп кирет. Көрсө, атасынын өтүгүнүн башы шагылдан кылтыйып чыгып калыптыр. Ошентип атасынын сөөгүн үйгө алып келишет. Калганын өзүңүз угуп келген турбайсызбы" дейт.

* * *

Биздин жерибиз — Чоң-Кемин, айылыбыз — Тегирменти. Чоң-Кемин Иле, Ала-Тоолорунун ортосунан орун алган узун өрөөн. Чокусунан аппак кар кетпеген, беттеринде карагай өскөн, төмөн жагы — жашыл талаа. Өрөөндүн ортосун жарып Чоң-Кемин суусу агып жатат. Каныбек экөөбүз мына ушул киндик кан тамган кутмандуу жерибизден чоңоюп, билим алуута шаарга кеткенбиз. Жогорку окуу жайын бүткөн соң, он жылча Чоң-Кеминде иштеп, Быстровкага келгенибизге он беш жылдан ашып калды. Балдарыбыздын алды үй күтүп, эки балалуу. Кичүүсү — студент. Экөөбүз тең орто мектепте химия мугалимибиз. Мугалимдердин жайкы эс алуу убактысы башталган. Мектебибизге

профсоюз аркылуу Жети-Өгүз курортуна эки путёвка келип, коллективибиз экөөнү тең бизге беришти. Путёвкада көрсөтүлгөн мөөнөттө курортко келдик. Үй-бүлөлүүлөргө ылайыкташкан бөлмөгө жайгаштык. Күн жылуу. Кечки тамактын маалы келип, тамактануучу жайга кирип, столдон орун алдык. Эс алуучулар көп экен. Залдын ичи бака-шака. Аздан соң биздин столго өңдүү-түстүү, жакшынакай кийинген, оозу толтура алтын тиш эже менен жашыраак келин келип кошулушту. Тамак ичилгенче жай сурашып, таанышып да алдык. Эркайым эже Орловкалык болуп, жердеш чыктык. Эртели-кеч чогуу жүрөбүз. Эженин жанындагы келин өзү теңдүүлөргө кетип калат.

Дарылоонун догдур белгилеген түрүн маалы менен алып, бош учурда эс алып жүрөбүз. Ысык-Көл — чынында касиеттүү жер. Бул жерге келгенден тартып, негедир адам өзүн жеңил сезе баштайт. Абасы таза. Жайы салкын келип, кышы өтө деле суук эмес. Анткени, бир ирет кыш айынын башында эс алып кеткен элек. Жети-Өгүз суусу бийик жерден агып түшүп, курорттун жанынан өтүп, Ыссык-Көлгө куят. Курорт болсо, Жети-Өгүз капчыгайынын эң бир кооз, кенен жерине жайгашкан. Жерден атырылып чыккан арашан булагы "дарылык касиети боюнча дүйнөдө экинчи орунда турат" делинет. Муун, нерв ооруларына жакшы жардам берет. "Жети-Өгүз" деген аттын келип чыгышы тууралуу түркүн уламыштар айтылат. Кызыл чополуу бул асканын жанынан ырчыларыбыз не бир сонун клиптерге тартылып, сүрөттөргө китеп, журналдардан орун берилүүдө. Жергиликтүү эл муну "Кызыл-Үңкүр" деп аташат экен. Курорттун тейлөөсү жогорку деңгээлде. Кечкурун жана дем алыш күндөрү курорттун айланасына сейилдеп басабыз. Ошондой учурларда эжебиз эринбестен кийимдерин улам которуп кийинип чыгат.

Күнгө дем алыш. Сүйлөшкөн боюнча бир аз тамак-аш даярдап алып, үчөөбүз коктуну өрдөп өйдө көздөй жөнө-

дук. Айлана түркүн гүлгө, жайкалган шиберге бөлөнүп, коктунун ичи карагай-черлүү. Түшкө жакын түзөңүрөөк жерге барып, кийимдерибизди чечип, желим идишибиздеги суута колубузду жууп, чакан дасторконубузду жайып, алып барган даамыбыздан татып отурдук. Эркайым эже үй-бүлөсү жөнүндө сөз баштап, төркүнү көлдүн күңгөй тарабындагы Темир айылынан болорун, жолдошу түпкүлүгү Нарындык экенин, Орловкада узак жылдардан бери жашашарын айтты. Жолдошу мурун кен казып иштеп, азыр мал күтүп, тоонун түбүндөгү сарайында тиричилик кылышат экен. Өзү болсо учурунда дүкөн кармаптыр. Бала-бакырасы чоңоюп, неберелеринин кызыгына батып тургандарын, дегеле турмушуна ыраазы экенин сүрөттөп айтып бүтө албайт. Аңгыча аркы кырдан атчан киши көрүнүп, түз эле бизге бастырып келди. Каныбек саламдашып, бейтаныш адамдын аттан түшүп даам ооз тийүүсүн өтүндү. Бир аз кобураштык. Тиги киши кой кайтарып жүрүптүр. Жергиликтүү элден болгондуктан, коктудагы карагай-чердин ичинде, кырдын ары жагындагы төрлөрдө жапайы жандыктардын бир топ түрү болорун, камандардан кези келгенде атып жей тургандыктарын айтканда оозубуз ачылып калды. Тиги киши бизди карап: "Анын эмнеси таң калаарлык, таза чөп жешип, тунук суудан ичишет. Эти семиз жана суурдукундай эле даамдуу" деп жатпайбы. Кыскасы бүгүнкү эс алуубуз көңүлдөгүдөй кызыктуу өттү.

Ишемби күнгө карап балдарыбыз үйдөн эрте чыгышса керек, келип калышты. Неберелерибиз Көк-Жайыкты көрөбүз дешкенинен Эркайым эжени кошо ала кеттик. Күн чайыттай ачык. Көк-Жайык — кууш капчыгайдын бүткөн жеринен орун алган керемет жер. Жети-Өгүз суусунун башы тоолордогу мөңгүлөрдөн кокту ылдый агып түшөт экен. Алгачкы ирет космоско жол салган СССРдин баатыры, учкуч-космонавт Юрий Гагарин да Көк-Жайыкка келип эс алып кетиптир. Биз ал жерден жогорураак чыгып

жайгаштык. Балдарыбыз тим эле жыргап жүрүшөт. Биздин ары жагыбызда шаардан келишкен кээ бири — сыртынан тааныш атактуу адамдар. Көк-Жайыкта отурганыбызда Эркайым эже: "Каныбек, Акмарал, бул жерге келгенден бери бир туугандай сыйлашып жүрөбүз. Туура көрсөңөр катышып алалы " деди. Мен Каныбекти карасам, "өзүң бил" деген сыяктуу. Ал күнкү эс алуубуз да жакшы өттү. Мөөнөтүбүз аяктаганча эжеден башка да бирин-экин эс алуучулар менен таанышып баарлашып, ыгы келгенде даам сызышып жүрдүк. Эже бизден мурдараак келгендиктен, бүгүн кеткени жатат. Катышууга макул экендигибизди билгизип эжени таксиге салып жибердик.

* * *

Жарым жыл аралыгында эже менен телефон аркылуу байланышып турдук. Улуулук жолун көрсөтүшүп, бүгүнкү күнгө сарайдагы үйүнө бизди конокко чакырышыптыр. Кичүү неберебизди ээрчитип, белек-бечкегибизди алып барып калдык. Эже курорттон сүрөттөп айткандай эле жетиштүү турмушта жашашат экен. Сыйын көрүп, ыраазычылыгыбызды билгизип, сыртка чыктык. Неберебизге бир козу айтышты. Коштошуп жөнөп кеттик.

"Бирөөнүн тоогун жесең каз байла" демекчи, ылайыгын келтирип бир айдан кийин биз да аларды мейманга чакырдык. Айтылган козусун сала келишиптир. Шаардагы ааштарыбыздардан да чакырган элек. Кылычбек байке чечилип сүйлөп, аябай жакшы отурду. Анда-санда ырдап коёт. Ылайыгы келе калганда саясаттан кеп салып, шаардыктарга күнүмдүк жаңылыктардан кур эмес экендигин билгизди. Негедир өзүлөрүнүн үйүнөн жана биздикинен дагы Кылычбек байкеден эч кандай чекилик кетпесе да, эжебиздин жолдошун кагып-силкип, сүйлөгөн сөздөрүнө жолтоо болуп отурганы мага туура эместей көрүндү. "Дешпе" де-

ген кеп бар эмеспи, унчукпай болгон сыйыбызды көрсөтүп, меймандарыбызды узаттык.

Догдурга, табыпка, кийим тиктирген жерге баратам деп, эжебиз ары-бери өткөндө келип-кетип турат. Биз Кылычбек байкелердин Орловкадагы чоң үйүн көрө элегибизде минтип суук кабар келбедиби. Заңгыраган алты бөлмөлүү үй, огород толо бак-шак, короонун ичи цементтелген. Эмне деген эмгек?! Кайран гана Кылычбек байке! Баарын калтырып кете берди.

* * *

Жумгалда жашашкан бир тууган кайын эжем менен кайын жездем Кара-Балта шаарындагы уулунукунан келатышыптыр. Кудай жалгап Каныбек экөбүз тең үйдө болчубуз. Жеңил машинесин кошуна жигитке айдатып алышкан. Учурашып, жай сурашкан соң, чай ичкенден кийин мен конок камын көргөнү аштымканага чыктым. Жездем бир атадан жалгыз. Бирок, кайын эжем он беш бала төрөп, он экиси бар. Бардык уул-кыздарынын очор-бачар болгон учурлары. Жездебиз көп жылы чарбанын кампасын кармап, кийин кочкор багып жүрдү. Азыр эс алууда. Бүгүнкү күндө эжем экөө балдарынын жакшылыктарын көрүшүп, ар-биринин сыйлуу коногу. Айтмакчы, жездемдин апасынын оң кулагы түбүнөн жок. Оң колу да билектин башынан мулук эле. Бул окуя 1916-жылкы каардуу падышага каршы элдик боштондук көтөрүлүштүн убагында болуптур. Жездебиздин таятасынын боз үйү жолго жакын арыктын боюна тигилген. Үй ээси айылдагы эркектерге кошулуп, жан айласынан тоого качып кеткен. Себеби, падышанын буйругу боюнча 19-41 жаштагы эркектер ооруктагы аскер жумушуна барууга тийиш болчу. Ошол учурда Кочкордон хан көтөрүлүп, көтөрүлүшкө жетекчилик кылган Канааттын колун талкалоого Ташкенден бир рота аскер Суусамыр аркылуу барууга

жөнөтүлөт. Аскерлер жолду карата жолуккан адамдардын бирин да калтырбай аёосуз кырып келатышканы угулган. Алыстан уюлгуган чаңды көрө койгон таенеси, төрт жаштагы уулун үйдөгү жуурканга ороп жүккө жыйып, беш жашар кызын ээрчитип сыртка чыгат. Тигилер боз үйдү жөөлөй орусча кыйкырышканда, "баламды аман калтыргыла" деп кыйкырганга жетишип-жетишпей, жаркылдаган кылычтан жерге сулап түшөт. Апасын көргөн кыз коркконунан бет алды качып жөнөйт. Артынан кубалаган желдет кызга кылычын шилтегенде, кыздын башынан ылдый кан жая берип жатып калат. Аскерлер кызды өлдү деп жөнөп кетишет. Алардын айылдан алыстап кеткенин көрүп, тоодогу эркектер кечке жуук кокту ылдый үйлөрүнө түшүп келишет. Таятасы үйүнө келсе, эркек баласы эшиктин алдында кыймылсыз жаткан апасын тиктеп, ыйлап отурат. Жанында канга чөмүлүп эжеси эссиз жатат. Кызды атасы көтөрүп ала койсо, оң кулагы түбүнөн, оң колу билектен жок. Уулунун айтуусунда апасы аны жүккө ороп жашырып койгон экен. Кийиздин чоюлары, кичинекейдин чоңоёру калетсиз тура. Мына ошол кандуу окуядан аман калган беш жашар кыздан төрөлгөн — биздин жездебиз. Кудагый он эки небересин көрүп, бийликтен калбай жүрүп, 95 жашында каза болду.

...Аңгыча базарга келгенин айтып, сырттан Эркайым эже кирип калды. Бир чыны чай ичкенден кийин: "Коноктор менен чогуу отуруп тамак ичип кетиңиз" дегенге болбой, шаша чыгып кетти. Эжени көчөнү көздөй узатып коюп үйгө кирдим. Бул учурда Кылычбек байке тирүү болчу. Жездемдин жанындагы машине айдаган Нуракун биз менен тең чамалаш көрүнөт. Ал Каныбектен Эркайым эже жөнүндө сурап жатыптыр. Мен киргенде Каныбек экөөбүзгө карап: "Бул эжеңер кесирлүү, обу жок аял экен. Ырыскысын көтөрө албай баратыптыр. Жакында жолдошу тоонун башында каза болуп, өлүгү таштардын арасынан табылат. Муну менен эле бүтпөйт. Себеби, жаштыгы менен булар бир учурда

аялдын ичинен өлүү түшкөн баланы ыпылас жерге көмүшкөн. Ошонун залалынан колундагы балдарынан да бул дүйнө менен кош айтышкандары болот" деди. Жездем:

— Койчу Нуракун! Бир туугандарыбыздын жүрөгүн түшүрүп, көп нерсени айтып салдың окшойт — деди.

— Чын айтам, маңдайында жазылып турат — деп, Нуракун мостоюп калды.

...Чайга бата тиленип, эркектер сыртка чыгышты. Мен тамакты чыгарып келип, кайын эжемден:

— Бул кишиңердин көзү ачыкпы?

— Жок, бирок дайыма эле минтип сүйлөй бербейт. Эгер сүйлөсө, туура келген учурлары кездешип жүрөт.

Эсим чыгып калды. Кайын эжемдерди узаттык. Нуракун тууралуу Каныбекке кеп кылгандан чочуп, унчукпай казан-аягымды жууганы оозгу үйгө чыгып кеттим..

* * *

Жазга маал учуру. Кан басымым көтөрүлүп, жаным кейигенинен шаардагы кызматкер кайнимдикине келип, эртеси "Чуйский" деп аталган белгилүү дарыгер Акрамовдун ооруканасынын терапия бөлүмүнө жатып калдым. Бул ооруканага алыс жактан келгендер, көбүнчөсү ооруканага жакын аймакта жашашкан ар улуттун өкүлдөрүнөн жатып дарыланышат экен. Алгачкы күнү көп аялдар менен чоң палатага жаттым. Эртеси "сизге тынчтык керек экен дешип", бир кишилик палатага которушту. Ичинде суусу, кийим илчү шкафы, чай ичип отурганга ылайык кичинекей үстөлү бар экен. Дартымдын аты учурунда туура табылып, догдур чектеген дарыларды алып жаттым. Дарыгерлер чынында ажалы жокторду жана алардын айткандарын туура аткарган бейтаптарды тез эле сергитишет.

Кошуна палатада намаз окуган, жашы бир топтогу улуту башка апа бар. Кирип-чыкканы тың. Көптү көргөн, жа-

шоосу жакшы, нускалуу сөздөрдөн сүйлөгөн, улгайса да сынынан кетпеген сөөгү таза аялзатынан экендиги көрүнүп турат. Палатадагы суута карап, бош убактысын кобурашып мени менен өткөрөт. Бүгүнкү кечки тамактан кийинки апа экөөбүздүн маегибиз, баягы Нуракун айткан "адамдын маңдайына жазылганы" деген сөздүн айланасында болду. Анткени, Нуракундун айткандары чекесинен туура келип, Кылычбек байке өтүп кетпедиби. Менин коркконум "Эркайым эжени алдыда дагы эмнелер күтүп турат" деген ойлор.

...Кызым, бул турмуштан кимдер жашап өтпөгөн. Бирок, ар ким пешенеге жазылгандан ашык кете албас. Баары буйруктан эмеспи. Мисалы, сен экөөбүз каяктагы адамдарбыз? Бизге ушул ооруКананын туз-насиби буюргандыктан минтип баарлашып, чогуу дарыланып жатабыз. Аз убакыт болсо да эне-баладай болуп калдык. Эмесе бир укканымдан кеп салып берейин. Чакан шаарды башкарган хандын жалгыз кызы бар эле. Ал кыз ашкан акылдуу, өңдүү-түстүү, кыз кишиге тиешелүү жакшы сапаттары менен көзгө көрүнүп калган чагы. Кызынын келечеги ханды көп ойлонтууда. Акырында "жалгыз кызым болсо, алыс жакка турмушка берип эмне кылам?" деп өзүнүн жакшы көрүп, ишенген вазирине баш коштуруп коёт.

Хандын кызы зериккенде жан-жөкөрлөрү менен сарайдын сыртына чыгып сейилдеп келе турган. Ошондой күндөрдүн биринде алдыларынан кой кайтарып жүргөн жылдыздуу жигитке кезигишет. Кыз жигитке көз кырын салып өтөт. Кийинки жолку сейилдеп чыгышында кыз жигит менен таанышат. Жигит томолой жетим болгондуктан хан сарайдан обочороок айылдагы бир байдын койчусу экен. Чынында кыз баланы сүйүп калган эле. Үчүнчү жолку келишинде кыз жан-жөкөрлөрүнө кайрылып: "Мен эми хан сарайга кайрылып барбаймын. Калган өмүрүмдү ушул жигит менен өткөрөмүн" дейт. Муну уккан хандын ачуусу аябай келип, экинчиден намыстанат.

"Кызымды акылдуу деп жүрсөм, жеткен акылсыз турбайбы! Ак никелүү жарын таштап, талаадагы селсаяк менен калганы эминеси? Менин андай кызым жок!" деп айттырып жиберет.

Кыз жубайы экөө Кудай кошкон тагдырларына ыраазы. Кыздын хан сарайдан алып чыккан биртике асем буюмдарын сатып, күн кечирип жүрүшөт. "Сүйүүнүн бир көз ирмеми бир өмүргө тете" дегендей, ырахатта жашашат. Уулдуу да болушкан. Турмуштары жакшы нукка түшүп, эл катарына кошулушту. Келин айылына алымдуу, алганына ийкемдүү жар болуп, баласы алтыга чыкты. Баланын атын Кудайберген коюшкан. Анын ар нерсеге шыктуу экени байкалды. Айылда чоң комузчу киши боло турган. Бала ошол жакта эле жүрөт. Комузга кызыгат. Чоң комузчу болгусу келет. Бүгүн да комузчунукуна кеткен. Үйдө жигит келинчеги экөө калышып, өткөн күндөрүн эстешип сырдашып, махаббатка чөмүлүп жыргап отурушту. Бир маалда келинчеги: "Сен экөөбүз сүйүшүп баш коштук. Айрыкча сени мен сүйдүм. Тагдырларыбыз биригишип, жүрөктөрүбүздү оорутпай, төбөбүз көккө, бутубуз булутка жеткендей ыракатта жашоо өткөрүп келатабыз. Мончоктой уулдуу да болдук. Мага ушул бакытты тартуулаган Теңириме ыраазымын!" дейт. Жигит шашып:

— Сүйүктүүм, бакытым, өмүрүмдүн булагы, менин канчалык деңгээлде сага ыраазы экенимди сөз менен жеткире албасмын! Канткенде билгизем? —дейт.

Келинчеги сүйүнүп кетип, күйөөсүн кучактап өпкүлөйт.

— Андай болсо менин сага чоң өтүнүчүм бар. Бирок жеңил эмес. Ошону аткара алсаң чын дилимден ыраазы болмокмун!

— Жаным! Сөзсүз аткарам!

— Колуңдан келеби? Терең ойлонуп жооп берчи!

— Ойлонуп эле турам. Жарык дүйнөдө жашоо берип, бапестеп өстүргөн ата-энеңди, толгон байлыкты, ак нике-

луу жарыңды таштап, мен томаякты сүйүп, бактылуу кылып отурасың! Эмне үчүн сенин айтканыңды аткарбашым керек?! Ишенип кой алтыным, аткарамын!

Келин шашылбай туруп: "Сүйүктүүм, мени ишендирдиң! Эмесе жакшылап угуп тургунуң. Түшүмө аян берди. Мен бүрсүгүнү чын дүйнөгө аттанам. Мага сени менен бирге татууга сүйүүнүн ушунча эле өлчөмүн, турмуштун ыракатын, өмүрдүн күнүн буюрган! Сен коркпо. Уулуң экөөңдүн келечегиңер кенен, өмүрүңөр узун болот. Сөөгүмдү жашыргандан кийин бир күн өткөрүп, түн ортосу оогондо эч кимге көрүнбөй көрүстөнгө барып, кабырымды ач. Башымды кесип, мен даярдап койгон баштыка сал. Кабырды бүтөп үйгө келип жуунуп ал. Эртеси таза кийимдериңерди кийинип, баш салынган баштыкты алып, уулуңду жетелеп атамдын сарайына бар. Ал жердеги сакчылар сени сарайга киргизишпейт. "Мен хандын кызынын томаяк күйөөсүмүн. Кызынын атасына берип жиберген аманаты бар. Ошону сөзсүз хандын колуна өзүм тапшырышым керек" десең киргизишет. Сарайга киргенден кийин учурашып баштыкты атамдын астына кой".

Бечара жигит аялын тиктеген бойдон жалдырап отуруп калды. Канетсин. Кайгы-муңдуу жашоо, жалгызчылык эмне экендигин эс тарткандан билет эмеспи. Минтип, Алла-Тааланын ырайымы менен оюнда жок периштеге жолугуп бөксөсү толгонсуп, телегейи тегиз болгонсуп калбады беле... Жубайынын айткандарын угуп, айласы куруп, дүйнөсү тарып, жаркырап тийген күнү заматта көөдөй караңгылыкка айланып, жылдызы өчө түштү. Арга жок. Ант берилген. Эми аны аткаруу гана керек болчу!

— Ий-ий апа! Кыздын башын күйөөсү кантип кесээр экен? — деп жибердим.

— Аа балам, "Айтылган сөз — атылган ок" деген кеп бар эмеспи. Кеспегенде кантмек эле!

* * *

...Кумурсканын кусканын, жөргөмүштүн жөтөлгөнүн байкаган акылдуу келин үйлөрүн тазалап, кир-кечесин жууп, коркпостон өлүмгө даярланууда. Эртеси кечинде демейдегиден да даамдуу тамак жасап ичишип, уулу менен жубайын өөп-жыттап, төшөккө жаткызып койду. Өзү калган жумуштарын бүтүрүүнүн аракетинде жүрүп, кеч жатты. Күйөөсү балакеттин уктаганыбы! Көзүн жумуп, баарын байкоодо. Аңгыча таң да атты. Караса уулу жанында мемиреп уктап жатат. Аялы да суйкайып уйкуга кеткендей. Акырын аялынын жууркаңын тартып, бетине бетин тийгизгенде денеси эчак муздап калыптыр...

"Адам — ооздон чыккан сөздүн кулу" демекчи, жигит канетсин? Өзүн кыйноого салып, жубайынын айткандарын ирээти менен аткарып отуруп, акырында кайын атасынын кашына келди. Салам айтса хан алик албады. Уулу экөө босогодон кичине өтүп, колундагы баштыгын хандын астына койду да, жүйүртө басып ирөгө жакка отуруп калышты. Хан баштыкты ачып, ичиндеги башты колуна алып, тегеретип карап көпкө отурду. Бир маалда терең улутунуп: "Кызымды ырыскысын тепкен акылсыз деп бекер күнөөлөгөн турбайымбы! Бийлик, байлыктын аркасынан түшүп жүрүп, көздү чел, көкүрөктү чер басып калган тура! Хан болуп эл башкарганым менен, канымдан бүткөн данегим — кызымчалык акылым жок экен да! Пенделердин тагдырга баш ийери эсиме келбептир го? Кызымдын маңдайына эки нике жазылган тура!" Хан катуу үшкүрүнүп: "Уулум! Кудай мени дагы эле куру койбоптур. Неберемди көрүп отурам. Ушуга топук кылышым керек! Эми уулуң экөөң эч жакка кетпейсиңер! Сен азыртадан баштап мага уул жана ишенимдүү вазирим болосуң" деп, ордодон бир кыз тандап алып берет.

"Карачы Акмарал кызым, адамдын маңдайына эмнелердин жазылганын!" деп апа палатасына жатканы кетти.

Апа кеткенден кийин ар нерсени ойлонуп, көпкө уктай албай жаттым.

* * *

...Ооруканадан сакайып чыкканыман бери бир топ күн өттү. Көр оокаттан кол бошобойт. Бүгүн чыгынып, Кылычбек байкеге куран окуп, Эркайым эженин акыбалын сурап коёюн деп барып калдым. "Аялдын бешенесиндеги чырагы — күйөөсү" дегендей, абышкасынын дүйнө салышы эже үчүн кыйын болгондугу сезилип турат. Себеби, баласындай жумшап турчу Кылычбек байке жок. Жүдөй түшүптүр. Бир топко сүйлөшүп отуруп кеттим. Ар ким тирүүчүлүктүн түйшүгүн тартып жашоонун күнүн өткөрүп жаткан учур. Бирөө сапарда, бирөө малын багып кашарда, көпчүлүгү кечке базарда отуруп, соода менен жан бакмай. Кымбатчылык каарын, ал эми кредит деген азап кай-бирөөнүн жанын, кай-бирөөнүн тамын алууда. Кыйналган адамдарга карызга берген байлардын акчасы ургаачы болгондуктан, үстөгү кошулганда төлөй албагандардын айлалары куруп, үй-бүлөсүн таштай качканы андан көп.

...Айлар өтүп күз келди. Кылычбек байкенин ашы берилип, куран окутулду. Биз эжени балдары менен үйгө чакырып алганбыз. Өлгөндүн артынан өлмөк жок эмеспи, эже белин бууп, балдары менен оокатын өткөрүп жүргөн. "Күнүгө бир шумдук укпаса кишинин кулагы кер болот" демекчи, баягы мугалим Калыйдан эженики малдарынан уурдатышып, ууруларды табылбай жатканын уктук. "Буйруктуу мал болсо табылып калаар деп турганыбызда, Кылычбек атанын колундагы уулу каза болуптур, силерге айтып кой дешти" деп Калый Орловкага шашып кетти. Барсак, эже: "Уулум киши колдуу болду!" деп боздоп жатат. Көрсө, органдын кызматкерлери уюшкан ууруларды бирөөнүн изине түшкөн экен. Догдурлар текшерип, "денеде көгала

так жок, тумчуктурулуп өлтүрүлгөн" деген жыйынтык чыгарышыптыр. Эмне кылышат? Ыйлап-сыктап уулу жерге берилди. "Өмүрдүн картайганы жашка жараша, көңүлдүн картайганы бакка жараша" демекчи, эже тез эле картайып кетти. Убакыт өтүп, баягы Нуракундун айткандары туура келип баратат. Эже байкуш канетсин. Жашы улгайып баратканда минтип башынан оор мезгилдерди өткөрүп жатат. Көр дүйнөнүн бөксөргөнүн толтурса болот, төрөдөй ата-баланын орду канткенде толмокчу!

"Касыңды жакшылыкта сына, кашыктап уу береби, досуңду жамандыкта сына, кочуштап суу береби" деп Кадыгул олуя айткандай, түшүнгөн адамдар Эркайым эженин эми сурап турушубуз керек болду. Дем алышта Кабалын эми сурап турушубуз керек болду. Дем алышта Канибек экөөбүз эженикине бардык. Эже "бири шекер бири бал, бирин айтса бири бар" болуп, ыйлап отурат. Маркумдарга багышталып куран окулгандан кийин, эже: "Акмарал, бүгүн Каныбек экөөң шашпай отуруп кеткилечи! Төркүнүм алыс. Силер менен бир аз баарлашып отурайын. Кийинки күндөрдөгү кайгылуу жашоом жаныма батып кетти. Жок дегенде ичимдеги бугумду силерге айтып жеңилдеп алайын! Жаш болсоңор да сыр билги жакын адамдарым — экөөңөр болуп калдыңар. "Жамандык удаа чыкты, эптеп бул үйдөн кол үзүшөлү" дегендер болуп жаткандыр. "Бул катын ушуну көрмөк" деп табалагандары андан көптүр. Эмне кылайын! Алла-Таала ук дегенин укпаска, көр дегенин көрбөскө чарам барбы!" деди.

* * *

"Ыраматылык кайын энем сонун киши эле. Жалгыз баламдын келинчеги деп оюма койду. Балдарды тогуз ай көтөрүп, төрөп эле коюп жатам. Баарын апам багат. Дүкөнчү болгондо да "дефицит товарды" кармаган "дефицит дүкөнчүмүн". Өзүмдү айылдагы аялдардын алдыңкы катарын-

дамын деп эсептеп, кол бошой калса эле үлпөткө жөнөйм. Бир жолу кайын энем Кылычбекке угузбай: "Ээ ботом, анда-санда Кылычбекти деле ээрчитип албайсыңбы! Эри жок аялдардан бетер шоңшоңдоп жалгыз кетесиң" деген күндөн баштап ылайыктуу жерлерге экөөбүз чогуу барып калып жүрдүк. Каалаганды кийип, каалагандай эс алам. Чекеси эле силер менен чогуу Жети-Өгүз курортунда болгонум. Кылычбек ушунча болуп мени чекеге чертпептир. Ошондуктан көпкөнүм башымдан ашып, өзүмдү өзүм билип калган турбаймынбы. Көрсө Кылычбегим — толкубаган көл, тоо башынан агып түшкөн көк кашка булактай мөл адам турбайбы. Ал менин кадырыма жетип, мага өмүр бою эстеп жүргүдөй мамиле жасачу экен да! А менчи?.. Сулуулугума, жакшы турмушума, жоош күйөөмө мактанып, көзүмө эч нерсе көрүнбөй, жер менен басканды унутуп, асмандагы булуттардын арасында калкып жүрсөм, Кылычбектин кадырына качан, кантип жетмек элем!?. Момунду өлүп кетет деп ким ойлоптур? Минтип кеч болгондо баарын түшүнүп отурбаймынбы. Шордуу башым! Күйгөнүм эле — жашыбыз өтүп баратса, жай отурган күндөрдө деле абышкамдан кечирим сурай жүрбөгөндүгүм. Экинчиден мал бакканга жараган уулдары туруп, өлүгү асканын башынан табылганы өкүнүчтүү болуп жатпайбы! Бул аз келгенсип алмончоктой уул-кызымдын дүйнөдөн эрте өтүп кеткендеричи! Ушундан көрө бул кырсыктар жалгыз мага көрүнүп, алардын ордуна мен кетсем туура болмок. Кылычбек мени "азап тартып жүрүп өлсүн дегенби" деп калам. "Эр көпсө элге, аял көпсө эрге" болбодубу айланайындар! Акмарал алтыным! Аялдын бактысы — өмүрлүк жары, алпечтеп өстүргөн балдары менен экен! Аргам жок. Башымды ташка койгуласам да, аларды таппайм. Эмнегедир түшүмө да кирише элек. Каныбек, Акмарал! Садага болоюндар, силер менен ымалалашып калганыма аябай кубанамын. Убактыңар болгондо келип-

кетип тургула. Экөөңөрдү кадимкидей арка-бел тутуп, күтүп калчу болдум".

Эженин сөзүн угуп отуруп, баягыда кошуналарынан, Калыйдан уккандарым чындыкка чыкты. Калк айтса калп айтпайт экен деп койдум. Ошол мүнөттөрдө "адам байлыгына, ичкен ашына, кийинген кийимине мактана баштаса эле, анын адамдык касиеттен ажыраганы" деп улуулардын айткандары эсиме түшүп кетти. Тамак ичилип бүттү. Каныбек экөөбүз: "Эже, сабыр кылыңыз. Чапкан сайын көз чыга бербес. Кудай калган балдарыңызды, неберелериңизди, өзүңүздү аман койсун! Ден соолугуңузду эми караңыз! Ооруп, кор болбоого аракеттениңиз. Биз келип турабыз. Кол үзүшпөйбүз деп жакшы оюбузду айтып, коштошуп чыгып кеттик. Машинеге отуруп, үйдөн узап калганда артыма бурулсам, эже сыртта биз кеткен тарапты карап туруптур. Жүрөгүм ачышып, эжени аяп кеттим...

*Быстровка*

## ҮРКҮН ОКУЯСЫНАН УЧКАЙ КЕП

Райондун борбордук китепканасына чакыруу менен бир топ адам чогулдук. Чогулганыбыздын себеби — 1916-жылдагы элибиздин башынан өткөрүшкөн кайгылуу улуттук боштондук көтөрүлүшү жөнүндө улуулардан уккандарыбызды ортого салуу. Отургандарыбыздын эң кичүүсү — жетимишке кадам таштагандар экенбиз.

"Үркүн" деген сөздүн өзү эле жүрөктүн үшүн алган, 1916-жылы калкыбызды кыргынга, ачкачылыкка учуратып, жан айласынан Кытайга үркүп качууга мажбурлап кайгыга салган, эстен кетпес далилдүү чындык окуядан кабар берээри анык. Кыргыздардын ошол учурдагы ак падышанын кысымына чыдабай баратканы аз келгенсип, 19-41 жаштагы эркектерди оруктагы аскер жумушуна алуута байланыштуу падышанын жарлыгы чыгып келет. Муну кыргыз эли аскерге алат деп түшүнүшкөн. Жөнөй тургандардын тизмесине кедей-кембагалдардын балдары катталып, бай-манаптардыкы кирбегендиктен эл ичинде наарazычылык күчөп, көтөрүлүш чыккан эле.

Мектепте окуп жүргөн кезде кыргыз жазуучусу Касымаалы Баялиновдун "Ажар" повестинен Ажардын апасынын мүрзөсүн кучактап ыйлап турган жериндеги монологунан айтып чоңойбодукпу. Үркүн болбогондо өмүрү кыска, бактысы тайкы, ажары айдай сулуу Ажар ачкачылыктан өлгөн ата-энесинен ажырайт беле?! Кытай жергесинде колдон колго сатылып отуруп, өзүнөн 40 жаш улуу, жүзү карачаар, ээгинде сербейген эчки сакалы бар дунган абышкага үчүнчү аял болот беле? Саксайган чалдын, ажыдаардай катындарынын кордугуна чыдабай, Какшаалдагы кыргыздар-

га барууга Чырдын үйүнөн качып чыгып, ээн талаадагы ач карышкырларга жем болот беле?!

Чакырылган адамдар толук келип, китепканада бир аз тынчтык өкүм сүрүп калды. Топтун арасынан "Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги", "Маданияттын мыкты ишмери", Нарын облусунун "Ардактуу атуулу", элибизге аттын кашкасындай белгилүү комузчу жана обончу Зайнидин Иманалиев убактысынын аз экендигине байланыштуу үркүн жөнүндө чоң атасы Иманаалыдан жана туугандары Оторбаев Бозгунчу карыядан уккандарынан алгач кеп баштады: "Салтты сактап тегимден маалымат бере кетейин. Уруубуз "арык тукуму" деп аталат. Кочкор районундагы Кош-Дөбө айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Күнгөй айылында жашайбыз. Арык тукумунун ичиндеги Саркалдактын Бекбайынан тарайбыз. Бекбайдан Калмакы, андан Ботокан. Ботокандан Иманаалы, Сыдыгаалы. Иманаалыдан Сабит, Нуркаш. Сабиттен мен. Мен чоң атам Иманаалынын колунда өстүм. Кайда барса калтырбай атына учкаштырып алат. Тойбу, жоробу, чогулган жердеги улуулардын сүйлөшкөн кебин кунт коюп угам.

Арык тукумунун Ысык-Көлдүн көкүрөк жагынан Кочкор өрөөнүнө кандай шартта көчүп келип отурукташкандыгы, жана алар жөнүндөгү санжыра-баянды Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун мүчөсү Деркенбаев Майрамбек китепче кылып түзүп чыгып, 2014-жылы окурмандарга тартуулаган.

Заманында сарыбагыш уруусунан Түлкү уулу Тезекбай, Коомандар тың чыккан. Тезекбайы Кара-Саз айылынан Кара-Суунун Үч-Булагына чейинки "Борукчу" болуштугунда болуштук кызматты аткарып турган. Көчмөн элди отурукташууга үндөп, айланага бак тиктирип, билимге да маани берген адам экен. 1916-жылкы үркүндө Тезекбай Кочкордун чыгыш жагындагы көтөрүлүшчүлөрдү жетектейт. Тезекбай өзүнүн баласы Атакан, Сагын Ниязбек уулу,

Көкташ уулу Жапайлар болушуп, 13-августта Нарын чебинде турушкан ак падышанын аскерлерине кол салышат. Падышанын аскерлеринен аргасыздан жеңилгенде, Тезекбай Кытай жергесине өтүп кетет. 1917-жылы Кытайдан кайтып келгенден көп өтпөй, жазалоочулар тарабынан кармалып, 1918-жылы Токмоктун өйүзүндөгү Шор-Төбөдө бир топ манаптар менен көтөрүлүшчү катарында атылышат. Тезекбайдын тамы Совет өкмөтү түзүлгөн алгачкы жылдары мектеп болуп, балдар билим алышкан.

Учурунда айыл эли сөзгө аларлык жигиттердин бири — Ниязбек уулу Сагын. Ал ата-энеден эрте жетим калып, жашынан тирикарактыгы байкалып, кийин Кененбай болушка жигит болот. "Келкел маалы болгондо, кедей жигит төө минет" дегендей, убакыттын өтүшү менен 1915-жылы өзү болуштукка шайланат. 1916-жылкы үркүндө Сагын Ниязбек уулу, Батыркан Райымбек уулу, Сагаалы Алматаев сыяктуу болуштар көп кол менен Пржевальскийди курчоого алышып, андан соң Орто-Токойдон зоот аттарды минишкен аскерлердин отрядын тосушуп, арабачандарынын айласын кетиришип, бир топ мылтыктарын ок-дарылары менен тартып алышат. Коваленко баштап Кочкорду көздөй келе жаткан отуз чамалуу солдаттарын да камоого алып атышышат. Сарбагыштын үчүкө, атаке урууларынан жардамга келишип, солдаттардын ок тийгендери өлүп, калгандары качып кетишет. Алардан калган эки арабаны, ичиндеги куралдары менен аттарын олжолоп алышат. Бирок, арттан келаткан орус аскерлери көптүккө салып күчтөп кол салып киргенде, Кытай тарапка качууга аргасыз болушат. Жолдо баратканда кытай черүүлөрүнө элин талатпай, алар кызыккан апийимден берип өтүшөт. 1917-жылы Кытайдан кайра кайтканда да элине камкордук көрүп, аларды аман-эсен туулган жерине жеткирет. Сагындын көзү өткөндө сөөгү Оттук менен Ак-Өлөңдүн ортосундагы Курулуш деген жерге коюлуп, артында эки кызы калат.

Кыйыр чоң атам Байтүгөл уулу Кененбай — арык тукумунун Байым уулунан. 1835-жылдарда Ысык-Көлдүн Боз-Учук аймагында төрөлүптүр. Бул дагы жетим чоңоюп, бой тарткандан баштап эр эңиш, балбан күрөштөргө катышып, арык тукумунун намысын коргойт. "Минген аттары күлүк, колундагы бүркүтү алгыр" делип эл оозунда айтылып калат. Кененбай Тезекбайга келишкен күлүк атын баалуу жабдуусу менен тартуулайт. Тартуусуна жооп кылып Кененбайдын эли отурукташканга Кара-Шаар, Оттук, Ак-Өлөң, Кара-Күнгөйдү жайлоосу менен берет. Кийин жер бөлүштүргөндө Кара-Шаар, Оттук, Ак-Өлөң Тоңго карап, Кара-Күнгөй Кочкордо калат. 1866-жылдары арык тукумунда түзүлгөн төрт болуштуктун Кененбай менен Ботокан бабам баштаган бөлүгү Кара-Күнгөйгө көчүп келип отурукташат. Бул аймакта "Семиз-Бел" болуштугу түзүлүп, алгач болуштукка Байкабыл, бир жарым жылдан кийин Кененбай шайланат. Кененбай болуш "үйдүн кичинеси, казандын чоңу жакшы" деп, казан-аштуу жакшы жашап жүрүп, 80 жашында 1915-жылы оорудан көз жумат.

* * *

Бабам Ботокан Калмакы уулу тууралуу эл ичинде көп-төгөн аңыз кептер айтылат. Ботокан менен Кененбай болуш замандаш экен. Эл арасында "Жөө Ботокан", "Күлүк Ботокан" аталып кетет. Бүгүн түш ченде Кара-Күнгөйдөн чыкса, эртеси шашкеде Кызартта болуп калчу экен. Ал киши жортуулчу болот. "Жортуулчу" деген сөздүн көп маанисси болуп, аны ар-ким ар-кандай кабыл алат. Өткөн мезгилдерде жортуулга эр жүрөк балбандар, жер-суунун шартын, аттын да, жаттын да сырын жакшы билген шамдагай жигиттер аттанышкан. Жортуулдан түшкөн олжо менен элин багышкан. Жортуулга аттануу кыргыз, казак, калмак, монгол, кытай элдеринде боло турган. Ботокан атам мындай

жортуулдардын нечениие жалгыз жөө барып, үйүр-үйүр жылкыларды айдап келип, жогорудагы Кененбай, Тезекбай болуштугундагы элге таратып берип турган.

Бир ирет үч кулач кайыш чылбырдын башына төңөлүк тагып, аны белине кур кылып курчанып, койнуна Кочкордун кара тузунан муштумдан чоңураак өлчөмдө катып, казактардын алыскы бир жерине жөнөйт. 1911-жылдары болсо керек. Шабдан баатырдын көзү тирүү кези экен. Шабдан баатырдын Кочкор жергесине күйөө бала болуп кетээрин, Султан энебизден Самүдүн жээндин төрөлгөнүн эске ала жүргөнүбүз абзел. Баатыр Ботокандын жөө күлүк, жортуулчу экенин угуп, "көзүм менен көрүп жолуксам" деп жүрөт. Күзгө маал баатырдын жигиттери эки кырдын ары жагында сан жылкылардын артында айдаган кишиси жок келатканын баатырга кабарлашат. Кыраакы Шабдан сан жылкыны жөө айдап келаткан Ботокан күлүк экенин баамдайт. Жигиттерине кайрылып: "Курал албагыла, жылкыларына тийишпегиле. Үч-төртөөң жылкылардын астынан тосуп токтотуп, менин жолугуша турганымды жылкынын артынан келаткан жөө кишиге айткыла" деп жиберет. Ботокан Шабдандын атын уккан соң: "баатырга өзүм барып жолугайын" дегиче, Ботокандын жанына баатыр атчан келип калат. Шабдан атынан түшөйүн десе, "баатыр түшпөңүз" деп ат үстүнөн саламдашышат.

— Баатырым, атайылап мага жолугууну каалаган экенсиз, айта турган кебиңиз бардыр? — дейт Ботакан.

— Ооба, сага бере турган үч суроом бар. Кана ошого жооп берип көрчү. Биринчиси: жортуулга чыккандардын астында артынан куугандарга жеткирбей, качса кутултуп кетчү жер тандабай жүгүргөн минген күлүк аты болот дешчү эле. Экинчиси: жортуулга жигиттер жалгыздабай тобу менен чыгаарын, үчүнчүсү: жортуулчунун жанында куралжарагы болоорун укчу элем. Сенде үчөөнүн бири да жок экен. Жообуңду угайын.

— Баатырым! Жакшы, чыгаан деген күлүктүн баары эле алыскы жолго жүрүүгө жарай беришпейт. Эгер ат минип жүрсөм эл көзүнө чалдыгып, колго түшүп олжомдон ажырайм. Ошондуктан жөө жүрөмүн. Жалгыз жүргөнүмдүн себеби, жаныма тынч. Эгерде көп киши менен жүрүп колго түшүп калсак, алардын өмүрүнө залал келип, аялын жесир, баласын жетим калтыргым келбейт. Андан көрө жалгыз жүрүп азап-тозокту өзүм тартканым жакшы. Баатырым, курал-жарак менен жүрсөм кооптуу учурда аны пайдаланууга туура келип, бирөөнүн өмүрүнүн зыянга учурашын каалабайм. Жолго чыкканда Кудайга, анан жылкынын пири Камбар-Атага жалынып чыгам — дейт.

— Эми кошумча суроо берейинчи. Азыркы сан жылкыны кайдан айдап келе жатасың? Алардын арасынан тандап бирди минбей, жөө келе жатканың кандай? Бир алганда ушунчаны алсаң, канча малың бар?

— Баатырым! Адегенде айылдын ичин кудайы конок катары кыдырып, кеч киргенде буюрган үйгө конуп-түнөп жүрүп, жеринин шартын, элинин салтын, анан жылкылуу байлардын жеткен сараңын иликтеп билип аламын. Түн бир оокум болгондо белгилеп жүргөн топ жылкыларга жетип, тузду коюп коём. Жылкы баласы сезимтал келип, тузду жытынан билет. Тузду адегенде үйүрдөгү жылкылардын айгыры жалайт. Калганы анын артына чубап келип жалап турушат. Туз жалаган айгырга жакындап барып, шык-шыктап өзүмө үйүр алдыра баштайм да, тузду улам которуп айгырды тигилерден четтетем. Ошол учурда туз жалап жаткан айгырга жанаша калып, тепкенге жеткирбей кайыш чылбырды ооздук кылып тизгиндеп байлап, куйругунан бекем кармап, жерди карай катуу силккенде, итче чочоюп отуруп калат. Кулактан толгой кармап үстүнө секирип минем. Айгырдын мөңкүгөнү бачым эле басылат. Тиги жылкыларды Казакстандын түпкүрүнөн айдап келе жатамын. Саны миңден ашуун. Барган жеримден тезирээк узап кетейин деп,

бир айгырды тандап миндим эле, катуу жүргөндүктөн үч күнгө зорго чыдады. Андан бери жөө айдап келатам. Бул жылкыларды элиме жетээрим менен бирин да алып калбастан, баарына тегиз бөлүп беремин. Ылайыгы келгендери чакырып конок кылышат. Өзүмдүн колумда бир саан уюм жана которуп мингидей эки атым бар.

Шабдан Ботокандын сөзүн кунт коюп угуп отуруп, жигиттерин чакырып: "Бирөөң атыңардан түшүп бергиле. Бул дагы бир эр экен. Үйдөн даам татып кетсин. Калганың жылкынын чекесинде болгула" дегенде, Ботокан шашып кетип: "Баатырым, мага аттын кереги жок, убара болбоңуз. Көнгөн эле бутум менен басып барам" дейт. Баатыр жайдаңдаган атын шайбыр жүрүшкө салып бастырганда, жөө баскан Ботокан экөө үйгө тең жетишет. Үйгө киришип дүйүм тамак үйүлгөн кең дасторкондун үстүндө отурушканда Шабдан бирде Ботокандын өңүн, бирде басанак бутун карайт. Ботокандын чың ден соолугуна, эр жүрөк балбандыгына, сезимталдыгына, акылынын терендигине, элдик киши экендигине ичинен ыраазы болуп, буга чейин угуп, бирок жолуктура элек жөө күлүккө тан берет. Өзү касиеттүү инсан болгон соң, маңдайында отурган Ботокандын кандай болсо дагы башкача жаралган, колдоочусу бар адам экендигин байкайт. Себеби, ушунча алыс жерде, ээн талааэрме чөлдө, кээде тоо-таштын арасында, кычыраган кышкы суукта, жайдын ысык аптабында жалгыз коркпой жол жүрүп, туткунга түшпөй, астында минген аты, ичээрге көтөрүнгөн ашы жок, үйүр-үйүр жылкыларды айдап барып, элине бөлүп бергени бардык эле эркектердин колунан келе бербей турган иш. Сыйлап конок кылып, байбичеси Шаакени чакырып, Ботокандын үстүнө баалуу чепкен жаптырып, жигиттерине даярдатып койгон токулгалуу жакшы атты мингизип, кош айтышып узатып жиберет. Ботокан жылкыларга жетип, жүздөн ашуун жылкыны "баатырга шыралга" деп жигиттеринен айдатат. Шабдан баатыр менен Бо-

токан бабамдын жолугушкандыгы туурасында, бул окуяга түздөн-түз катышы бар Шабдандын айылына көп каттаган Сары Иса деген адамдан укканын Семиз-Белдик Кубат уулу Айсаналиев Көкүн өзүмө айтып берген.

* * *

Ботокан чоң атам жортуулдан мал айдап келатса Көк-Мойноктун үстүндө атчан орус аскерлери бир топ туткунду астына салып айдап баратышат. Алар атамды көрүп калышып туткундап, эки колун артына байлап, жылкыларын да, өзүн да айдап жөнөшөт. Ал мезгилдерде чийлер ат кирип кетсе көрүнгүс бийик жана коюу чыкчу тура. Чийлердин арасындагы мерчемдүү жерде атамдын чарчап келатканда кирип эс алчу чуңкуру бар экен. Кыраакы атам баягы калың чийлерге жеткенде солдаттардын арасындагы кара чачка кайрылып: "Сен мусулман окшойсуң, менин түзгө отургум келип жатат, колумду чеч, болбосо өзүң шымымды шыпырып, чоң заара жасат!" дейт. Солдат ойлонуп туруп, "мунун шымын чечкенче колун эле чечейин" деп, бошотуп коёт. Ошол жерден чоң атам чепкенин чече коюп желбегей жамынып, чийди аралай басканда солдат:

— Каякка? — дейт.

— Айтпадымбы! Чоң заара кылам!

Атам биртике ары барып бийик чыккан кош чийге чепкени чийге илинип калат. Тиги күтүп отура берет. Ботокан болсо чийлердин арасы менен сойлоп отуруп өзүнүн чуңкуруна жетип, ичине кирип кетет. Жасоолчулар келип карашса туткун жок. Чепкенди ары чапкылап, бери чапкылашып, мылтык менен бир топ аткылашып, чийди аралап таппаганда, "кой, калганын качырып албайлы" дешип, туткундарга жете барышат. Алар узап кеткенден кийин жылкыларынан ажыраганына Ботокандын ичи күйөт. Бирок ойлонуп, "Булар куралчан экен, тигинтип

бир топ кишини туткундап алышыптыр. Биздин эл да соо эмес го" деп, тоо аралап айылына эрте жетүүгө шашылат. Эл жатаарда үйүнө келсе, үйү чечилип таңылган, балдары көрүнбөйт. Кемпири таңылчактын түбүндө отурат.

— Ой кемпир, эмне болду? Балдар кайда? Эл кайда? — дейт.

— Иманаалы менен Сыдыгаалы аттарынын жанында жүрүшөт. Айылдын баары үркүп, Кытай тарапка бет алышты. Унаасы жок алты үй калдык. Данакан байдан көлүк суратып жиберсем: "суунун жайын жар билбейт, жоктун жайын бар билбейт" кылып, "аттарды кызыл май кылып коёсуңар" деп бербей коюптур. Элдин көчүп кеткенине эки күн болду. Биз сени күтүп отурабыз —дейт.

1916-жылы уулу Иманаалы үйлөнүп, Сабиттин жүгүрүп жүргөн, Сыдыгаалынын үйлөнө элек кези экен. Ботокан уулдарын чакыртып келип: "Силер бир ат менен баарыңар тиги коктунун имерилишиндеги буйгат жерге ташынып бара бергиле. Бул жерде калуу кооптуу. Көч алыстай элек экен" деп, бир атты минип жөнөп кетет. Эки күндөн кийин Данакандын жылкысынын үйүрүнөн отуздан ашуун жылкыны айдап келет. Жылкыларды көчпөй калгандарга таратып берип, "түнү менен жолго даярдангыла" деп, эртеси таң заардан айылдан узап кетишет. Ыңгайы келген жерлерге түнөшүп, аттарды жүктөрдөн бошотуп тыным алдырып, өзүлөрү да өргүп жүрүп отурушат.

Калмак-Ашууга чукулдап калышканда арттан коюу чаң чыгат. Чоң атам жалгыз көздүү дүрбүсүн колуна алып шыкаалаcard, жыйырмадай курал-жаракчандар кокту өрдөп катуу келатышат. Көчтөгүлөргө кайрылып: "Болгула, ылдамдап бастыргыла! Эгерде тетиги ашуунун кап ортосуна жетип алсак аман калабыз. Кокустан жетпесек тукум курут болобуз" деп, жүрүштөрүн тездетет. Ашуунун так ортосуна жеткенде солдаттар арттан аткылап башташат. Чоң атам: "Болгон куралыңарды ок-дарысы менен калтырып, мени күтпөй алдыга жөнөгүлө. Текеске кирбегиле, ал жер

опурталдуу. Мен аман-эсен калсам, эки күндөн кийин артыңардан барам. Кокус эки күндөн өтүп кетсе, арбагыма багыштап куран окуп койгула" деп калып калат. Караса эки мылтык, өзүнүкү менен араң үчөө. Үч мылтыкты үч башка жерге коюп, төмөн жакка көз салса, жасоолчулар жалгыз аяк жол менен ашууда келатышат. Алдындагы карала атчан башчысыбы, ким билсин. Атам аны мээлеп туруп жалпыйта атат. Тигилер да туш келди аткылап киришет. Атам болсо борчуктарга коюлган мылтыктарынын улам бирөөнө чуркап, мээлеп отуруп, тар жерден жасоолчулардын айласын кетирип, кулата-кулата атат. "Түбүңөргө жеттим го" деп аттардын аягын сыдырып караса, бир аттан алты бут көрүнөт. "Оо, оңбогур! Сен мени ээрдин алдындагы ыйык жалдан шыкаалап турасың да" дегенче, тигинин башы кылтыя түшөт. Ошол жерден аны так маңдайга басып алат. Атам өз колу менен мерт кылган жасоолчулардын куралдарын, тамак-аштарын бир атка артып, аскасы асман тиреген Ала-Тоосу, аркар-кулжа мекендеген аркайган зоосу, үстүндө өрдөк-казы каркылдап, түбүндө балыктары ойногон суйкайган сулуу Соң-Көлү менен коштошуп, көчтүн артынан аттарды алдына салып айдап жөнөйт.

* * *

Кудайдын буйругуна, тагдырдын жазганына баш ийбеске айла барбы! Күндөп-түндөп кырдан кырды ашып жүрүп отуруп, атам эки күндө көчтү кубалап жетет. Текеске жакыныраак карагай-черлүү, малга жайлуу төрү, шаркырап аккан суусу бар, бөтөн көзгө чалдыкпай турган Эңилчек-Кайыңды деген көк майсандуу жерге жетишип, жүктөрүн жерге түшүрүшөт. Жердин сырын жакшы түшүнгөн атам элинин эч жакка чарпылбай, ушул жерге байыр алуулары туура экендигин түшүндүрүп, чакан айыл болушуп күн өткөрүшөт. Атам көзгө атаар мерген жана жетишээрлик окдарысы болгондуктан, ууга чыгып турат. Эчки-теке, аркар-

кулжа, кыскасы колуна илингенин атып келип, этин элине бөлүштүрүп берет. Терилерин сынынан кетирбей сыйырып кургатып, көбөйгөндө кытай базардагы соодагерге алып чыгып, кийим-кечек, кездеме, ун-талканга алмашып келет. Атам аң уулоого чыгып жүргөндө Текестен көлдүк мергенчиге жолугат. Жай сурашып отуруп ар кимиси көргөн азаптарынан сөз козгойт. Мергенчи көлдүн бугу уруусунан чыккан айтылуу чоң Чыныбайдын айылынан экен. Орус аскерлери Түп кыштагынан баштап кыргын салып киришкенде, эл Кытай тарапка самсып жөнөшөт. Аскерлер элдин артынан сая түшүп кубалашып, бир тобу мерт болушат. Аман калганы эптеп чек арага жакындаганда, Музарт деген тик мөңкүп аккан шар өзөнгө кез болушат. Артыбыздан аскерлер жетип келбесин деп, күрүлдөгөн сууну кечип киришет. Орус болсо деле энеден төрөлүп, эне сүтү менен чоңоюшкан адамдардан ушундай мыкаачылар чыгарын ким ойлоптур?! Суу мергендин атынын жалынан аша берип, эптеп өңөргөн уулу менен өйүзгө чыгат. "Артымда келаткан жаш балалуу аялымдын, аттары чабалдар ат-маты менен, тай, торпок, бешиктин агып бара жатканы көз алдымда турат. Ок тийип жаратына чыдабай онтогондору канча!" деп жашыйт. Тирүү калгандары бирин-бири издеп, будуң-чаң түшүп калышат. Кичине арылап жөнөшкөндө калмактар кол салып, жылкыларын талап киргенде, мергенчи эки калмакты ыргыта атат. Ошондон кийин калмактар кол салганын токтотушат. Текеске келгенде эл туш-тарапка чачылышат. Мергенчи кургур төрт жаштагы уулу экөө Текестин бир жериндеги айылдаштарынын ичинде атамдар сыяктуу жашоо өткөрүп жатышыптыр. Атам кытай базардан бети-башын шишик басып, ачкасынан ыргалып баса албай турган адамдар колундагы балдарын "ачкадан өлүп калмак болду, багып алсаңар" деп зарлашканын нечен ирет көрүп, элибиздин эзилгенине каңырыгы түтөп кетчү экен.

Күндөрдүн биринде аң уулоодо жүргөндө атамдын алдынан аюу чыгат. Адатынча жөө экен. Качууга болбойт.

Аюу экөө бет маңдай келе түшөт. Аюу атамды тиштеп ыргытмакчы болгондо, атам аюуну бекем кучактап, башын аюунун ээгинин астына такайт да, эптеп кынындагы бычагын сууруп алат. Бир маалда ыгы келе калып, бычагын аюунун бөйрөгүнө матырып, бир топко коё бербей турат. Аюу бакырып-өкүрүп жатып атамды кучактаган бойдон жерге "күп" деп жыгылат. Атам туруп эс алган соң, терисин сыйырып үйүнө алып келип, жайып таштайт. Ошол аюунун териси базарда жакшы баа болуп, бир топ керегине жарайт. Базарда жакшы тааныш соодагери боло турган. Кез-кезде Иманаалы менен Сыдыгаалыны ээрчите барып, базарды кыдыртып, анча-мынча соода жасоонун жол-жобосун үйрөтүп, жанагы соодагер менен тааныштырып коёт. Кийинчерээк базарга эки уулу эле барыша турган. Коктудагы чакан айылдагы атамдардын жашоосу алынча улана берет...

* * *

1917-жылы ак падыша тактан кулап, бийликке кедей-кембагалдарга карамдуу Ленин деген жакшы адамдын келгендиги тууралуу сүйүнүчтүү кабар угулат. Үркүп келген эл Кытайдан өз жерине кетүүнүн камын көрүшүүдө деп Иманаалы айтып келет. Ботокан атам терең ойлонуп: "Айтканыма көнгүлө. Эл арасында ачкачылыктын арааны жүрүп, ар түрлүү оору каптап, турмуш начар. Быйыл кеч болуп калды. Суук эмеле түшөт. Ат кара тил болгондо көчөлү. Эгин айдап, чөп чаап, үй-жайды оңдогонго жетишип калабыз" деп, ал жылы Кытайда калышат.

Киндик кан тамган жердин туз-насиби 1918-жылы буюруп, атам менен үркүп чогуу жүргөндөр аман-эсен элине көчүп келип кошулушат. Эл тынчып, жашоо өз нугуна түшө баштайт. Айылдагы туугандар акылдашып отурушуп, атама жаш аял алып беришет. 1922-жылы ал аялдан Абен төрөлгөн.

* * *

Эмики сөз Данакан бай жөнүндө болсун. Данакан Жаныш уулу деле саргалдак уруусунан. Бизге туугандар болот. Учурунда "Семиз-Бел" болуштугунда белгилүү байлардан экен. Төөлөрү бир өңчөй ак, койлору бүтүн кызыл, жылкылары жапырт жээрде. Данакан, Ботокан, Жакшылык, Токчулук жана Дүйшө аттуу беш бир тууган болушкан. 1890-1898-жж. Кара-Күнгөй айылынын чыгыш тарабына, суунун түндүк жээгиндеги Акулунун булуңунун капталына 300 баш коюн сарптап мечит курдурган. Мечитти курган устанын акысына 40 баш ирик берген. Мечиттин узундугу 15 метр, туурасы 7 метр болгон. 1898-1905-жж. мечитке мугалим кылып, көлдөн саяк уруусундагы Ыкылас аттуу молдону жалдап келишип, балдарга тамга таанытып, дин таалимдерин үйрөткөн. Алгачкы тамга таанып билим алгандар — Жайык уулу Жайнак, Коной уулу Кыдыраалы, Атантай уулу Саадабай, Ботокан уулу Иманаалы, Алайдар уулу Аблес, Малай уулу Деркенбай жана башкалар. Данакан үркүндө болгон малын айдап эл менен кошо Кытайга качып, ал жактан малы калмактардын, кытай черүүлөрүнүн талоонуна түшүп, кемпири экөө талаада тентип калышат. Ботокан атам Данакандын Текестин базарында кайыр сурап отурганын угат. Текеске барган сайын Данаканды издеп таап, акча-тыйын берип турууну Иманаалыга табыштайт. Кийинки кышта Иманаалы Данакандын көпүрөнүн түбүндө өлүп жатканын көрүп, айылга айтып келет. Айылдагылар чогулуп барышып, Текестен кепиндик ак кездеме сатып алышып, жардын чекесине мүрзө казышып, жайына тапшырышып, арбагына багыштап куран окушат. Кемпиринин дайыны билинбейт. Данакандын артында эки кызы калат. Айылда "Данакандын мечити", "Данакандын кыштоосу", "Данакандын кечүүсүндөгү үч бөлмөлүү тамынын орду" аталган жерлер бар. "Дүнүйө жыйнап нетесиң, бир күнү таштап кетесиң" болуп, Данакан байлыгынын ыракатын көрбөй, бөтөн эл, бөтөн жерде жүрүп өтүп кетиптир.

* * *

Ботокан атам 90 жашка чукул өмүр сүрүп, 1938-жылы дүйнө салып, сөөгү Кочкор өрөөнүнүн күн чыгыш тарабындагы Эки-Кызылдын "Байган" деген жердеги калың мүрзөдөн жай табат. Бүгүнкү күндө "Ботокан аттаган таш", "Ботокан булуң", "Ботокандын үңкүрү" деген жерлер атамдын атынан айтылып келет. Ботокандын үңкүрү Ысык-Көлдүн күн батыш тарабынын бир жеринде делинет, бирок мен көрө элекмин.

Ботокандын уулдары Сыдыгаалы, Иманаалы, кичүү уулу Абен жана небереси Сабит, төртөө бирдей Улуу Атамекендик Согушка аттанышкан. Согушта жүргөндө Сабиттин түшүнө чоң атасы Ботокан кирет. Түшүндө чоң атасы: "Балам, бул жер сен жүрө турган жай эмес, кетип калгының" дейт. Эртеси күнү Сабит колунан жарадар болуп бир нече ай госпиталга жатып, айыгып чыгып кайра согушка кирет. Ошондо согуштун бүтөөрүнө аз калган экен. Чоң атасы кайра түшүнө кирет да, Сабитти урушуп: "Кандай Кудайдын каары баласың! Мен сени эбак кет дебедим беле!" дегенде ойгонуп кетет. Эртеси кыр аркага осколка тийип кайра госпиталга жатып калат. Согуштун бүткөнүн госпиталдан угуп, үйүнө 1946-жылдын башында араң келет. 1947-жылы мен төрөлүптүрмүн. Иманаалы 1964-жылы, Сыдыгаалы 1962-жылы, Сабит атам 1976-жылы көз жумду. Ботокан бабамдын укум-тукуму Кудайга шүгүр бүгүнкү күндө көбөйүп уланууддабыз.

* * *

Азыркы Кош-Дөбө айыл округу турган жерде арык тукумуна тутумдаш моңолдор, сарыбагыш, азыктар жана бир топ уруулар жашаган. Кийин урууларга жер бөлүү маалы келип, азыктардын Бөрү тукумуна Ак-Учуктун үстүндөгү

Ак-Талаа тийет. Бөрүлөрдүн эл оозунда айтылып калган Дегенбай аттуу байы жана Чыран аттуу тың чыкмасы болгон. Чыран Ормон хандын кол башчысы Төрөгелди баатырдын коошунунда болуп, Кененсары, Норузбайга каршы салгылашууга катышкан. Эл Ак-Талаага көчкөндө Чыран бул жакта калып калат. Кийин көз жумганда сөөгү Кара-Саз, Кара-Күнгөйдүн ортосуна коюлган. Бүгүнкү күндө Кош-Дөбөдө "Чыран жайлоо", "Чыран булак" деген жерлер бар. 2014-жылы урпактарынан келип, Чырандын арбагына багыштап куран окутуп кетишкенин айыл элинен уктум.

1961-жылы Сыдыгаалы атам Арсы айылынан азыктын улгайып калган бир жакшысына жолугат. Жай сурашып отурушуп чоң атамдын Кара-Күнгөйлүк экенин угуп:

"Олда кайран гана Кара-Күнгөй, Кашаң-Бээ жерлерим ай!
Малга жайыт, жашаң чөптүү төрлөрүм ай!
Бала кезде дөбөлөрдө ойноп өскөн,
Бир туугандай кыйышпас элдерим ай!"

деп, көзүнө жаш алганын айтып калчу. Көрсө, ал карыянын балалык чагы ушул жакта өтүптүр. Азыктар бул жерден көчүшкөндө Семиз-Бел, Кашаң-Бээни кошокко кошушканын Сыдыгаалы чоң атам улуулардан уккан экен. Кашаң-Бээде азыктардын тегирмениинин орду болор эле деп калышат. Биздин айыл ошол азыктар унутпагандай жайлоосу да жайлоо, кыштоосу да жайлоо болуп, Кочкор өрөөнүндөгү эң бийик жерге жайгашкан. Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн үстүндөгү тоонун биртике эле жерине чыккан адамга райондун айыл, кыштактары даана көрүнүп турат. Ары жагы Ысык-Көлдүн Тоң районуна аймакташ.

1930-жылдары Кара-Күнгөй, Сары-Чат колхоздору түзүлөт. Ар кайсы булуңдарда көчүп-конуп жашашкан эл акырындап чакан токол тамдарды салышып, отурукташа башташат. Курмушу уулу Каске алгачкы там салып кирген-

дерден экен. Ага удаа Бейше уулу Карып жана башкалар топурактан салынган там-үйдүн боз үйдөн жылуу экендигин билишкен соң, айылдагы балык жон токол тамдардын саны көбөйө баштайт. Бара-бара майда чарбалар ирилештирилет. Мурдагы Кара-Күнгөй, Кара-Саз аталган колхоздор биригишип, 1957-жылы Фрунзе атындагы колхоз болду. 1996-жылдан Кош-Дөбө айыл өкмөтү аталат. Айылдын элинин теңинен көбүн арык тукуму түзөт десем аша чапкандык болбос. Калганы сарыбагыш, моңолдор, саяк, мундуз, төбөйлөрдөн. Бул аймактан көп жакшылар чыккан. Айтылуу манасчы Сагынбай Орозбаков ушул жакта жашап көзү өткөн. "Өлгөндөрдү эскерүү тирүүлөрдүн өзүнө керек" деп улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов айткандай, өткөн ата-бабаларды эстеш — урпактардын милдети.

Кoогаландуу ошо жылы — жан аргасы,
Карбаластап эл үркүшкөн карабашыл.
Куралдуу аскер кууса арт жагынан,
Көркоо иттер жолдон тоскон кошул-ташыл.

Алаамат мүңкүрөтүп кайран элди,
Ажалдуусу октон өлдү, ачтан өлдү.
Аз жерден тукум курут боло жаздап,
Ажалсызы айланып кайра келди.

Мен өзүмдүн Ботокан бабамдын 1916-жылы Кытайга үркүп барып келгенинен жана бабама байланышы бар адамдар туурасында бир аз баян эттим. Болбосо, Ботокан бабам жөнүндө айтылчу сөз узун"...

Зайнидин чыгып кеткенден кийин бул окуя мени терең ойлонтту...

## АЛ КҮНДӨРДҮН ДАҢКЫ ӨЧПӨЙТ

Мурунку Жаңы-Алыш, Дөң-Алыш, Чоң-Алыш, жана Жети-Урук айылдары биригип, бүгүнкү күндө Дөң-Алыш айылы деп аталат. Муратаалиев Аскарбек Жети-Урук айылында төрөлөт. Жакын туралы деп Муратаалыны аталаш тууганы Мамбетаалы жанына көчүрүп алат. Аскардын атасы Бает уулу Муратаалы 1935-1937-жылдары кулакка тартылып кетет. Кулак демекчи, Россияда жер реформасы жүргүзүлүп, карапайым калкты жалдап иштеткен чоң байлар менен соодагерлердин ашык жерлери мамлекеттин карамагына алынып, жери жок дыйкандарга ченеп бөлүнүп берилет. Реформага каршы чыккандардын мал-мүлкү тартып алынып, өзүлөрү кулакка тартылып, сүргүнгө айдалат. Кулакка тартылгандардын арасынан кокустан тизмеге кирип калган бирин-серин карапайым адамдар да кезиккен. Мисалы: Кочкор районундагы Бугучу айылынын ошол кездеги башкармасын "кулакка тартылчу 100 кишинин тизмесин бер" дегенде, "Керт башымдын кызыкчылыгы үчүн биреөнүн убалына калгым келбейт. Себеби, айылыбызда 100 бай жок" деп кызматын өткөрүп бериптир. Ал эми Бает уулу Муратаалы айылдагы айтылуу байлардан болуп, түмөндөгөн малы, күмүш чамгарактуу боз үйү, боз үй толтура баалуу оокаты бар экен.

"Байлык деген эмине, кол кириндей жок болот. Мансап деген эмине, коломтодо от болот, түтүн болуп жок болот. Байлык, бийликтин түбүнө жетчү ажал" деп Бай уулу Калыгул олуя айткандай, Муратаалы байдын байлыгы башына түшкөн азап, жашоосу тозок болуп кулакка тартылып, элинен сүрүлүүгө аргасыз кылды. Муратаалы айылынан кетип

жатканда Карыбеги үч, Сапарбеги алты, Аскарбеги ондорго жаңы караган бала болот. Муратаалы менен Күмүшайдын айласы кетип, үч жашар Карыбекти аталаш бир тууганы Дүйшөнбекке асырап алууга беришип, Сапарбекти өздөрү менен ала кетишет. Эси кирип калган Аскарбек: "ата-энем кайрылып келишкенде томсоруп калышпасын" деп, үйүнө жөлөнгөн бойдон отуруп калат. Апасы Күмүшай Эсенаалы кызы — Абайылданын уулу кадимки Төрөгелди баатырдын небереси. Ошентип Аскарбек жалгыз калды. Айылдагы жакындарынын малын айдап, козу-улагын байлап, оокаттарын жасап, берген тамагын ашап жан багып күн өткөрөт. Талаада жалгыз жүргөндө:

"Дин мусулман балдары,
Бирине-бири жоо болду.
Элдин ыркы кеткен соң,
Заман кайдан оңолду!?"

деп, таякеси Молдо Кылыч Шамыркан уулунун ырларынан көңүлүнө туура келгенин жаттап алып, кыңылдап калат. Муратаалыга жакын туугандардын бир тобу Чүй жакка ооп кетишкен. Аскарбек ата-энесин, бир туугандарын сагынып куса болуп жүрөт. Бир күнү келип калышат деген жакшы үмүт менен айылындагы балдардан калышпай, мектептен окуп жүрөт. Быйыл алтынчы классты бүттү. Мектептерде жайкы каникул башталган. Айылдын малдуулары жайлоого көчүп кетишкен.

Аскарбек аркы төштөгү көк шиберде балдар менен ойноп жүргөн эле. Балдар айылдын ичиндеги ары-бери чуркаган элди көрүшүп, ылдый түшүп келишти. "Согуш, согуш! Фашистик Германия СССРге кол салыптыр!" дешип улуулар ыйлап жүрүшөт. Бул суук кабардан улам, элдин жүрүм-турумдары, кабак-каштары өзгөрүлө түшкөндөй. Күндөгү жайбаракаттык жок. Айылдагылардын тынчсыз-

данып, санаага баткандыгы байкалууда. Аскардан улуу эмгекке жарактуу эркектер күн алыс аскерге чакырылып, согушка жөнөтүлө баштады. Баамдаган адамга айыл ичи тез эле суюла түшкөнсүдү. Аскар өзү курдуу балдар менен чөп жыйнап, чийне тартып жүрөт. Талаадан бир үзүм нан, кичине жарма жутуп алышат. Согушка жөнөгөндөрдүн аягы үзүлбөйт. Бир үйдөн экиден, же атасы кошулуп үчтөн адам кетип жатат. Бир бутунан бала кезинен майып болуп айылда калган почточу жоокерлерден келген каттарды ат минип үйлөрдү кыдырып таратат. Көп үйлөргө катты өзү окуп берет. Почточу алыстан көрүнсө эле алдынан тоскон аялдар, жаш балдар. Күйөөсү армияга жөнөгөндө боюнда калган келиндерден төрөгөндөрү болуп жатат. Ага деле көңүл бөлгөн адам жок. Бара-бара айылга "кара кагаз" деген суук кабар келе баштады. Баарынан тозогу ошол окшойт. Байкуш почточу кошуна-колоңдон эки-үчөөнү чогултуп, кара кагаздын ээсине араң угузушат. Ошол учурда айыл ичин чуркураган ый басып калат. Почточу бир күнү Аскарга жолугуп: "Иним, кечеки эле аскерге узаган алмончоктой уулунун, же жаш келиндин солкулдаган күйөөсүнүн ордуна кара кагаз алгандардын ыйын тыйып көрчү. Мындайда эч кимди сооротуп, кой ыйлаба дей албайт экенсиң. Балдарынын атакелеп чаңырганы мындан азап болду" деп кейийт. Таякелерин тарттыбы, Аскар кээде элдин ыйына чыдабай:

"Капыстан душман кол салып,
Калкымды калды ый басып.
Кара кагаз алгандар,
Кайгырат күндө ыйлашып.
Аскерлер жеңип келсе экен,
Алышкан жоону кыйратып"

деп ыр чыгарып, тынч жаткан элге бүлүк салган душмандарга күндөн-күнгө жек көрүүсү артып барат. Колунан келсе

бүгүн согушка жөнөп, баскынчылардын бирин да калтырбай кырып, жок кылгысы бар. Бирок жаш болуп жатпайбы.

1943-жылдын жаз айлары. Бул жак бийиктик кылып, тоонун башына булут топтолсо эле кар жаап кирет. Сырттан суук өтсө, ичти ачкачылык кайырып, элдин жашоосу күндөн-күнгө төмөндөөдө. Анын үстүнө аскерге деп ар бир үйдөн акчабы, малбы, сары майбы, кыскасы колдо болгонун сельсоветтер чогултуп кетишет.

Окуучулар мектептен жаңы тарашып жолдо үйлөрүн көздөй келе жатышса, алдыларынан почточу чыгат. Аскарбекти чакырып: "Ме, сени аскерге чакырган повестка келди" деп колуна кичинекей кагазды карматат. Аскарбек сүйүнүп кетет. Эртеси айылдан төрт жигит, жолдон бешөө кошулуп, райондун борборуна келишет. Аскер комиссариатынын алдында киши көп. 1943-жылдын 13-май күнү Аскарбектер Дедоев деген военкомго присяга беришти. Дедоев Ошто иштеп жүрүп келиптир. Бул жерде аскерге кетчүсү, узатчусу аралаш жүрөт. Ал күнү ошол жерге түнөшүп, эртеси бир канча адам жөө басып отурушуп, күүгүмдө Быстровкага жетишет. Быстровкадан поездге отурушуп, Фрунзеге келишип, шаардын сыртында үч айча машыгуудан өтүшөт. Ошолордун арасында эң жашы Аскарбек экен.

* * *

1975-жылы "жездем" катуу ооруп, направление менен Фрунзедеги ооруканага алып келип жаткыздым дейт Аскарбектин улуу кызы Төлөн. Мен таятамдын колунда тарбиялангам. Айылыбыздагы кыргыз мектептен окуп бүткөм. Орусча тилди жакшы билбегендиктен көп сөздөрдү түшүнбөйм. Жездемди караган атайын аскер дарыгериби, айтор орус улутундагы догдур көрүп жатат. Бардык анализдери текшерилип бүткөн соң догдур атама рентгендин сүрөтүн көргөзүп, кыр аркасында эки ок жүргөндүгүн түшүндүрүп-

түр. Жездем догдурга: "Операция жасайсыңбы?" деди окшойт. Догдур башын чайкап, бир топ сөздөрдү айтып чыгып кетти. Жездемден:

— Догдур эмне дейт? — десем:

— Окторду албайт экен. Эгер алышса баспай же аксап калат экенмин — деди.

Ооруканага жарым айдан ашык жаттык. Ал киши киргенде экөө тамашалашып жакшы сүйлөшүшөт. Чыгаарга жакын жездемдин документтерин карап жатып комсомолдук белетин "музейге коёбуз" деп алып калды. Жездем комсомолдун катарына 1944-жылы согуш талаасынан өтүптүр. Ооруканадан чыгып баратып догдур экөө бир туугандай кучакташып коштошту. Жездемдин айтымында догдур Россиядан окуп бүтүп келиптир.

Жездем согуштан 1945-жылы майдын аягына жакын келет. 1947-жылы айылдагы Абдыбакун кызы Сатарга үйлөнүп, 1949-жылы Кадырбек аттуу уулдуу болушат. Кадырбек эки жашка чыкканда чарчап калып, жездем аябай кайгырат. 1951-жылы мен төрөлүп, "Кадырбегимдин орду төлөндү" деген ойдо атымды Төлөн деп аташат. Бардыгы беш кыз, үч эркек уулдуу болушуп, эл ичинде жашоо өткөрүшөт. Шум ажалга айла жок экен, кырк жашка чыга элегинде эжем 1967-жылы Динараны төрөгөндө кан көп кетип, төрөт үйүнөн көз жумду. Бул өлүм баарыбызга катуу кайгы алып келди. Эжем Абдыракундун жалгыз кызы болуп, жездеме турмушка чыгып кеткенде, бир үйдө экөө эле калышып, эрмек кылалы деп мени багып алышат. Таятамдыкында чоңойгондуктан, Аскарбек атамды жезде, апамды эже деп атап, ал үй менен сый болдум. Ар жылы 9-майда жездемдин балдары атасын Улуу Жеңиш күнү менен куттуктап барышканда, биз да кошулуп калабыз. Үйү бөлөктүк кылып, жездемдикине бей-жоопсуз барбайм жана өтө жакындабайм. Дасторкон үстүндө отурганда жездеме "Согуш тууралуу айтып бербейсизби" десек, "Согуш адам баласынын эсинен

кеткис чоң ааламат болбодубу айланайындар" деп кейип калчу. Жездем канча жашында согушка кеткендиги тууралуу көзү өткөнчө айтпады. Же "кулактын" баласы болгондугу үчүн коркчубу?.. Айтор, бул суроого жооп жок. "Аа балдарым! Согуш деген согуш тура! Адам баласы ит жандуу деген туура окшобойбу. Согушта не бир кыйынчылыктарга чыдоого туура келбедиби. Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек, мага окшогон али кыз сүйүүгө үлгүрбөгөн жапжаш жигиттердин көз алдында окко учканын көргөндө жанымдан түңүлөсүң. Канчасынын өлүү-тирүүсүнүн дайыны билинбей жоголду. Согуштун эч качан кайталанбашын бүт дүйнө эли тилейт. Канкорлор аз жерден элди тукум курут кылып коё таштабадыбы! Согуштун кызыгып укчу эчтекеси жок, аргасыздан өлүктү тебелеп өтүп, душмандар менен согушуп жүргөн тирүүлөр... айлана кан жыттанып турат. Ок жамгырдай жаайт. Мына ушундай! Мейли, анча-мынчасынан кеп салып берейин" деп жездемдин бир жолку эскерүүсү.

* * *

...Адегенде кайсы тарапка, кайсы фронтко бара жатканыбызды арабыздагылардан билгени болбоду. Же мен орус тилин түшүнбөгөндүктөн ушундай сезилдиби? Түштөн кийин көп аскерлер турган жерге алып келишти. Бул жерде 24-жеңил артиллериянын 1145-полку турат экен. Биз подполковник Дорохеевге присяга бердик. Жоокерлерди бөлүп-бөлүп, тиешелүү жерлерге жөнөтүп жатышат. Мени чоң орус жанына алып калды. Мен связисттердин бөлүгүндө калыптырмын. Связисттер согуш талаасындагы командирлерди жетекчилери менен байланыштырып туруучу атайын аскердик бөлүк экен. Орус мени зымдарды жүгүрүп чубаганга ылайыктап жана жаштыгыма карап алып калса керек. Мунун баарын убакыт өтүп, анча-мынча орусча үйрөнүп калганымда түшүндүм. Алгачкы күнү орус

көп проводду өзүнүн ийинине артып алып, мени ээрчитип жүрүп ылдамдап басып отуруп белгилүү жерге жеткирип, ошол жерге жатып калыш керек экендигин жаңсап түшүндүрдү. Кудай көргөзбөсүн. Украинада согуштун кайнап турган мезгили экен. Кулагыңдын түбүнөн, төбөңдөн октор чуулдап учуп турат. Кээде шапкеңди ыргыта атат. Адегенде замбиректин огунун жарылган үнүнөн кулагым тунуп, качан ок тиет деп коркуп жүрдүм. Бара-бара көнүп кеттим. Сактангандын да анча-мынча ыкмаларын үйрөнгөнсүп жүрөм. Орустун белгисин күтүп, кыймылын дааналап карап, тапшырманы так аткарууга аракеттенем. Кээде чуркап жүрүп чарчап отуруп калсам, орус боору ооругандыгын билгизип, далымдан таптап, кучагына кысып калат. Эртели-кеч катарга тизилгенде мени негедир башка ысым менен чакырат. Таң калып, "кимди чакырып жатат?" деп эки жагымды каранып калсам, командирибиз колунун учу менен мени көрсөтөт. Ии, бул жерде согушка келген аскерлерди орустар ушундай ысым менен чакырат го деп жүрдүм. Бирок бул ысым кулагыма жакпай, акырында "Мен Аскар! Мен Аскар!" деп төшүмдү койгулап, түшүндүргөнгө өттүм. Чоң орусту дядя Яша деп чакырам. "Мен Аскар" дегенден кийин дядя Яша командир экөө сүйлөшүп калышты. Бир маалда мени чакырышып "Алёша" деп атап, "жактыбы" дегендей айтышты. Мен башымды ийкеп "Алёша" деп күлүп, тигилерди кайталадым. Жумушка кадимкидей көнүп кеттим. Ал тургай анча-мынча орус тилди түшүнүп, оюм да, боюм да өскөнсүп келатам. Украинанын түнт токоюна, кээде балчылдаган баткактуу сазына туш келебиз. Ошондо туулуп өскөн айылымды, кырдан кырга чыгып ойноочу Кочкорумдун тоолорун, таза абасын, ак көбүк чачып агып жаткан Кара-Кол суусун сагынып, "согуш бачым эле бүтүп элибизге, жерибизге кетсек экен" деп калам. Айла канча, мекенди коргош ыйык милдет. Милдетимди өтөп согушта жүргөнүмө эрдемсип ичимден "мен солдатмын" де-

генче болбой чуулдап октор уча баштайт. Оюндун аягына жеткирбей жан оозго келип, "эми өлдүм го" деп каласың. Ээ балдарым, нандын баркын ошондо билдик. Бир үзүм нанды же күкүмдү бөлүшүп жеп, ээгибизди суута нымдап алып, уйку дегенди унутуп, боорубуз менен жыландай сойлоп жүрөбүз. 4-Украина фронтунда, 68-батыш артиллерия полкунун 3-батареясында связист кызматын аткарып жүрөм. Ушул жерден лейтенант наамын алдым. Согуштун абалын жанымдагы жоокерлердин сүйлөшкөндөрүнөн кичине түшүнүп, бир тобуна акыл жоруттум. Советтик аскерлер Украина, Белорусия, Киев, Курск, Сталинград шаарларын фашисттик баскынчылардан бошотконун укканда, солдаттардын жанында мен да сүйүнүп жүрөм. Тилегеним — Жеңишке бачымыраак эле жетсек экен!

* * *

Чехословакияга 1944-жылдын аяк ченинде келгенбиз. Дядя Яшанын айтуусунда СССРдин армиясы 1944-жылдын жай айынан баштап күзгө чейин эле фашисттик Германиянын 143 дивизиясын талкалап, түндүккө карай баратыптырбыз. Ошол жылдын октябрь айынын он беши мен үчүн өтө кайгылуу күн болду. Себеби, мени баласындай көтөрмөлөп камкордук көрүп, үйүмдү сагынганымды байкаганда бооруна бекем кысып, Алёша деп ат коюп эркелетип, ачыгын айтсам колдоп жүргөн сүйүктүү дядя Яшам госпиталдан кайтыш болуптур. Бул суук кабарды укканда асмандагы бомба так төбөмө түшкөндөй абалда калдым. Көзүмдүн жашы кургабай көпкө ыйлап жүрдүм. Ал тургай кадимки атасы өлгөн баладай жетимсирей түштүм. Кыскасы өтө жакын адамымдан ажырадым. Бул окуянын башы мындайча башталган эле. Айыгышкан салгылашуу жүрүп жаткан. Асмандан бомба бизден бир аз алысыраак түшүп, көзгө эч нерсе көрүнбөй калды. Маңдайыбыздан гүрүлдөп таңкалар

каптап келе жатат. Биз окоптон окопко чуркап маалымат жеткирүү менен алекпиз. Боорубуз менен сойлоп жүргөндүктөн кайсы маал экендигин ажыратуу кыйын. Жер өрттөнүп, топурак сапырылып, айлана өлүккө толуп кетти. Аңгыча биз жаткан окоптон өтүп бара жаткан танка үстүбүзгө туруп калды. Топуракка көмүлө түштүк. Антенна кылып урунган кичинекей темирим менен чукулап жатып, бир аз жылчык чыгарып алдым. Тикемден отуруп калсам керек, боюм кичирээк болуп өтө кыйналган жокмун. Анын үстүнө топурак өтө калың түшпөсө керек. Тешикке кулагымды тоссом немистердин үнү араң угулууда. Дядя Яша олбурлуу жана бойлуу болгондуктан аябай кыйналса керек. Танкалар кеткенден кийин бизди топурактан сууруп чыгып жатышты. Мен көптө эс алдым. Дядя Яшаны госпиталга алып кетишкен. Бир топ жоокерлерибиз ошол жерде көз жумду. Аман калгандарыбыз кайра согушка кирдик. Дядя Яшаны улам бир госпиталга ташып жүрүшүп, акыры оңоло албай каза болуптур. Ушул чоң салгылашуудан кийин кан аралаш топуракка жуурулган өлүктөрдүн үстүндө басып жүргөнүбүз көз алдыбыздан кетпей, көпкө кыйналдык.

* * *

1945-жылдын февраль айы. Күнү эсимде жок. Германиянын Одер дарыясынын аркы жээгиндеги дзоттон октор жамгырдай жаап, туш-тушка жалын чачып жатат. Биз дарыядан сүзүп өтүп аркы өйүзгө чыгышыбыз керек. Тегерегибиздеги бактардан кыйып алып бири-бирине каршы-терши байлап тор жасап, үстүнө эки-үчтөн солдат жатып, аркы өйүзгө өтө баштадык. Бул буйрукту сөзсүз аткаруубуз керек! Колумда автомат, жонумда рация салынган кутуча бар. Бизден мурун сууга киргендер өлө беришти. Бир маалда суунун үстү калкыган өлүккө толуп чыкты. Ошондо өлгөн солдаттардын жансыз денелеринин жардамы тирүүлөргө

тийбедиби! Жамгырдай жааган окту өлүктөр тосуп калып, биз алардын алды менен сүзүп отуруп жээкке эптеп чыгып бүттүк. Менин ийинимди, билегимди жырып өтүп, кыр аркама кирген окту денемдин өлүп калганынан сезбесем керек. Көзүмдү ачсам госпиталда экенмин. Алган жаракаттарым айыгып госпиталдан чыгып, өзүмдүн бөлүгүмө кайтып бардым.

...Германиянын Потсдам шаарында элек. Эки жак тең аябай салгылашууда. Байкашымда душмандар болгон акыркы күчтөрүн жумшап жатышкан окшойт. Биз да чарчаганыбызды унутуп, фашисттерге сокку уруп, арылап жылуудабыз. Советтик аскерлердин Германияга кирип баратабыз деген билдирүүсү бизди ого бетер шердентип турду. 1945-жылдын 16-апрелинде Дорохеевдин колунан "За боевые заслуги" медалын алдым. Бир аз убакыт өтүп Берлинге чабуул башталып, 30-апрелде советтик аскерлер Рейхстагды ээлегенин билдик. "Чын эле согуш аяктап баратабы?!" деп калабыз. 2-майда Берлиндин калган гарнизондору талкаланып, 8-майда Германиянын толук багынгандыгын Прагадан уктук. Сүйүнгөнүбүздөн бири-бирибизди кучактп ыйлап да, күлүп да жатабыз. Командирибиз биздин полкко: "9-майда Москвада Кремлдин астынан параддан өтөсүңөр" деди. Мен апрелдин башында үйдөн кат алганмын. Катта "атаң айылга келип, катуу ооруп төшөктө жатат" деп жазылыптыр. Атамды кулакка тартылып кеткен бойдон көрө элекмин. Көзү тирүү кезинде көрүп калсам экен деп сарсанаамын. Мына, буюрса согуш аяктады. Эми эптеп үйгө жетишим керек. Орус тилин кадимкидей үйрөнүп, оюмду толук айтканга жарап калгам. Командирибизден абалымды түшүндүрүп, парадды күтпөй үйгө кетүүгө уруксат сурансам, "Мен парадда чыгып сөз сүйлөймүн. Ал жерден сенин эрдигиң жөнүндө айтып, И. В. Сталиндин колунан сыйлык алып беремин" деп болбойт. Айлам кеткенде катты көргөзүп, атамдын өлүм алдында жатканын, көзү тирүү кезинде

көрүп калышым керектигин айтып ыйлап жибергеним да жардам бербеди. Акырында өзүбүздүн бөлүмдүн командиринин кийлигишүүсү менен кетүүгө уруксат алдым. Командирим: "Үйүңө эмне аласың?" деди. Атама ич кийим, хром өтүк, апама гүлдүү жоолук, көйнөктүк кооз кездеме, бөбөктөрүмө да белек-бечкектерди өзү ээрчитип жүрүп алып берди. Жолго чыкканда транспортторго, тамак ичүүчү ашканаларга акча төлөбөөгө колума талон сымал кагазды берип жатып: "Кийинки жолугушчу күндү күтөлү" деп кучактап узатып калды. Жеңиш менен Кыргызстаныма бет алдым.

* * *

Поездде келатып айылымдан чыккандан бүгүнкү күнгө чейинки өмүр жолума сары эсеп салуудамын. Кубанычым — мекенди коргоо милдетимди аткарып, Жеңиш менен келе жаткандыгым, жана ажалымдын жоктугунан аман-эсен калгандыгым. Кейигеним — согушка барган күндөн мени канатынын астына калкалап жүргөн дядя Яшадан ажырагандыгым. Үмүтүм — атамды көзү тирүү кезинде көрүп калсам. Айланага көз чаптырымыш этем. Бирок эси-дартым атамда. Фрунзеге түшкөндөн кийин, Кочкорго келаткан жүк ташыган машиненин кабинасына отурдум. Айдоочу менен таанышып согуштан келатканымды, анан дагы атамдын ооруп төшөктө жатканын айтсам, колумду бекем кысып "үйүңө чейин бекер жеткирем" деди. Капчыгайдын ичине кирдик. Эки жактагы тирешкен тоолорду карап: "кыргыздын тоосуз жашоосу жок болуш керек" деп койдум. Жер көгөрүп, кызгалдактар эбак гүл ачышыптыр. Коктудагы өркөчтөнүп агып жаткан Чүй суусунун башы биз жактан башталат. Сууну тиктеп, согуш талаасында жүргөндө суусаган учурларым эске түшүп кетти. Боомдон чыга бергенде мелтиреген Ысык-Көл көрүндү. Жүрөгүм

дүкүлдөп, кубанычым койнума батпайт. Көлгө кайрылып бир чөмүп алсак болмок, убакыт тар. Мына, алтын бешик Кочкорум! Асыл жеримдин жыты жыттана баштады. Кечке жуук айылга кирип келдик. Төмөнтөн машинанын үнү угулса эле айыл эли дүрбөп сыртка чыга калышат окшойт. Баарынын үмүтү — күткөндөрү, жакындары. Үйдүн эшигинин алдына келип токтодук. Апам менен бир туугандарым машинанын үнүн угушуп, кошуналары менен сыртта жүрүшүптүр. Кучакташып көрүштүк. Апам чыныга суу алып чыгып башыман тегеретип төгөөрү менен: "Атам кандай?" десем, инилерим: "Атамдан айрылып калганбыз" дешип ыйлап жиберишти. Бул сөз мага душмандын огу так жүрөгүмдү тешип өткөндөй болду.

Айланайын атаке! Сени көрүүгө ашыгып келатпадым беле! Эмнеге менин Жеңиш менен келатканымды күтпөдүң! Бизди атасыз калтырдыңбы? Бул эмине кылганың!?

Атакелеп канчага чейин ыйлаганымды билбейм. Бир маалда башымды көтөрсөм жанымдагылар да ыйлап отурушуптур. Ордумдан туруп баштыгымды ачып, атама арнап алып келген кийим-кечегимди туш-тушка чачып, кайта өкүрүп ыйлап кирдим. Мени жеткирип келген айдоочу жана жанымдагы апалар: "Кой Аскар! Басыл эми. Согуштан келбей калсаң эмне күн болот эле? Апаңдын, бир туугандарыңдын, өзүңдүн амандыгыңды тиле. Байкуш атаңдын иче турган суусу ошончо эле тура! Апаң да оңой азап тарткан жок. Сабыр кыл, балам!" дешкенден кийин басылып, кайра башынан баары менен учураштым. Эл аягы басылды. Агамдар мен армияга кеткенден кийин Туз айылындагы тууган-дарыныкына келишет. Тууганы Туздун төрүндөгү үңкүрчөдө атамды багып турат. Атам мурун эле ооруп жүрсө керек. Бул жактан денесин шишик басып, өткөн жылы каза болуптур. Ичим туз куйгандай ачышып, баягы айылдан узап бараткандагы элеси көз алдыма тартылууда...

Ушул жерге келгенде жездем атасынын өлгөнүн жаңы уккандай муун-жүүнү бошоп бизди ыйлатып, көзүнүн жашын жүз аарчысы менен сүртүп, көпкө унчукпай отуруп калды.

Атамды кулакка тартышканда болгон байлыгын өкмөткө бергенден кийин барган жеринен кайта эле айылга жүрө беришсе болмок экен. Себеби, согуш жаңы башталган маалда атам акталыптыр да. Эмнеге минтип азап чегип коркуп жүрдүңөр экен кутмандарым! — деп оор үшкүрүндү.

Бир маалда башын көтөрүп: "Ээ балдар, бул Жеңиш канчалаган советтик адамдардын өмүрүн алуу менен келди! Согушта темирдей тартип сакталып, И.В.Сталиндин жол башчылыгы, маршалдар Г.К.Жуковдун, К.К.Рокоссовский, ж.б. аскер башчыларынын жетекчилиги астында армия билгичтик менен башкарылып, көп улуттуу элдердин бекем достугунун жана күчтү туура пайдалангандын натыйжасы болбодубу. Душмандарды талкалап Жеңишке жетүү менен советтик жоокерлер канчалаган элди кулга айландыруу коркунучунан сактап, бүткүл дүйнө тарыхында өчпөй турган из калды. Жеңиш күнүн тосуу — зор кубанычтуу, ары көңүл чөгүп, өткөндөрдү эске салчу өксүк күн. Куттуу жергебизде октун үнү угулбай, урпактарыбыз согуш деген апаатты көрүшпөсүн. Ичээр суум, көрөөр күнүм бар экен. Ушул турмушума каниет кылайын. Силерди көрүп, сыйынарга бөлөнүп отурам" деп жездем кайратын жыйды.

* * *

Эжем менен жездем жыйырма жыл бирге жашашты. Менден кийин Жыпар, Калкожо, Нуркожо, Анар, Кубан, Чынар, Чынардан кийин 1967-жылы Динар төрөлүп, эжем каза болуп жатпайбы. Ымыркай Динарды Чолпондо мугалимдик кызматта иштеген Сапарбек байкемдер багып алышты. Тирүү кишинин жашоосу улана берет экен. Жез-

дем 50 жаштын тегерегинде болгондуктан, балдары акылдашып, 1970-жылы Батый апабызга үйлөнтүп койдук. Жездем согуштан келгенден кийин чарбанын болгон жумуштарында иштеп жүрдү. Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи группадагы майыбы катарында өзгөчө пенсия чектелген. Согуштун бардык юбилейлик медалдарын алды. Комуз чертип, жамактатып ыр ырдап, санжыраны да жакшы биле турган. Бир туугандары Сапарбек менен Карыбек жогорку билимге ээ болушуп, мектеп директору, мугалимдик кызматтарды аркалап жүрүштү. Баарыбызды окутуп, жогорку билимге ээ кылып, үйлөнтүп-жайлантты. Неберелерин көрдү. Отурса, турса эле дядя Яшасын көп эстей турган. "Эгерде ошол адам болбогондо эчак томпоюп өлүп калмакмын. Колумдан жетелеп жүрүп такшалтып, көп нерсеге үйрөтпөдүбү" деп калат. "Эгиз улакка айры шыбак" деген ушул да. Жаш балага Кудайдын боору ооруп, дядя Яшасына туш келтиргени таң калыштуу. Кыр аркасындагы осколка айтуута оңой болгону менен жанын кейитип жүрдү көрүнөт. Күн бүркөлгөндө ооруп калаар эле. 14-февраль 2008-жылы жездем — атамды акыркы сапарга узаттык. Көзү болгондо бүгүнкү Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңиш күнүн 71 жылдыгын ардагерлер менен чогуу белгилеп, балдарынын төрүндө кубанып отурмак. Жездемдин денесиндеги фашисттин эки огу өмүрү өткөнчө өйдө-ылдый жылып, өткөн согушту эстетип жүрүп, тиги жайга бирге кетти. Бул окуя өчпөс тарыхтын, согуш мезгилинде аталарыбыздын баштарынан кечиришкен оор күндөрүнөн маалымат берет. Улуу баласы катарында эгерде ал киши менен чогуу жашаганымда, мүмкүн мындан көбүрөөк угуп, билмекмин...

## КАРГЫШ

*"Акмакты жаратуу менен табият анча деле жаңылбаптыр, неге дегенде ансыз акылмандык байкалбай калмак"*

*(Түгөлбай Сыдыкбеков)*

Кочкор өрөөнүндө жайкысын аба ырайы салкын, кургакчыл келет. Май айында суу кирип, айдоо аянттары сугарылып, айдалып калат. Жалпы өрөөн жашыл килем жамынып, огороддогу алма, өрүктөр бажырая гүлдөрүн ачып, ызылдаган аарылар гүлдүн ширесин соруп турган учуру. Жердин көпчүлүгү жайыт болгондуктан мал багууга абыдан ыңгайлуу. Айыл ичинде утурумдук урунчу мал калбаса, көпчүлүгү жайлоолорго чыгарылган. Ар ким тирүүчүлүктүн түйшүгүн тартып жаткан мезгил.

Жайкысын салкын болсун деп жылыга атабыздын көзү тирүү кезинде көтөрүлгөн жасалгалуу сексен баш боз үйдү короонун ичине тигип алабыз. Бул боз үйдү бир эле жайда көтөрүп алганбыз. Биз мектепте окуп жүргөн кезибизде атамдар талаадан тартып келген чийлерди тазалап, апам көрсөтүп бергендей ар түрлүү кооз жиптер менен чырмап, ал тургай эки канат чоң чийди эжем экөөбүз сокконбуз. Боз үйдүн кооз жасалгаларында апабыздын эмгеги зор. Бош убактысында күнү-түнү жалгыз иштеп бүтүргөн. Быйыл апам боз үйдү эртелеп тиктирип алды. Күндүз неберелери менен кечке боз үйдө болушууда.

Төрүбүздүн көркү, үйүбүздүн куту, неберелеринин сүймөнчүктүү чоң апасы – апабыз нарктуу карылыктын жолунда. Акылы тунук, сүйлөгөн сөздөрү маанилүү жана орундуу болуп, ага-тууган, кошуна-колоңдун арасында

кадыр-барктуу. Бош убактысын текке кетирбейт. Гезит, журнал, адабий китептерден окуп, теледен жаңылыктарды үзбөй көрөт. Өзүн таза кармап, тыкан кийинет. Үйдөн киши-кара үзүлбөйт. Апабыз дасторкондун кенен жайылып турганын жакшы көрөт. Эс алууга чыгып үйгө отургандан бери мусулманчылык парзын аткарып, беш маал намаз окуп, орозо кармайт. Неберелерине өзү билген жомоктордон, окуган икаяларынан, учкул сөздөрдөн учурда болуп жаткан окуядай кылып көркөмдөп айтканда, балдары кызыгуу менен угат. Бир ирет чогулуп калганыбызда: "Үйгө кирген адамды колуңарда болгон даам менен чын пейилиңерден сыйласаңар, үйүңөргө ошончолук ырыскы кирет. Пайгамбарыбыз Мухаммед С.А.В.дын хадисинде "анык жоомарт адам — берген эмес, бергенине кубанган адам" деген. Ал эми дагы бир хадисинде "аялы күйөөсүнө карап, курмандыкка союлган малдын үч бөлүк этин кошуналарга бердим, бир бөлүгү үйдө калды" дегенде, пайгамбарыбыз: "Аа, үч бөлүгү үйдө калган турбайбы!" деген экен. Апамдын бул айтканына балдарыбыз эмес биз түшүнбөй отуруп калдык. Муну дароо байкаган апабыз: "Балдарым, бизге жанагы элге тараткан үч бөлүктүн сообу тиет деген да" деди. Ошентип баарыбызды ыймандуу, адамгерчиликтүү, кичи пейил, чынчыл болууга үйрөтөт.

Атабыз да сөөгү таза, билимдүү, маданияттуу, токтоо, эмгекчил инсан эле. Көзүнүн өткөнүнө жыйырма жылга чукулдап калды. Арбагына таазим этип ылайыгы менен куран окутуп турабыз. Сөздү ылайыгы менен сүйлөп, үйгө кокустан көңүлүнө туура келбеген киши кирип калса, унчукпай койчу. Неберелерине арнап отургузган бак-дарактарынын айрымдары картайып кеткендиктен, кыйыштырып жашартып, кай биринин ордуна жаңы көчөттөрдөн тиккенбиз. Жазында алма, өрүктөр гүл ачканда огородубуздун ажайып көркү ачылат. Эски кишилердин айтымында Кочкорго арпа, буудайдан башка эч нерсе бышпайт деп келишсе,

азыр эмгек кылган адамга коон-дарбыздан башкасынын баары бышып жатпайбы.

Апабыз атабызга салыштырмалуу сөзмөр, тамашакөй, мүнөзү курч, бир аз шашмараак. Отургандарды эриктирбей нарктуу сөзү менен адамды өзүнө бачым эле тартып алат. Кийинки убактарда бат-бат тумоолоп жүрөт. Кээде: "бу карыганың — өзүнчө эле бир оору экен" деп кобуранат. "Ой апа, сиз азыр карый элексиз, жетимиштен жаңы өтпөдүңүзбү" дейбиз. Кокустан начар түш көрүп ойгонсо, чай ичип отурганда керээз-мурасын кичинеден айта баштайт. Бүгүн да кыйналып уктап турган түрү бар. Боз үйдүн ичинде чогулуп, түшкү тамакты ичип отурганбыз. Апабыз: "Силерди берген Жаратканга ыраазымын. Кудайга шүгүр, чөбүрө көрүп отурам. Атаңардын гана эрте өтүп кеткени, болбосо калганынын баары жайында. Ушул жакшылыктарды чогуу көрсөк болмок! Эми силердин өмүрүңөргө береке берсин. Үйүңөрдө ынтымак, өзүңөрдө ыйман болсун! Эч качан бирөөнүн жашоосуна көз артпагыла. Маңдай тер менен келген оокат жугумдуу жана берекелүү болот. Колуңардан келишинче балдарыңарды көп тилде окуткула. Акырындап билимдүүлөрдүн заманы келатат. Жаш баланын дили ак кагаздай таза эмеспи. Ошондуктан балага калп айтпай, тарбияны эртелеп туура берүүдөн баштоо керек. Дагы бир эскертерим — кокустан бирөөнөн ыдык көрсөңөр, аны эч качан кектеп каргабагыла. Өзүңөр да бирөөнүн каргышына калбаганга аракеттенип, акыл менен иш жасагыла. Анткени, ар бир пенде чын жүрөгүнөн кандай жакшылыктарды тиленсе тилеги, ал эми оор запкыдан жаны кейигенде бирөөнү жаман көрүп каргаса, каргышы кабыл болот экен" дегенде, кызыбыз Бүбүшай:

— Чоң апа, сиз каргышка калдыңыз беле?

— Ок! Мен каргышка калсам ушинтип силерди көрүп, төрүңөрдө жыргап, күлкүңөргө тоюп отурмак белем. Ал башка киши болчу секелегим — деп небересинин башынан жыттады.

Ансайын Бүбүшай: "Ошол каргышка калган башка киши жөнүндө айтып бериңизчи" деп жабышып алды.

* * *

Бул 1960-жылдар эле. Бегимай экөөбүз Фрунзедеги соода техникумунун акыркы курсунда окуйбуз. Окууну бүтөөр алдындагы чоң практикадан өтүүгө Кочкор районуна жиберилгенбиз. Райондогу соода башкармачылыгынын сунушу менен Кочкор совхозунда жайгашкан чакан соода бөлүмүнө келдик. Совхоз республикадагы айыл чарбалардын ичинен бардык көрсөткүчтөрү боюнча эң алдыңкы чарбалардан экен. Директору бир топ жашка барып калган, жапалдаш бойлуу адам. Чекилдек, Арсы, Семиз-Бел деген үч фермасы бар. Биз барган соода бөлүмүнүн жана совхоздун кеңсеси азыркы Кара-Тоо айылына курулуптур. Сельпонун башчысы аял киши. Бегимай экөөбүз ошол айылдагы таежесинин үйүндө жатабыз. Анда-санда райондун борборуна келебиз. Жолдон совхоздун директору жеңил машинесин токтоттуруп бизди сала кетишет. Директордун эки кызы Кочкордогу орус мектептен окушат экен. Машинеде бараткanda алар менен таанышып алдык. Эки ай билинбей эле өтүп кетти. Мекемеден практикага тиешелүү кагаздарыбызды толтуртуп алып айылга кеттик. Үйлөрүбүзгө келип, шаарга кетүүнүн камын көрүп, жуунуп-тарандык. Кетээрибизде апаларыбыз: "Сак болгула, чоңоюп калдыңар, бирөөлөр ала качып кетпесин" деп автобуска салып жиберишти. Кочкорго келип, Рыбачьеге кетүүчү чоң жолдун боюнда автобусту күтүп турабыз. Мен ресторанда иштеген таежеме жолугуш үчүн кирип кеттим. Бир аз сүйлөшүп калдык. Сыртка чыксам Бегимай жок. Баштыктарыбыз ордунда турат. Эмне кыларымды билбей эки жагымды карап, элеңдеп туруп калсам керек. Жаныбыздагы киоскадагы гезит саткан аял: "Ай чоң кыз, курбуңду таппай турасың го. Эмеле

жашоодо болгон менен, ар үйдүн түйшүгү ар башка экен. Менин күнүм аракеч Айнидин менен өтүп жатат. Кайсынысын айтайын. Сен кат жазба. Мен эле жазып турам. Мүмкүн жакында ишке орношом. Кош жолугушканча! Курбуң Бегимай"...

Бүбүшайдын тынчы кетип:

— Чоң апа, каргыш жөнүндө качан айтасыз? — деп чыйпылыктады.

— Шашпа берекем! Окуянын чоо-жайы эми башталат. Арадан бир топ убакыт өтүп, маркум атаңар Султан экөөбүз баш кошуп калганбыз.

— Чоң апа дейм! Сизди дагы чоң атам ала качканда "өз каалоом менен келдим" деп үйүңүзгө кат жазып бердиңиз беле?

— Ой чунагым десе! Биз окууларыбызды бүткөндөн кийин сүйлөшүп жүрүп баш коштук. Кыздардын баарын эле ала кача бермек беле! Күн өткөн сайын заман оңолуп, эл түшүнүктүү болуп калбадыбы. Жосунсуз жат көрүнүштөр азайды. Жаштар билим алууга умтулушууда. Силер сөзсүз жакшы окушуңар керек!

...Диплом алгандан кийин Султан экөөбүздү Нарынга облуска жиберишкен. Ал жактан өзүбүздүн районго жолдомо алдык. Кочкорго келип мен банка эсеп кызматкери, Султан бир мекемеге экономист болуп орноштук. Эки күндөн кийин банктын терезесинен Бегимай көрүндү. Сыртка чыгып учураштык. Өйүздөгү кесипчилик окуу жайында кассир болуп иштеп жатыптыр. Көрүнүшү жүдөңкү. Мен сөз баштап: "Бегимай, деги эмне болуп калгансың? Ошондо отурбай эле койбойт белең!" десем, Бегимай ыйлап жиберди. Анын жообун угуп отурууга убакыт жок. Анткени клиенттер күтүп калышат. "Эртең бешинчи күн, түштөн кийин банкда эл азайып калат, келе аласыңбы?" десем, макул болду. Эртеси түштөн кийин Бегимай экөөбүз парктагы отургучка барып отурдук. Айтканына караганда, Айнидин

аракеч жана кызыл камчы жигит экен. Күндө арак ичип келип Бегимайды сабап кууратыптыр. Ортодо боюнан түшүп, эки жолу ажырашып, кайта элдешиптир. Денесинин баары көгала. "Жүрөктөн чыкса көк жалын, оозуңдан чыгаар түтүнү" болуп, Бегимай күйүп турат. Көзүнөн жаш токтобой: "Мени азырынча кармап турушкан кайын атамдар. Карып калышты. Канетишсин? Уулунан артык көрүшөт десем жаңылышпайм. Бирок бизде келечек жок экени айдан ачык. Жанталашып ишимди иштеп, тапканыма үйгө оокат алып, эл катары жашасак деген аракетим текке кетүүдө. Айнидин кийинки күндөрдө үйгө түнөбөй калып жүрөт. Ага анчейин кейибейм. Анткени тынч уктайм. Бирок, кеч кирген сайын сар-санаамын... "Классташтарым" деп аялдарды, "армияда чогуу болгонбуз" деп эркектерди ээрчитип келип тамак жасатып, арак ичишет. Аргасыздан айтканын жасайм. Негедир күлгүндөй жаштык курагымды май-июн айларында 15-20 күн гана гүлдөгөн мандалактарга окшоштурам. Анткени, жаш өмүрүм тамеки чегип, арак жыттанган, эртеңки күндү ойлонбогон, кызыл камчы, зөөкүр менен өтүп жатат. Буга ортобуздагы сүйүүнүн жоктугу да себептир. Баса, совхоздо Маша аттуу украинка эже бар. Бөлкө нанды укмуштай жакшы бышырат. Үйлөрү кесиптик окуу жайдын жанында болгондуктан, Айнидин экөөбүздүн ынтымагыбыздын жоктугу тууралуу элден угуп, кээде көрүп да жүрбөйбү. Маша эже биринчи күйөөсү менен ажырашып, азыркы Максим байке экөө сүйүшүп жүрүшүп, баш кошушуптур. Чоңоюп калган кызы бар. Кээде мени үйүнө чакырып бөлкө менен чай берет. Чай ичип отурганда:

— Бегимай, если ты мужа любишь, то он ест так, спит так, ходит так... Короче всё в нём нравится . Если не любишь, то всё наоборот. Мой Максим хотя и хромой, но у него всё так! — деп айтып калаар эле. Чындыгында ушу туура окшобойбу.

Бегимайдын сөзүн угуп отуруп жүрөгүм ооруду. Колумдан эмне келет. "Байкайсың да курбум" деп, бетинен өөп коштоштум.

* * *

Негедир кийинки күндөрү Бегимай көрүнбөй кетти. Анын ордуна банкка жаш келин келип жүрөт. Келинден Бегимайдын дайынын сурасам ал: "Айнидин байке экөө биротоло ажырашышып, эжени төркүндөрү көчүрүп кетишкен" деди. Оюмда туура кылыптыр деп калдым. Бүбүшай апабыздын сөзүн бөлүп:

— Иий чоң апа, Бегимай курбуңуз ырас эле кетип калыптыр ээ! — деп сүйүндү.

— Ооба. Алты жыл аракеч менен жашаш оңойбу?! Кудайым силердин багыңарды ачып, ыйлабагандай жакшы жерге туш кылса экен! Үй-бүлөдөгү өлүү буюмдун жетишсиздиги эч нерсени чечпейт. Бардыгын ынтымак жеңет. Ал эми жанагы "арак" деген — азап.

Үйүмө барып калгам. Төркүндөрүм турган айыл башында бир эле узун көчө болчу. Азыр жаштар көбөйүп, үчүнчү узун көчө түшкөн. Бегимайдыкы менен биздин үйдүн ортосу анчалык алыс эмес. Апамдан Бегимайдын бул жерде экенин, күйөөсү сабап өлтүрүп коё таштаганын угуп, жолугуп кетүүнү чечтим. Барсам баягы Бегимай жок. Арыктыгынан сөөгү көрүнүп турат. Ээги, колунун манжалары таңылуу. Бегимай "Бул айыгып калгандагысы" деп жаратын чечип көргөздү. Кыскасы бир ажалдан калыптыр.

"Кочкор" совхозу 1927-жылы уюштурулуп, Россиядан орустар, украиндер келишип, бир топ түтүнү ушул аймакка отурукташышып калыптыр. Алар келгенде Семиз-Бел, Арсы, Кочкор совхозуна, Чекилдекке астын тактайлап, эки үй-бүлөөгө ылайыктуу үйлөрдү курушат. Бара-бара Семиз-Бел менен Кочкор совхозуна алманын көчөттөрүн отургузушуп, багып өстүрүшөт. Алма бактар жакшы чоңоюшуп, күзүндө мол түшүм берчү. Кийинчерээк совхоздогу алма бактын айланасына турак-жайлар түшүп, аянты азайып калды. Кайын атам ошол бакты кайтарган узун бойлуу,

тынымы жок адам. Алма бышкан маалда балдар түнкүсүн ууруга кирет деп мылтык атып калат. Мылтыктын канчалык даражада коркунучтуу экенин чынында билбеймин. Алма бакты аралап үйгө баратам. Айлана жымжырт. Бул жердеги жанга жагымдуу ар түрлүү сорттогу алмалардын жыттары мурдуңду өрдөйт. Бутактан бутакка секирип-конушуп үн салган куштар. Гүлдөн-гүлдү тандап ызылдап учкан аарылар менен кооз калкан көпөлөктөрдү карап, балалык кезимди эстеп кетем. Булардын кызыгына батып карап отурганга убакыт кайда? Атаганат, ушул жандыктардын жашоосу өздөрү каалагандай бир калыпта өтөт болду бекен? Же таш боор адам баласы буларга да тынчтык бербей жатабызбы? Ай ким билет?.. Мурунку күнү алма бактын ичиндеги алачыкта нан бышырып жаткам. Мектеп жактагы калың бактын түбүндө Айнидин теңтушу экөө мас абалында сүйлөшүп отурушат. Бактын ичи тынч болгондуктан бардык кыймыл угулуп турат. Теңтушу автобус айдап, өйүзгө окуучуларды ташыйт. Бир маалда тигиниси Айнидинге: "Ой сен аялыңды катуу кармабайсыңбы! Мага окшогон досторуң келгенде чимириктей айланып турушу керек. "Катын жолдо, бала белде" деп бекер айтылыптырбы? Аялың папиросту тутандырып оозуңа кармап турса — мына эркектик касиетке ээ болгонуң!" деп бүлөп жатканын угуп жүрөгүм опкоолжуй түшкөн эле. Айнидин бүгүн эртең менен үйдөн чыгып кеткен боюнча жок. Караңгы кирип кетти. Үйүлгөн көңдүн түбүндө байлануу турган ит негедир бүткөн бойду дүркүрөтүп улуп кирди. Мени кандайдыр жаман ойлор ээрчип, жүрөгүм лакылдап, бир жаман иш болчудай сезилет. Күтүп отуруп, түн ортосунан ооп бараткандыктан, бүкүлү боюнча төшөктүн чекесине кыйшайдым. Ай сүттөй жарык болуп, үйдүн ичи көрүнүп турат. Көзүм илинип кетиптир. Бир маалда "тарс" деп эшик ачылды. Таң аппак атып калыптыр. Жаткан жеримден ыргып эле турдум. Айнидиндин колунан жаркылдаган бычак көрүндү. Эшик ачылган бойдон

калыптыр. Шап бир колумду бекем кармап бычакты шилтегенде, ээгиме тийди. Бычакты кайра жогору көтөргөндө, "А-ай, бул эмнең!" деп, бош колум менен мизинен кармадым окшойт. Бычак колунан түшүп кеткендей болду. Айнидиндин кыжыры келип туш келди тепкилеп кирди. "Атаа-атаа!" деп бакыра бердим. Заматта тирүүлүктөн үмүтүм үзүлө түштү. Сырттан кайын атам көйнөк-дамбалчан кирип келди. Айнидин сыртка качып жөнөгөндө: "Сени биротоло атып өлтүрөйүн!" деп артынан жөнөп, удаа-удаа мылтык атты. Сүйлөөгө дарманым келбей калчылдап отуруп калсам керек. Бир билгеним — ажалдан калганым. Кайын энем кирип келип: "Коокуй, тигил акмак келинди соо кылган эмес го! Эми кандай кылабыз?" Ээгимден, шылый кесилген манжаларымдан кан токтобой агып жатат. "Акыры арак оңбой кал" деп кайын энем эмне кылаарын билбей ары-бери чуркап жүрөт. Совхоз райондун борборуна жакын болгондуктан бул айылда медпункт жок. Кайын энем ар нерсени күйгүзүп басып жатып, кан түшкө жакын токтоду. Башым, колум таңылып, алсырап бараткансыйм...

Чыйрыгып чыдабай, оозу-башым шишип, бир колум таңылуу болгондуктан, бир колум менен эптеп тамак ичкенге жарадым. Күн кеч кирип, мен кайын атамдардын үйүнө жаттым. Көгала болуп жанчылган денем салмактанып, жаным жер тартып, башым тегеренет. Атамдарга айттырып жибергиле деген суроом канаттандырылып, эртеси түшкө жакын сөзмөр чоң атам, өз атам, жеңем үчөө жүк ташуучу машине менен келип калышты. Менин абалымды көрүшүп аябай ачуулары келди. Чоң атам Айнидинге карап: "Бул эмне деген мыкаачылык? Сен акмак турбайсыңбы! Кызыбызды сага таңуулап бердик беле ыя?! Кантип ала качканыңды унутуп калдыңбы? Каап, сени ошондо эле кестирип жибергенде болмок экен! Кыздан күнөө кетсе, айыбын төркүн тартат. Кана, Бегимайдын күнөөсүн айтчы?! Абийир — адамдын күзгүсү деген. Сен өзүңдүн акмак экенди-

гиңди эбак эле көргөзгөнсүң! Мобул карыган ата-энеңди аяп келдик!". Айнидин мышык-сопу болуп: "Ушул акыркысы болсун, кечирип койсоңор. Мындан кийин аракты оозума албаймын" деп көнүмүш убадасын кайталоодо. Өз атам: "Сен эми эч качан оңолбойсуң! Аны алдагы саксайган кейпиң, бобул жасаган жосунсуз жоругуң айтып турат. Жаман ишке сага окшогон жамандар гана жөндөмдүү келет! Сени кестириш керек эле! Бирок, баягы эле куданын куудай сакалын сыйлайбыз." Ортодо тынчтык өкүм сүрүп калды. Кайын энем менин жанымда ыйлап отурат. Бир оокумда чоң атам: "Кана Бегимай! Азыр сен биз менен биротоло кетесиң! Эгер кала турган болсоң, бизден биротоло кол үзөсүң!" деди. Байкуш кайын атам сакалынан ылдый жашын куюлтуп: "Бегимайым акылдуу, колунан баары келген, кичи пейил, кызымдай көргөн балам эле. Эми убалына калгым келбейт! Ансыз да тиги иттин арагынын айынан көп азап тартты. Бегимай! Менин жаман уулум сенин баркыңа жетпеди! Азабыңды тартаар. Сага акыры Кудай берет айланайын балам! Акмактын ажалы жок экен. Жакшы эле өлтүрүп салайын деп мылтыгымды мээледим эле, качып кутулбадыбы. Болду. Бул ит бир келген бактысынан ажырады!"

Ушуну менен сөз бүттү. Жеңем шоферду чакырып, үй ичиндеги буюм-тайымдарды сыртка ташып, машинеге салып жатышат. Үч теңтушубуз аялдары менен келишип мени алып калуунун аракетин жасашып: "Бегимай, акыркы жолу Айнидин менен сүйлөшүп койчу" дешип, короонун сыртына жетелеп барышты. Айнидин баягы эле тажаткан убадаларын бере баштады. Мен: "Айнидин! Үй-бүлөөдөгү турмуштук сыноолорго колумдан келишинче жакшы эле чыдадым. Эми мүмкүн эмес. Бычак тийген жерлердин тагы акырындап унутулаар. Ал эми жүрөктө калган так эч качан унутулбайт! Сенин мага жасаган айбандай мамилең, оозуңдан чыккан ыпылас сөздөрүң, жүрүш-турушуң, ачуу турмуш эмне экенин көргөздү. Көңүлүмдү үч көчкөн журт-

тай калтырдың. Жанына күч келген пенде жаратканды да каргайт дешет. Мен ошо жаратканга жалынып туруп сага айтчу эки ооз кебим бар. Алты жыл ичинде эгер мен сага жамандык кылган болсом, өмүрүмдө жакшылык көрбөй өтөйүн. Ал эми сен мени козуну бөктөргөндөй ала качып, жулмалап отургузганыңар аз келгенсип, денемден так, көзүмдөн жаш кетирбедиң! Эгер Кудайым менин үнүмдү укса, сага каалларым, өмүр бою жакшылык көрбөй, сунган колуң кыскарып, көрүнгөндүн босогосунда түрткүнчүк болуп жүрүп өт! Жакшы мамилеге, жакшы ооз сөзгө, тынч уйкута зар болгон үнүңдү эч ким укпасын! Силерге катын жолдо, бала белде! Муну досуң экөөң айткансың. Эми мен дагы маңдайга жазганды көрөйүн, сага окшогон аракечтин колунан көрөк өз ажалымдан өлөйүн!" деп, басып кеттим. Мына Бактыгүл курбум! Тозоктун эшигин ачып көрдүм десем деле окшошот. Чындыгында "бир уйдун мүйүзү зыркыраса, миң уйдукуна доо кетет" дегендей, бул окуяны көрүп-уккан канча аялзатынын көңүлү ооруйт?..

* * *

Кийнчерээк Бактыгүлдүн турмушка чыкканын уккам. Бирок жолуга элек элем. "Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт" болуп, шаардан жолугушуп калдык. Учурашкан соң, Кегетилик жигитке баш кошконун айтып: "Айнидинден кийин турмушка чыкпаймын дечүмүн. Себеби, эркектин баары окшош деп ойлогом го. Көрсө жаштыгым менен турмуштун күңгөй-тескейи болорун эске албаптырмын. Жакшылыктан үмүттү үзбөш керек турбайбы. Азыркы жолдошум биринчи аялы менен эки жыл жашап чырлашпай ажырашышып, кызы апасы менен кетиптир. Кызы таенесинин колунда өсүп, жогорку окуу жайын бүтүрүп, үй-бүлөлүү. Бир туугандары менен катышып үйгө келип турат. Жолдошум экөөбүз бирибизди-бирибиз көз караштан ту-

шүнүп, сыйлашуунун үстүндө өмүр кечирип келе жатабыз. Адашып жүрүп табышкандай болдук. Же менин зарлаган үнүм Кудайга жеттиби" деп күлүп калды. Айтымында күйөөсү банкир, өзү дүкөнчү болуп иштеп жүрүп, азыр мен сыяктуу эс алууда экен. Дегеле ар нерсенин убагында болгону көп нерсени чечет. Бегимай өзү айткандай, алиги аракеч менен өмүрүнүн бир тобун өткөрүп жибербедиби. Айтканына караганда неберелери силерден кичирээк көрүнөт.

— Чоң апа, жанагы аракеч эмне болду? — деп Бүбүшай чебелектейт.

— Эмне болмок эле. Андайга аялдан бак айтып коёт тура. Райондо жетекчи кызматтарда иштеп жүргөн кишинин күйөөдөн чыккан карындашына үйлөнүп, андан уулдуу болот. "Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн саларбы" деп, баягы ит оорусун карматып, ага да аябай кордук көргөзөт. Акырында аялы Айнидиндин таягынын кесепетинен бул жарык дүйнө менен кош айтышат. Уулун таякелери багып алышат. Мына арактын акыры! Баш адамды орто, ортону төмөн, төмөндү акылынан ажыратып, биротоло жок кылат тура! Напси дегенди тыйып, бул каапырдан алыс болгон жакшы. "Кочкор" совхозу жакын болгондуктан Айнидинди анда-санда көчөдөн көрүп калчумун. Кийин дайыны чыкпай кетти. Айтып отурса сөз түгөнбөйт. Адамдын баары бирдей жаралат экенбиз. Бирок, жүрүш-турушубуз, жасаган иштерибиз, сүйлөгөн сөздөрүбүз ар башка болот турбайбы. Эл оозуна алынган ыймандуу, акылдуу, адамгерчиликтүү, жакшы сапаттарга ээ адамдар көпчүлүктө ордун таап отуруп, сөздү ылайыгы менен сүйлөшөт. "Сөз медерин тапсаң келечекке жол саласың, анын урматына жетсең кылымдап тарыхта каласың" дешет. Андай адамдар ыймандуу келип, үй-бүлөдө ынтымакты сактоо менен жубайлар бири-бирине өйдөдө өбөк, төмөндө жөлөк болушуп, балдарына жакшы тарбия беришет. Жашоодо турмушту баамдаган адамга ар нерсенин кадыр-баркы бар. Алсак, жаштыктын кадыры

карыганда, ден соолуктун кадыры ооруганда, сүйүүнүн кадыры бирөөнү сүйүп жүрүп жетпей калганда, жана сүйгөнүнөн ар-түрлүү себептер менен түбөлүккө ажыраганда билинет. Тынчтылык — дүйнө элин кармап турган зор күч. Мунун кадырын ок менен оттун ортосунда күн кечирип, киндик кан тамган жеринен, жакындарынан айрылып, баш калкалаар түнөгү жок бир үзүм нанга, бир ууртам сууга зар болгондор, ал эми бир келген өмүрдүн кадырын жаштыр-карыдыр, бул жарыкчылык менен коштошуп бараткан пенде билээр... Тирүүчүлүктө көптү билип, татыктуу жашаганга не жетсин. Жашоо — керемет. Өмүр — күрөш. Атаганат, бир келген өмүрдү баалай билип, аздыр-көптүр пайдалуу иштерди жасап, андан ыракат алуу кандай бакыт!

## ЭНЕНИН КӨЗ ЖАШЫ

*"Өлүп бирок жашай берчү өмүр бар"*
*Эсенгул Ибраев*

Бийлик менен элдин ортосундагы ынтымак бузулса, бийлик адилетсиз болсо эртедир-кечтир элдин толкундоосуна алып келерин 2010-жылдын 7-апрелиндеги кандуу окуя ачык көргөздү.

Тарыхта ар бир революциянын өзүнүн себептери, жүрүшү жана жыйынтыгы болот эмеспи. 7-апрелдеги элдик революциянын негизги себептеринин бири — өлкөдө социалдык-экономикалык абалдын начарлашы, элдин жашоо деңгээлинин төмөндөшү, коррупциянын күч алып, кайда болбосун акча, таанышсыз иш бүтпөй, жогорку билимдүү жаштардын кызматсыз калышкандыгы. Экинчиден, эгемен республиканын саясий бийлигине Курманбек Бакиевдин келиши жана Бакиевдердин кландык башкаруусунун күч алышы элдин кыжырлануусун жаратты. Дагы бир көйгөй — электр энергиянын жана уюлдук байланыштардын тарифтеринин кескин көтөрүлүшү. Муну социалдык саясаттын туура эмес жүргүзүлгөндүгүнүн кесепети десек болот.

Акаевдин бийлигин "үй-бүлөлүк башкаруу" деп сындасак, Бакиевдин ооматы келгенде "кландык башкаруу" өкүм сүрүп, Кыргызстандын саясий-экономикалык жана коомдук турмушунун бардык чөйрөсүнө аралаша баштаганы коркунуч туудурду. Бакиевдин бийликке келиши менен буйрутма өлүм көбөйө баштады. Алсак, көрүнүктүү чыгаан саясатчы Медет Садыркуловдун бийликке ачык түрдө оппозицияга өткөнүнө ичи күйгөн Жаныш Бакиев жолдон

тостуруп алып, мыкаачылык менен өлтүрткөнү белгилүү болду.

2005-жылдын март окуясынан кийин элдин бийликке болгон ишеними акталбай калды. Себеби, бакиевчилер бийликке кыргыз элинин коомдук турмушун жана мамлекетти чыңдоо максатында эмес, Акаевдин бийлигин, байлыгын тартып алуу үчүн келгендей таасир калтырды. Акаевдин убагында саясий башкарууга үй-бүлөсү эле аралашса, Бакиевдикинде ага-тууган, досторуна чейин кийлигише баштабадыбы. Революциянын чыгышынын дагы бир себептери — Кыргызстандын ири тармактарынан болгон "Чыгышэлектр" ААКнун болгону 3 000 000 долларга сатылганы. Ошондой эле айыл чарбасына караманча көңүлдүн бурулбай калгандыгы. Бакиевдин бир туугандары, балдары, аялы тарабынан Ысык-Көлдүн тегерегине, жана башка көптөгөн жакшы жерлерге өзүлөрүнүн кызыкчылыгы үчүн мамлекеттин эсебинен санаторийлер, чоң-чоң курулуштардын курулуп жатышы. Ушунун баары өлкөбүздө революциянын келип чыгышына түрткү болду.

* * *

Элдик революция 2010-жылы 6-апрелде Нарындан башталган. Ага чейин митингдер, жүрүштөр, кыймылдар болуп турду. Ошентип нарындык аял, эркек дебей, көптөгөн патриоттор үй-бүлөлүк бийликке каршы көтөрүлүштү. 6-апрель күнү Нарын менен бирге Талас көтөрүлүп, жалын күч алды. Түнүндө оппозициянын башчыларынын баары камалышты. 7-апрель күнү кыргыздын менменсинген жигиттери топтолушуп, Ак үйгө бет алышып, бийликти кулатууга бара жатышты. Аларга кан ичээр канкорлор тарабынан мурда даярдалып бийик жерлерге коюлган снайперлер окторду мөндүрдөй жаадырышты. Кайран гана өлүмдөн капары жок жигиттер! А дегенге дармандары келбей көз

жумушуп, аянт жаанга аралаш кызыл канга жуулду. Эртең менен үйүнөн аман-эсен чыгып кеткен азаматтардын сексен жетиси кайрылып келбеди.

Эне-бала шаардын эки башында жашашчу. Нурия 6-апрель күнү кечки саат ондо уулу Жолдошбек менен байланышкан. Баласы: "Апа, свет өчүп-күйүп жатат, мен компьютерде иштеп отурам, кабатырланбаңыз. Бирок, Болот Шер-Нияздарды Таластан кармашыптыр" деген экен. Аттиң арман! Шордуу эне! Кабагы ачык жаркылдаган, билимдүү, аракетчил, колунан бардык иш келген уулунун жүрөгүнө жагымдуу үнүн акыркы ирет угуп, сүйлөшүп жатканын кайдан билсин!.. Куруган Нурияның жүрөгү кандайдыр бир жамандык болоорун сезгенсип, түнү бою көз ирмебей чыкты. Кудай ай! Жолдошбегимдин күйүпбышып айткан эки сөзүнүн бири эле: "Бакиевди кетирмейин кыргыз эли жыргабайт, жаштар ишсиз калды, кантип жан сакташат?!" деп капаланганда, Нурия: "Уулум, эл үчүн күйгөнүң жакшы. Бирок, арты кандай болуп, эмне менен бүтөөр экен?.." деп сүйлөшкөндөрүн эстеп ичи уйгу-туйгу. 7-апрелде күн жаап турган. Нурия негедир жанын коёрго жер таппайт. Уулу Адилеттин келинчегинин ай-күнүнө жетип калды эле. Санаасы тынчыбай алар менен сүйлөшкөн соң, калган уулдарына, кызы Зейнегүлгө байланышты. Бир эле Жолдошбектин телефону жооп бербей жатат. "Компьютерде иштеп отурам" дечү эле. Колу бошобой жатабы? Мүмкүн телефонунун бирдиги түгөнүп калгандыр. Бирок андай болчу эмес...

Нурия шаардын ичинде тополоң болуп жатканын угуп, зонтигин көтөрүп саат беште "Россия" кинотеатры жакка келсе эл кымгуут. Уулу Баатыр менен сүйлөшсө дагы санаасы тынчыбай, аянтка кетип калбаса экен деп аны да карап чыккан. Аянттын маңдайына барса туш-туштан октор атылып жатат. "Артка качпагыла! Бүгүн кетпегиле!" деген кыйкырыктар күчөп, толкуган куралсыз эл атылган октон

бирде артка кетсе, бирде алдыга жүткүнүп, Ак үйдү көздөй бет алышып, тосмодон өтүүгө умтулушууда. "Кандай гана болбосун, Ак үйдү алышыбыз керек!" деп кыйкырган үндөр улам күч алууда. Тез жардам машинелери жарадарларды салып, тынбастан ташып кетип жатат. Кийин укса жарадарлардын арасында өлгөндөрү да бар экен. Прокуратуранын имараты күйүп бүтүп, түтөп жатыптыр. Аянттагы элдердин бети-башы канжалап, онтогон балдарды ары-бери сүйрөп жүрүшкөнүн көргөндө Нурия жанынан түңүлдү. Бир маалда Алмаз, Зейнегүлдөр менен байланышты. Жолдошбек, агасынын баласы Алмаз болуп Кызыл-Аскердеги үйдө турушат. Алмаздын айтуусунда Жокин түндүн бир оокумуна чейин кагаз жазып отуруп, эртең менен кийинип алып Киев көчөсүндөгү "Замандаш" ассоциациясынын офисине кеткен экен. Бул учурда ассоциациянын жетекчиси Муктар Өмүракунов Москвада жүргөн. Жолдошбек "Замандаштын" координатору катарында көп иштерди бүтүрчү. Муктардын айтымында ал телефон чалганда Жолдошбек жооп бербептир. Ошол учурда аянтта окшойт. Нурия Жолдошбек менен байланыша албаган соң Кызыл-Аскердеги үйгө келди. Балдары ошол жерде экен. Арасында Жокин жок. Ал күнү Нурия сыяктуу баласын издеп таба албай айласы куруган энелердин, жубайлардын, бир туугандардын абалын элестетүү кандай кыйын. "Оо бакиевчилер! Оңбой калгыла!" деп Нурия айласы куруп отуруп калды.

Күн кечтеп баратат. Аңгыча саат сегизге чукул Жолдошбектин телефонунан түштүктөрчө чалып сүйлөгөн чоочун жигиттин үнүн укканда, куруган эне: "Сен кимсиң?!" деп жиберди. Чоочун жигит: "Бул телефондун ээси жаракат алып, саат төрттө ооруканага жеткирдик" деди. Шаардык эмес окшойт. Анткени, оорукананын дарегин дааналап айта албады. Нурия балдары менен үйдөн шашып чыгып, болжошкон боюнча Жаш Гвардиядагы эстеликтин алдынан телефон аркылуу байланышкан жигитке жолугушту.

Ал жигит: "Байке болуп Ак үйгө бараткaнбыз. Снайперлер аянттагы элге ок жаадырып киришти. Биз ага карабай алдыны көздөй баса бердик. Бир маалда байке жерге жатып калыптыр. Карасак оң жаагынан кан шорголоп агып атыптыр" деп, күнөөлүүдөй жер тиктеди. Нуриялар түз эле Мамакеевдин ооруканасына келишсе, эл толтура. Ал жерде Жолдошбек жок болуп чыкты. Андан чыгып төртүнчү шаардык больницага, Улуттук госпиталга, Фучиктеги ооруканага барып табышпаган соң, моргго бет алышты. Барган жерлердин баарында чуруддап ыйлаган кишилер, кыйкырган үндөр. Моргго жеткенде түн ортосунан өтүп калган. Жокинди бул жерден да табышкан жок. Бул учурда Зейнегүл бир туугандарынан бөлүнүп, өзүнчө казак теңтушунун кымбат баалуу машинесине отуруп, агасын издеп жүрүп, морадёрлорго кабылышып, таяк жеп, башынан жабыркайт. "Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы" дегендей, минтип эл кырылып жатса, адамдан чыккан айбандар колдоруна илингендерди бүлдүрүп, талап-тоноп жатышканын теледен көрсөтпөдүбү. Нурия балдары менен үйлөрүнө келип эптеп таң атырышып, 8-апрель күнү Жолдошбектин денесин моргдон табышты. Ооруканаларда жарадарларды жаракатына жараша ары-бери ташып жүрүшкөндө Жолдошбек жолдон каза болгонбу? Ким билет?.. Ошол учурда моргдун жанында Нуриянын балдары менен ыйлап турушкан абалын көрүш кыйын эле. Сөөктү апасы жашаган Кирпичныйга алып келишти. Тогуз жаштагы небереси чыркырап "аталап", келини Анара кара кийип кайгырып, эненин Кудайга үнү жетүүдө. Сырттан муун-жүүндү бошотуп музыка коштоодо. Жараткан ай! Ата-энеге кан-жанынан жаралган баласынын күйүтүн тарттыргылык кылбасынчы! Арбир Нуриядай энелердин алмончоктой балдарынын элеси көз алдыларынан кетпей, унутуулары азап болоор. Нурия боз үйдө отурганда жанындагы башы таңылган кызды караса, өзүнүн Зейнегүлү экен. Көрсө, кызы жанагинтип айбан-

дарга кабылып таяк жеп, дагы жаны аман калган турбайбы. Бакыт, Адилет, Баатырлар агасын жоктошуп, үндөрү басылбайт. Мындай аза-кайгыны канчалаган кыргызстандыктар тартып жатышат. Ошолордун бири Нурия:

"Алтысында сүйлөшкөн,
Акыркы уккан үн беле?
Ажыдаарлар огунан,
Ажал тапчу күн беле!
Алмончоктой Жокимден,
Ажыраарым чын беле?

Адилетсиз бийликтин,
Аягы кайгы-муң болду.
Апалар минтип кан жутуп,
Алган жарлар тул болду.
Калайык-калк кайгырып,
Унутулгус күн болду!

Айланайын жарыгым,
Азабың тартып карырмын!
Атанын уулу дедиртип,
Айтылып жүрөөр дайының.
Эрдик менен өлгөнүң,
Элиңе кошкон салымың.
Жокиним менен кеткенсийт,
Жүрөгүмдүн жарымы.

Асмандап учкан ылаачын,
Алыска жаят кулачын.
Кулунумду көп ойлоп,
Кургабас менин жүз аарчым!
Он беши айдын караңгы,
Өкчөдү бийлик адамды.

Калганым эсен жүрсө деп,
Кудайдан тилейм амандык"

деп кошок кошуп ыйлап отурат.

Мурунку күнү Т.Сариев, К.Иманалиев, М.Өмүракунов, Сапарбаев жана Жолдошбек менен иштешкен КМУУнун коллективи киришип, кайрат айтып чыгышты. Сөөк салынган табытты көрүстөнгө алып жөнөө — баарынан кейиштүү учур болду. Эстери оогон энелер, чыркыраган балдар, боздогон үндөр. Кайран азаматтар! Ак үй алдынан атылышып, Ата-Бейит көрүстөнүнө жуушаган койдой жатып калышты.

* * *

Нурия үй-бүлөсү тууралуу жана уулу Жолдошбектин өмүр жолун мындайча эскерет: Биз жашаган үй Кочкор өрөөнүнүн көкүрөк жагындагы айылдардын чок ортосуна жайгашкан Орток кыштагында. Кайын атам Түгөлбаев Кудайберген — Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери. Согуштан келгенден кийин чарбада малчы, корукчу болуп иштеп жүрүп кийин каза болду. Бир тууган агасы Түгөлбаев Жамангул да согушка кетип, дайынсыз. Кайын энем Турганбүбү туугандардын айтуусуна караганда — узун бойлуу, келишимдүү, кара торусунан келген сулуу аял экен. Ал киши таланттуу, мукам үндүү төкмө, кошок кошсо маркумга ылайыктап таап айткандыгынан жаш кезинде аттуу-баштуу киши өткөн жерлерге ат жиберип алдыртышчу дешет. Апабыздын айылдаш курбусу Мариса күйөөсүн чанып, жакын жерде жашаган бухгалтер жигитке тийип кеткенде апабыз:

"Үйдөн үйдү тандаган,
Эрди мурда камдаган,
Мариса келсин жаныма"

деп кошуптур.

Мурунку убакта айыл эли ынтымакта жашап күн өткөрүшүп, бир үйдө мал союлса, аны чогулуп жешчү тура. Атамдардын кошунасы Ыбырайымдыкы түн ичинде улак союп алып бышырышып, эч кимди чакырбай, өзүлөрү жеп алышат. Баары бир Ыбырайымдын улак сойгону билинип калат. Кайын энем жөн турбай, баласына төмөнкү ыр саптарын үйрөтүп коёт:

"Ыбырайым, Ыбырайым,
Кулагыңа шыбырайын.
Түндө союп бир улак,
Бербей койдуң бир шыйрак".

Баладан муну уккан Ыбырайым катуу уялып калат.

Кайын энем төрт эркек бала төрөп, 1966-жылы кайын атамдан мурун өтүп кетиптир. Жамангул кайын атамдын аялы Сайтуна апа да — акылы тунук, укканын эстеп калган, жакшы адам эле. Отурган жерде: "Байкуш Турганбүбүнүн сөзмөрдүгү ай!" деп, жогорудагыдай ыр, кошокторунан айтып калчу. Турганбүбү кайын энемдин накыл сөздөрүнөн Сайтуна апанын мага айтып бергендеринен:

"Биринчиден — билинбей жеген бит жаман.
Экинчиден — эрте жаздагы жут жаман.
Үчүнчүдөн — капаска түшкөн куш жаман.
Төртүнчүдөн — төрөсү өлгөн журт жаман.
Бешинчиден — пейили кеткен эл жаман.
Алтынчыдан — аттан, аттан дегенде,
Атсыз калган эр жаман"

Түшүнгөн адамга ар бир айтылгандардын өзүнчө терең мааниси бар. Биринен-бири өткөн кайран нарктуу кишилер!

Таалайбек экөөбүз Россиядан педагогикалык институтту чогуу бүтүп, баш коштук. Мен кийинки кайын энем Каличанын колуна келин болуп келдим. Айылыбыздагы мектепте сабак берип жүрөбүз. 1974-жылдын 12-декабрында Жолдошбекти төрөдүм. Кайын атам менен кайын энемдин кубанычтары коюндарына батпайт. Ал тургай ыйлап алышкан. Касиеттүү ата-энебиз ошол учурда эмнени ойлошту экен? Таалайбек сүйүнгөнүнөн достору менен тойлоп жүрүп, мага үч күндөн кийин келди. Кичүү кайнимдин аты Жолоочу. Кайын атам азан чакырып, Жолоочуга уйкаштырып небересине Жолдошбек деп ат коюп, айылга жакшы той өткөрдү. Жолдошбегим жарыкчылыкка келип, бизди кандай кубанычка бөлөсө, ошондой кайгыга салып кете берди. Кандай кылам! Каралдым ай! Жаның кыйналганда көз алдыңа эмнелерди элестеттиң экен? Силерге ок аткандар бизге окшогон энелердей зыркырап калышсын!

Маркум кайын атам менен кайын энем Калича адамгерчиликти ыйык туткан, асыл сапаттары менен нукура биздин элге мүнөздүү салттарды сактаган, үлгүлүү инсандар катары жүрөгүмдө сакталып келет. Экөө тең эмгекчил, кең пейил, бири бирине аяр мамиле жасап, кирген кишини көз караштан байкашкан баамчыл, айылыбыздын сыйлуу карыларынан болуп өмүр сүрүштү. Ушундай үй-бүлөгө туш келгениме чексиз бактылуумун, жана аларга миң мертебе ыраазымын! Анткени, мага өз баласындай мамиле жасашып, акылдарын айтышып, турмушубузга туура багыт берип турушчу. Жолдошбектен кийин Бакытбек, Адилет, Баатыр, кызыбыз Зейнегүл төрөлдү. Балдарымдын Таалайбекке окшош чынчыл, оюндагысын бетке айткан, эч нерседен тайманбаган, өжөр болуп чоңоюп келатышкандарына таң берем. Бул тукумда кошоматчылык, калп айтуу, бирөөнүн жашоосуна көз артуу деген жок. Таалайбек жаш кезинде шайыр, кең пейил, ак көңүл, жанындагылар менен бат тил табышкан мүнөзү аркылуу мага жаккан. Ал менин

өмүрүмдөгү биринчи жана акыркы махабатым болуп кала берди. Көркөм адабиятты көп окуп, кайра эрикпестен балдарына, башкаларга айтып берчү адаты боло турган. Шаңкылдата комуз чертип, спорттун түрүнөн волейбол ойнойт. Балдардан Адилеттин комузга шыгы бар. Айылыбыздагы клубга Касымов Жекин ыр кружогун уюштуруп, балдар комуз чертишип, өздөрүнчө ансамбль түзүп алышкан. Ошол учурда айылдын балдарынын комуз чертүүсү модага айланып кеткен. Таалайбек экөөбүз айылдын шартына жараша жашоо өткөрүп жатабыз.

* * *

Жолдошбекти кайын атам жанынан чыгарбай, айылдагы мектептен окутту. Биз Нарынга кызматка которулганда: "балабызды өзүбүз менен чогуу ала кетели" деп атамдарга айта албай койдук. Кайын атам небересинин токтоо, бир мүнөз, сабакты жакшы окуп, классташтарынын арасында кадыр-барктуу экендигин жетине албай бизге айтып калат. Жолдошбектин бой тарткан курагы союз ыдырап, өлкө таланып-тонолуп, өндүрүштөр токтогон мезгилге туш келди. Карапайым калктын жашоосу кыйындап, байлардын арааны ачылды. Жокинимдин 1992-жылы КМУУнун саясат таануу факультетинин коомдук илимдер бөлүмүнө кирип, билим алуусуна атасы Таалайбек түрткү болду. Өзүмдүн төркүнүм — шаардыктар. Балабыздын окууга өткөн күнүн таенесиникинен белгилеп, батасын алдык.

Жолдошбек университетти шаарда иштеген класспташы-жердеши Имакеев Тынчтык менен окуу-жайдын жатаканасында бирге жашап бүттү. Алар абдан ынтымактуу болгондуктан кайын атам "эгиздер" деп коё турган. Университет жеке пикиримде — бардык коомдук илимдерди камтып, терең билим берүү менен жаштардын коомго, турмушка болгон көз карашына туура багыт көрсөткөн

академиялык билимдин чордону десем жаңылышпасмын. Жолдошбек университетти 1997-жылы жакшы окуп бүтүрүп, дипломдук ишин жактап, БГУда политология боюнча мугалим болуп иштеп калды. Аздан соң аспирантурага тапшырды. Илимий ишинин темасы "Кыргызстанда учурдагы саясий режимдердин трансформациясы" эле. Бул акыркы жылдардагы өлкөбүздөгү болуп жаткан саясий кырдаалга берилген баа, ар түрдүү саясий багыттагы күчтөрдүн туура нукка түшүүсүнө болгон калыс, чындык көз карашты чагылдырган эмгек болмок. Тилекке каршы Жолдошбек бул илимий эмгегин каражаттын жетишсиздигинен уланта албай, аспирантураны бүтпөй калды. Жалгыз мугалимдик маяна менен жашоого мүмкүн болбой бараткан учур келген.

1999-жылы Жолдошбек кесиптеши Мусабаева Анара экөө тил табышып, үй-бүлө курушту. 2001-жылы неберем Шоола төрөлдү. Үй-бүлөлүк турмуш материалдык каражаттын жетиштүү болушун талап кылып, өлкөбүздө бардык керектөөлөргө баалар күн санап көтөрүлүп, балдарыбыздын орундарынан козголуусуна мажбур кылды. 2004-жылы Шоола үчкө чыкканда келиним Анара АКШнын түштүгүндөгү нефть өндүрүү боюнча АКШда төртүнчү орунда турган, авиация заводу бар, газга бай Оклахома штатына эки жылдык контракт менен билимин жогорулатууга кетти. Жолдошбек дагы кыргызстандык жарандардын каражат табууга аттангандарынын бири болуп Америкада иштеп калды. Өзү алыс жүргөнү менен, өлкөбүздөгү саясий абалдан кабар алып, тынчсыздангандыгын билгизип турчу. Жолдошбек Америкадан 2006-жылы кайтып келип, мурунку иштеген жеринде мугалимдик кесибин улантты. Адистиги саясат таануу болгондуктан, өлкөбүздөгү "сокур" саясатчылардын жүргүзүп жаткан туура эмес иштерине басса-турса наразы. Иштеп жүрүп бир туугандарына жардам берип, Зейнегүл Славян институтунун психология факультетин, Бакыт КМУУнун экономика факультетин окуп бүтүрүштү.

Учурдун талабына ылайык биздин үй-бүлөдө бизнес уюштурууга каражат жетишпей, жөндөм да жок болгондуктан, мамлекеттин көзүн караган кызматкер боюнча жашоо өткөрүп калдык. Ажал алгысы келсе жаш-карыга карабайт тура. Жолдошум Таалайбек элүү жашында 2002-жылы бул дүйнө менен коштошту. Уулум Бакыт биздин үй-бүлөгө аталык камкордук көрүп, бирөөнүн менчик дүкөнүндө сатуучулук жумуш менен алектенип, багып калды.

* * *

Өлкөбүздө саясий-экономикалык кырдаал курчуп, карапайым калктын жашоосу күндөн-күнгө оорлоп баратат. Кийинчерээк Жолдошбек саясат таануучу катарында көп убактысын ойлонуу менен өткөрүп калган. Кыргыз совет адабиятчысы, сынчы Салижан Жигитов агайыбыздын: "Биздин интеллигенциянын көзү желкесинде болуп атпайбы, көз деген маңдайда болуш керек" деп айтканы бар. Анын сыңарындай 2010-жылы бийлик башындагылардын көздөрүнө эчтеке көрүнбөй, калк астындагы жоопкерчиликтерин унутушуп, адамдык касиетти жыйыштырышып, бир гана өз кызыкчылыктарын ойлошуп, элди күрөшкө аттанууга аргасыз кылды. Жолдошбек университеттен тышкары "Замандаштын" мүчөсү катарында сыртта жүргөн жаштар менен тез-тез байланышчу. Жокиндин жүргүзүп жаткан иштерин Муктар Өмүракуновдун жогору баалай тургандыгын терең түшүнчү. Оппозициянын лидерлери К. Иманалиев, Б. Шер-Нияз, Т.Сариев, Талас, Көл, жана Нарындын өкүлдөрү менен да тыгыз байланышта болуп турду.

7-апрель 2010-жылкы каргашалуу окуя кара тамга менен жазылып, энелердин жүрөгүн түбөлүккө жаралап, Ак-үй алды канга жуулган күн катары эсте калды. Канды жууп коюшту, а ата-энелердин, жетим-жесирлердин жарасы эч качан айыкпайт да! 7-апрель күнү кыжырданган

адамдар аянттан кетишпей, өлүмгө бет алышып, денелерин жамгырдай жааган окко тосушуп, бийликти кулатууга бара жатышкан азаматтарга дем берип турушту. Алардын ой-тилеги — Бакиевдик кландан кутулуу. Эгерде атылган октордон азаматтар артка качканда, бүгүнкү элибиздин жашоосу кандай болмок? Бул күнү өлкөбүздө элдик революция болгонун эч ким танбайт. Себеби, революциянын саясий-экономикалык чечкиндүү багыттагы кыймылынын негизги күчү — карапайым эл эле. Эл үчүн курман болгон эр-азаматтардын арасында тун уулум Кудайбергенов Жолдошбектин жүргөнүнө таң калбайм. Бирок, эне катарында ичим ачышып, жүрөгүм канайт. Айла канча! Өлкөбүздөгү мен сыяктуу токсонго жакын эненин абалын жон терим менен сезип, сабыр кылууга аракеттенем. Жокинимдин жанында мен тааныган Сейдесанов Күмүшбек, Сарыбаев Таалай, Дөөталиев Баястан, Кожобеков Рахат, Чыңгышев Канат, Огомбаев Жылдызбек, Абдылдаев Кудаш, Айылчиев Эмил бар экен.

Оо, чолпон жылдыздар!
Эл үчүн мезгилсиз баттыңар!
Бирок, келечекке айкын жол ачтыңар!
Кара жерде жаткан менен денеңер,
Түбөлүккө "Баатыр" делет даңкыңар!
Байытам десең өлкөңдү,
Өзгөртүп алгын өз жашаган өлкөңдү.
Инсандар өткөн тарыхтын эмгектерин барактап,
Колуңдан келсе аныкта.
Жарат, өзгөрт, жаңылантып жериңди,
Бакытка бөлө элиңди.
Теңелбегин жаманга,
Нааразы болбо заманга.
Ондош үчүн ааламды,
Ондош керек адамды.

7-апрелде каза болгон эр-азаматтардын өлүмүнө кейиген ар бир кыргыз жараны өз жумуш ордунда таза, калыс, напсисин тыйып иштесе заман өзгөрөт деген максаттарды көздөгөн көпчүлүктүн ичинде Нурияның энелик көз жашы кургабай, Жолдошбегин эстөө менен өмүрүн өткөрүүдө.

Апрель революциясынын натыйжасы — Бакиевдин кландык бийлигинин четтетилиши, Кыргызстандын конституциясында реформа болуп, ошонун негизинде президенттик-парламенттик башкаруу системасынын орнолушу. Өкүнүчтүүсү — канкорлордун кийиктей терип аттырган огунан ошол күнү 87 кырчындай өмүрлөр кыйылып, энелердин көз жашы төгүлүп, уулдарынын революциянын курмандыгына айлангандыгы. Экинчиден — канкор бакиевчилердин эмдигиче Кыргызстанга алынып келинип, эл алдында жоопко тартылбай, сыртынан кесилип, эркин жашоо өткөрүп, элдин көксөөсүнүн суубай тургандыгы. Арга жок, бирок түшүнгөн кишиге алар "тирүү өлүк". Мекенине, эл-жерине батпай, талаалап жүргөндүн өзү жаза, өзү каргыш.

Канткен менен бул окуя Кыргызстандын келечеги үчүн чоң сабак болду. Баатырлардын ысымы, идеялары коомду патриоттукка тарбиялоодо үлгү болору анык. Анткени, бул жигиттер өз ата-мекени, элинин эркин келечеги үчүн канын төгүштү. Маркумдардын өмүрү мекенди сүйүүнүн түбөлүктүү өрнөгү болуу менен, элестери эл арасында эч качан унутулбайт.

## ЭСТЕБЕЙИН ДЕЙМ...

Андан бери кырк жыл өттү. Ошол учурдагы келин мени сөзсүз жакшы тааныйт. Көчөдөн, оорукана тараптан же дагы башка жерлерден көрүшүп, чоң айылда чогуу жашап келатабыз го. Мүмкүн учурашып да жүрөбүз. Бирок, мен кырк жыл мурунку кайгылуу жоготуунун себепкерини ким экендигин даана билбейм, билүүнү да каалабайм.

...1976-жылдын июнь айынын он үчү. Мурунку күнү үйдө козу союлуп, конок тостук. Кызыбыз Гүлнара ооруканага жатып калган. Эртең тамак алып баралы деп, козунун жаак-тил, майда-чүйдөсүнөн алып койдук. Гүлнараны эркелетип Гүлчахра, же жөн эле Чаку дейбиз. Кызыбыз айылыбыздын аягындагы баштапкы мектептин үчүнчү классын бүтүп, жайкы дем алууда.

Саат эртең мененки он чендерден өткөндө жубайым Бекиш, төрт жаштагы кызыбыз Салтанат, үч жаштагы уулубуз Бекзатты ээрчитип ооруканага бардык. Балдар жатып дарыланчу оорукана жаңы курулган. Гүлнараны чакыртып жибердик. Кызыбыз тез эле келди. Бөбөктөрүн кучактап өпкүлөп: "Ата, үйгө чыгарып кеткилечи, кетким келип жатат" деп жалооруй карады. Ооруканада жатканына бир жумадан ашып бараткан...

Гүлнаранын оорусу мындайча башталган эле. Дүкөндөн жумуртка сатып келип тоголок бышырдым. Үч бала бирден, биз экиден жедик. Түштөн кийин Гүлнара кусуп баштады. Кусканы улам күчөгөнүнөн тез жардам чакырып, ооруканага жеткирдик. Дарыгерлер "туура эмес тамак жеп ууланыптыр" дешти.

...Баланын үйгө кеткиси келип кыйылып турганынан, дарыгерине барып жолуктук. Ал айым ишин билген, райондогу белгилүү дарыгерлердин катарында. Баланы үйгө чыгарып кетүүнү өтүнсөк: "Эже, бир аз коё тургула, өпкөсүн токко сактап жатабыз. Оңой менен чыгынып кайра келбейсиңер" дегенине, муюп тим болдук. Чынында эле Гүлнаранын кичинекей кезинен өпкөсүнө суук тийгени бар эле. Баламдын көзү жашылданып, ооруканага кирип кетти...

...Биз ооруканадан чыктык. Жолдошум эки баласын жетелеп үйгө, мен райкомго чогулушка кеттим. Райком демекчи, ошол учурда партиянын райондук комитетинин биринчи катчылык кызматында Б. Исагулов, экинчиси — К.Сулайманова, үчүнчүсү — А.Абдыкасымов эле. Абдыкасымов мага кайнилер болот. Чогулушка чакырылганымдын себеби, өзүм иштеген мекемеде баштапкы партиялык уюмдун катчысы жана райондук аялдар кеңешинин мүчөсүмүн. Мындай коомдук иштерге катышуума түрткү берген Бекишим. Өзү да биздин мекеменин партиялык уюмунун учетунда турат. Анын мага эртели-кеч айтканы: "Зуураш, сен коомдук иштериңди биринчи орунга койсоң элге тааныласың. Коммунисттерди партиялык чогулушка толук катыштырууга аракет жаса. Андыктан чогулушка өзүң жакшы даярданып, аткарыла тургандай токтомдун долбоорун даярда. Иш кагаздарды сабаттуу жаз. Жогору жактан келген кагаздардын аткаруу мөөнөтү болот. Аларга кечиктирбей убагында жооп берүүгө жетиш. Район силердин кагазыңардын негизинде жыйынтык чыгарат. Ар дайым бир иш баштаарда терең акыл жорутсаң, ката кетирүүдөн алыс болосуң". Бир сөз менен айтканда Бекишим — жубайым жана устатым десем жаңылышпайм. Ошондогу айтылган акылдын үзүрүн азыр да көрүп, райондо өтүлгөн жыйындарга ылайыгы менен чакырылып, көпчүлүккө аралашып жүрөм.

...Райкомдун жыйындар залында эл толтура экен. Орун таап, терезе жакка отуруп калдым. Биринчи катчыбыз Иса-

гулов күзгү оруу-жыюу кампаниясына карата райондогу даярдыктар жөнүндө сүйлөп жаткан. Аңгыча терезеден тез жардам машинеси көрүнүп, эшиктин алдына келип токтоду. Жүрөгүм оозума келе түштү. Коридордон кобур-собур үн чыгып, басып жүрүшөт. Бир маалда эшик ачылып, президиумга кичинекей кагаз узатылып, аны К. Сулайманова алды. Сулайманова кагазды Исагуловго көргөздү. Исагулов залга кайрылып: "Жолдош Акылбекова, сизди сыртта күтүп жатышат, бара бериңиз" деди. Сыртка чыксам Гүлнаранын дарыгери мени колтуктап: "Эже, куураттыңыз го!" деп, сүйлөгөн сөздөрү кулагыма угулуп-угулбай, тез жардамдын ичине кирдим.

— Айланайындар! Деги балам аманбы!?"

— Ак халатчан эмчи айым оозу бошураак:

— А-аман...

Жамандыкка жорубайынчы деген тейде Кудайдан баламдын өмүрүн тиленип бара жатам. Ооруканага жеттик. Мени түз эле Чакунун үстүнө алып киришти. Баламды карасам, көзү алачакмактап, кара тер басып, чабалактап кыйналып жатыптыр. Басып эле жыгылдым.

— Чаку! Чаку...

Кызым көзүн ачууга аракеттенип, мени араң тааныгандай болду. Бирок тилге келбеди.

— Дарыгери кайда!?

— Өзүнүн кабинетинде ыйлап отурат.

— Кандайча болуп кетти? Жана келгенибизде балам татынакай эле үйгө кетем деп ээрчибеди беле! Шордуу жаным! Э, Кудай! Ошондо эле чыгарып кетпей эмне болдум!

Бир маалда жашы өтүп калган санитарка аял мага жакындап:

— Садага, балаң сени күтүп жатты окшойт. Кыйналып кетти, чекесинен сылап "сүт акымды кечтим" деп үч жолу айтчы.

"Кыйналып кетти" дегенде, токтоно албай баламдын болгон жеринен аймалап өпкүлөп, өлүмгө кыйбай турсам

дагы, аргасыздан "сүт акымды кечтим" деп айтууга туура келди. Жер көчүп, айланам караңгылап эч нерсе көрүнбөй баратат. Көзүмдү ачсам үйдө экенмин. Аялдар тегеректеп бетиме суу сээп отурушуптур. Бир заматта көз ачып көргөн, ооз ачып өпкөн, он гүлүнүн бири ачыла элек, эмеле тойпоңдоп эркелеп турган тун кызыбызды шум ажалга алдырып отуруп калдык. Чиркин ай! Эне менен баланын жүрөгү бир деген чын белем! Акыры энени баладан ажыратпасынчы! Ичим ысып эле турат.

Айрыкча бизди беймаза кылган Салтанат менен Бекзат. "Чаку эжекебиз качан айыгып келет? Сагындык! Биз эч ким менен ойной албай жатабыз!" деп ыйлашат. Айла кеткенде, Бекиш балдарды мүрзөгө алып барып: "Эжеңер мобул топурактын астында жатат. Үйгө мындан кийин келбейт" деп, үмүтүн үзүүгө аракеттенди. Ким билет, алар канчалык даражада түшүнүштү?..

Мен эртели-кеч:

"Жалоруй карап тиктеген,
Жалдыраган көзүңдөн.
Азаптуу ажал туш келип,
Айрылып калдык өзүңдөн.

Кайгыга салып апаңды,
Капилет учтуң чымчыгым.
Көзү ачык кеттиң дүйнөдөн,
Жашоонун көрбөй кызыгын.
Бар болсо эгер чын дүйнө,
Бейиштин төрүн аттагын.
Унутуш сени кыйын го,
Бейкүнөө кеткен сап-сарым..."

деп, ыйлап олтурам.

...Акыры топурак суутууда. Бирок, Гүлнарамдын чолпон жылдыздай жаркыраган элеси, айрыкча акыркы көз

ирмемдеги чымындай жанынын кыйналганы көз алдыма тартылып турганы турган.

* * *

Куран окутуп келгендердин аягы суюла баштады. Бүгүн бир теңтушубуздун аялы үйгө атайылап келиптир.

— Болду! Ыйдын да чеги болот! Сенчелик энелер балдарынан ажырабай жүрүптүрбү?! Азыр жашсың, Кудай берсе дагы эле төрөп аласың. Эненин ыйы балага көл, баланыкы нур деген. Сен ыйлаган сайын кызың көлгө чөмүлүп кыйналып жатат!

Ошол күндөн баштап ыйды азайттым. Бекиш мен ыйласам эле эки баласын ээрчитип сыртка чыгып кетчү. Эми антпей калды.

Түшкү чайды ичип бүтүп балдар сыртка ойноп кетишти. Мен Бекишке суроо салдым.

— Сен кимден угуп, кантип ооруканага бардың?

— Зуураш, кайсынысын айтайын. Биз үйгө келип, жаңы эле тамак ичип бүткөнбүз. Аңгыча сырттан ак халатчан аял кирип:

— Сизди ооруканага чакырып жатышат — деди.

— Мен ал жактан жанараак эле келбедимби?

— Билбейм, алып келгиле деп жиберишти.

Аялдын өңү сумсайыңкы. Кийинип сыртка чыгып, балдарды кошунаныкына калтырып тез жардамдын машинесине отурдум. Машинеден түшөрүм менен Чакунун палатасына ээрчитип барышты. Ал жерде дарыгерлер топтошуп, баланы бир нерсе кылып жатышыптыр. Бала чабалактап жаткан экен.

— Эмне болуп кетти? — Гүлнараны кучактап өпкүлөй баштадым.

— Бекиш, ушундай болуп калды. Ичин тазаладык. Колдон келгенин аянган жокпуз. Эмне болуп кеткенин биз да

билбей калдык. Сен эркек эмессиңби, сабыр кыла турчу. Азыр аялыңды алып келишет — деп эки дарыгер (жолдоштор болот) мени коридорго ээрчитип чыгышты. Коридордо баласын жетелеп Гүлнаранын жанында чогуу жаткан аял туруптур. Мен аялга:

— Эже, эмне болуп кетти? — дедим.

— Силер кеткенден кийин саат он экиде медсестра келип ийне сайып чыкты. Убакыт өтүп, Гүлнара бакырып керебетинен туруп: "Ата-а-а! Үйгө кетем, бул жерге чоң-чоң кара чымындар толуп кетти. Коркуп жатам. Атама барам!" деп ыйлай баштады. Мен чуркап чыгып догдурларды чакырдым. Болгону ушул. Айланайындар ай!...

Аял жер карады... Биз кабинеттин эшигин жаңы эле ачканыбызда, сенин ыйлаган үнүң угулду.

* * *

...Гүлнаранын кыркын өткөрдүк. Мен кызматыма чыктым. Иштеген жерим үйгө жакын болгондуктан, кирип-чыгып турам. Балдардын окууга кирээр маалы жакындап, ата-энелер балдарын ээрчитишип үйдүн жанынан өтүшөт. Аларды көрүп жүрөгүм ооруп чыгат. Күнөөлүүдөй башымды төмөн салып басып, үйгө кирип баламдын китеп баштыгын, кийимдерин жыттайм...

...Бүгүн күнгө ишемби. Үйгө райкомдогу үчүнчү катчы кайним Абды аялы менен келип калышты. Жай сурашып отурдук. Ак-Талаадагы жээндерибиз Султанбектики Абды эки үйүбүздү конокко чакырышыптыр. Султанбек келинчеги экөө тең жогорку билимдүү. Совхоздо экономист болуп иштешет. Абдынын машинесине түшүп төртөөбүз жөнөп калдык. Абдынын жубайы Саадат да жогорку билимдүү медик. Борбордук ооруканада дарыгер болуп иштейт. Бекиш менен Абды алдыңкы орунда отурушуп аркы-беркини сүйлөшүп келе жатышат. Айылга жакындап калганбыз.

Бир маалда Саадат: "Жеңе, Гүлнара каза болгондун эртеси ооруканanын башкы дарыгери чогулуш өттү. Ачуусу аябай келип: "Силер бирөөнүн чоңоюп калган баласына туура эмес ийне сайып мерт кылдыңар! Муну кайдыгерлик дейт! Эмнени окуп, кантип бүттүңөр эле?! Ишти билбегениңер оорулардан дагы жаздым кыла элегиңерде бошоп кеткиле! Эгерде, каза болгон кыздын ата-энеси билип калып арыздanышса, күнөөлүүңөр керт башыңар менен жооп бересиңер! Башкабызга да эпкини тийет!" деди.

Абды машинесин токтотуп, аялын аз жерден коюп жибере жаздады. Мен: "Кайра эле үйгө кетеличи!" деп ыйлап жибердим.

Абды агасына кайрылып:

– Байке! Эртеңден калтырбай мүрзөнү ачып, баланын сөөгүн текшертишибиз керек! Бул акмактарды тим койсок дагы канча кишинин убалына калышат!

Арадан он беш-жыйырма мүнөттөй өтсө керек. Бекиш башын көтөрүп:

– Султанбектикине жетип калдык, кайра кеткенибиз туура эмес болот го. Сыр билгизбей тамагын ичип, эртең үйдөн сүйлөшөлү.

Сыртта Султанбек менен Турдукан күтүп турушуптур. Үйгө кирдик. Жүрөккө тамак баспайт. Жээндерибиз чебелектешип: "Ичсеңер-жесеңер" дешип, сыйлап жатышат. Тамак ичилип бүттү. Балдарга ыраазычылык билгизип, коштошуп чыгып кеттик. Бекиш экөөбүз үйгө түшүп калдык. Эмненин уктаганы. Бекишим үшкүрүнүп ары-бери басып жүрөт. Абдан токтоо анан да терең акылдуу адам эмеспи. Көрсө ойлонуп жаткан тура. Бир маалда: "Зуураш! Эч кимге кастыгыбыз жок эле. Же медсестра келинди таанызбасак! Бирөө келсе, бирөө кезмегин өткөрүп кетип турат экен. Акыл жорутсам, бул кокустук болсо керек. Анткени, тааныбаган адамга биздин баланын өлүмүнүн эмне кереги бар? Макул көрсөң мүрзөнү ачтырбай эле коёлук. Муну

ошол замат укканда башкача болмок. Сөөктүн жерге жашырылганына эки айдан ашты. Анын үстүнө күн ысык. Баланын эти сөөгүнөн ажырап калды го. "Адам кечирүүмдүү болбосо, жамандык улана берет" дешет эмеспи. Бирөөнү кестиргенден эч нерсе ордуна келбейт" деди. Ары кетип, бери кетип, акыры макул болдум.

Эртеси Абды аялы экөө келишти. Урушкан түрлөрү бар. Бекишим жогорудагы оюн айтып:

— Сөөктү жайына коёлу. Бала ансыз деле эзилди.

Мен да Саадатты карап:

— Ал тургай ошол медсестранын атын укпоону чечтим. Себеби, аны көргөн сайын жек көрүүм артып, өмүр бою жүрөгүмдү оорутуп өтчүдөймүн. Кудай өзү тараза.

Кайним капаланып: "Бекер кылдыңар!" деп эшикти жаап чыгып кетишти.

* * *

...Гүлнарам башкача бала эле. Мен жумуштан келгенче үй тазаланган, идиш-аяк жуулуу болот. Ал тургай колунан келген жеңил кир-кечени чайкап коёт. Эгер мен жокто үйгө киши келсе, атасы экөөлөп болгон даамын беришип узатып жиберишет. "Кызың чоң кишидей оокат кылат" деп кошуналар айтып калышат. Бөбөктөрүн топойтуп кийинтип, курсактарын тойгузуп, экөөнү колдорунан жетелеп, көчөдөгү балдар менен ойноп келишет. Баладай болуп кызымдын ар кайсыны "алып бер" деген сөзүн уккан жокмун. Сабакты да жакшы окучу...

...1966-жылы төрөлүшкөн Гүлнара менен курбалдаштар 50 жылдык маарекелерин өткөрүп жатышат. Атаганат! Эстебейин дейм... Оозунан эне сүтү кете элек балапаным ай! Эненин балага болгон сүйүүсүнөн күчтүү сүйүү жок тура. Кантейин... Сен тирүү болгонуңда эмдигиче небелерди жыттап, очор-бачар үй-бүлөлү болуп калат элең! Биз

дагы кубанып төрүңдө отурбайт белек. Бир туугандарың жетине алышпай, 50 жылдыгыңды куттуктоого белектерин камдашмак...

* * *

"Ордунда бар оңолот" демекчи кайгылуу күндөрүбүздүн барагы жабылып, 1977-жылы 27-сентябрда Гүлнарага окшош Айзат аттуу сары кыздуу болдук. Айзатым сезимтал, берки балдарыбызга караганда тентегирээк жана эрке болуп чоңоюп келе жатат...

*2016-жыл.*

## Мазмуну

Тагдырдын таасын баяны ............................................ 3
Акылай............................................................................ 4
Темир тулпар минген кыз ............................................ 34
Өмүрү өрнөк курбулар................................................... 67
Журналист айым .......................................................... 82
Тагдырдын таразасы..................................................... 89
Үркүн окуясынан учкай кеп ........................................ 108
Ал күндөрдүн даңкы өчпөйт ........................................ 124
Каргыш........................................................................... 138
Эненин көз жашы ......................................................... 153
Эстебейин дейм... ........................................................ 167

*Адабий-көркөм басылма*

**Калиман Кадыбаева**

**ЭСТЕН КЕТКИС КҮНДӨР**

Редактору *Ж.Кадыров*
Корректору *Ф.Абдалова*
Компьютерге терген *А. Бокошов*
Компьютердик калыпка салган
*Алтынбек Үсөнбек уулу*

Форматы 60x84 1/16.
Көлөмү 11 б.т. Заказ № 59
Нускасы 300 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы 720040. Бишкек шаары,
Ж. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 62-02-13.